# ДАРВИНДИН ТУЮГУ: РУХ
# DARWIN'İN AÇMAZI: RUH

**Харун Яхья – (Аднан Октар)**
**Harun Yahya**

**Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı "Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.**

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

**Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi**
**İbrahim Elmas İş merkezi**
**A Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul**
**Tel: (0 212) 222 00 88**

**Baskı: Kelebek Matbaacılık**
**Litros Yolu No: 4/1A Topkapı-İstanbul**
**Tel: (0 212) 612 43 59**
www.harunyahya.org - www.harunyahya.net

# МАЗМУНУ

Киришүү

Материализм кыйрады, жок болду

Кванттык физикадан соң тышкы дүйнө

Өздүгүбүздүн (эгобуздун) булагы мээ эмес

Дарвиндин туюгу: рух

Убакыт элеси жана тагдыр

Жыйынтык

Эволюция калпы

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин

материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

* Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

* Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

* Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу боюнча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

* Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

* Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

* Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# КИРИШҮҮ

Илимпоздор 20-кылымдын баштарында бир нерсени байкашты: зат биз билгендей эмес эле. Зат катуу эмес эле. Заттын түсү жок эле. Жыт, үн жана сүрөттөлүш бербейт эле. Зат энергия гана эле. Биз отурган кресло, таянган столубуз, ичинде турган үйүбүз, итибиз, маңдайыбыздагы адамдар, имараттар, космос, жылдыздар, кыскасы, бүт заттык дүйнө бир энергия абалы катары гана бар эле. Ошондуктан затка таянган бүт философиялар бул күтүлбөгөн ачылыш аркылуу илимий жактан кыйрады. Илим адам денеси ичинде, бирок денеге тиешесиз, бүт заттык дүйнөнү кабылдаган, бирок өзү заттык эмес бир чындыктын далилин көрсөттү: адам рухунун.

Рухту материалисттик пикирлер менен түшүндүрүү эч мүмкүн эмес эле. Жашоонун ойдон чыгарылган эволюциясына сансыз жомокторду чыгарган дарвинизм рухтун бар экенин көргөндө унчукпай калды. Себеби рух – зат эмес эле. Метафизикалык бир түшүнүк эле. Метафизиканы болсо материалисттер эч кабыл ала алмак эмес. Себеби метафизика алар «кудай» кылып алган аң-сезимсиз окуяларды, кокустуктарды, аң-сезимсиз процесстерди жок кылып, аң-сезимдүү бир жаратуунун, б.а. Аллахтын бар экендигинин далилдерин сунуп жаткан. Ансыз да материалисттердин байыркы гректерден бери рухтун бар экенине каршы күрөшүп келгенинин себеби да ушул эле.

Байыркы гректерден ушул күнгө чейин уланып келген бул күрөштүн эми эч мааниси калбады. Себеби адамды адам кылган, «мен менмин» деген жандык, б.а. рух бар жана ал Аллахка тиешелүү. Илим бүт нерсенин адам рухуна көрсөтүлүп жатканын, бул сүрөттөлүштөрдөн тышкары баарынын реалдуу эмес экенин толук далилдеди. Башкача айтканда, илим жалгыз абсолюттук Заттын Аллах экенин апачык жарыялады.

Илимдин бул далили, шексиз, материалисттик философияны кудай тутунган адамдардын ойун өзгөртүшү үчүн маанилүү. Бирок негизи акылы жана аң-сезими бар ар бир адам жогорку бир рухка ээ экенин билет. Адам, эгер акылы жетсе, сүйүнүп, ойлонуп, чечим алып, сындап, кубанып, толкунданып, сүйүп, боор ооруп, тынчсызданып, бир алманын даамынан ырахат алып, бир музыканы угуудан ырахаттанып, учактарды жасап, бийик имараттарды куруп, лабораторияларды жасап өзүн изилдеп жатканда, булардын баарын өзүнүн руху жасап жатканын түшүнөт.

Руху бар адам максатсыз жаратылган эмес. Бул дүйнөдө жашашынын бир максаты бар. Аллахтын рухун алып жүрүүдө жана бул дүйнөдө сыналууда. Кылган жана ойлогон нерселеринин баарынан жооптуу. Жашоосунда дарвинисттер айткандай бир кокустук, аң-сезимсиз кокус окуялар жана максатсыздык жок. Бүт баары Аллахтын каалоосу менен жаратылган жана булардын баары сыноонун бир бөлүгү. Өлүм менен бүтө турган бул жашоосунда денесин гана таштап кетет. Руху болсо рух жашай турган, чыныгы жашоо акыретте түбөлүк жашайт.

Бул – руху бар экенин билген, Аллахтын кудуретин түшүнө алган ар бир адам үчүн улуу бир кубанычтуу кабар. Бирок дарвинисттер, рух ээси экенин кабыл алмайынча, бул чындыктан мүмкүн болушунча качууну улантышат. Өмүр бою жокко чыгарган Улуу Аллахтын алдына бараарын танышат. Өздөрүн кокустан пайда болгон бир клетка жыйындысы катары көрүшүп, ДНКларды ачкан, атомдун түзүлүшүн изилдеген, клетканы терең изилдеп таң калган адам аң-сезими алдында болсо тайсалдоону улантышат. Адам руху – Дарвиндин жана Дарвин тараптарларынын чоң бир туюгу. Алар ичинен чыга албаган, түшүндүрө албаган, чарасыз калган эң негизги чындык. Аллах аларды затты жок кылуу менен, рухтун бар экенин –алар жокко чыгара албай турган абалда- илимий

далилдеп жеңилүүгө дуушар кылды. Эми алардын бул чындыкка каршы айта турган бүт пикирлери жараксыз жана маанисиз.

Аллах аяттарында мындайча буюрат:

**Аллахты таштап кыямат күнүнө чейин ага жооп бербей турган нерселерге сыйынгандан да адашуучураак барбы? Алар болсо булардын сыйынганынан кабарсыз. Адамдар чогултулганда, (Аллахтан башка сыйынгандары) аларга душман болушат жана (аларга) ибадат кылганын да танышат. (Ахкаф Сүрөсү, 5-6)**

Дарвинисттер менен материалисттер төмөнкү чындыкты көрүшү зарыл: жалгыз чыныгы жана абсолюттук Зат – бул Аллах. Бул чындык алдында бүт батыл (жалган) диндер туюкта. Баары бош алдануулар, калптар. Аллах Улуу Кудурети менен бүт нерселерди курчап турат. Бүт баары Ага тиешелүү, Анын башкаруусунда. Рухтун бар экенин жана бүт нерсенин жаратылганын жокко чыгаруу бул чындыктарды өзгөртпөйт.

Бул китепте материалисттердин чоң жаңылыштыгы, анын илимий далили, бул чындык алдындагы дарвинизм туюгу жана рухтун күмөнсүз бар экендиги каралат. Рух кабылдаган дүйнөнүн бир элес катары гана жаратылганы жана бүт ааламды башкарган жалгыз абсолюттук Заттын жерлердин жана асмандардын Өкүмдары жана Ээси болгон Аллах экени эстетилет. Бул чындыктарды көрүп түшүнгөн акылы төп ар адамдын жашап жаткан дүйнөсүнө болгон көз-карашы өзгөрөт жана жалгыз куткаруучусунун Аллах экенин түшүнөт. Адам чыныгы жашоосу болгон акыретте кутулууга жетүү үчүн ушул түшүнүккө ылайык мамиле кылышы зарыл.

# МАТЕРИАЛИЗМ КЫЙРАДЫ, ЖОК БОЛДУ

## Бир доордун жомогу: материализм

Байыркы грек ойчулдары бүт заттар атом деп аталган майда бөлүкчөлөрдөн турат деп ойлошкон. Ааламды жана бүт жандыктарды, эч кандай көзөмөлсүз, эч кандай аң-сезимдүү бир кийлигишүүсүз, ошол атомдор пайда кылган дешкен. Бул ишеним боюнча, заттын башталышы жана аягы жок эле, жана заттан башка эч нерсе жок эле. Нерселердин түзүлүш жана кыймыл-аракеттеринде табияттан-өйдө окуялардын кийлигишүүсү кабыл алынган эмес. Бүт баары зат абсолюттук нерсе деген ишенимге таянган. Заттын башталышы болбогондуктан, ааламдын да башталышы жок эле жана бул түшүнүк атеизмдин негизин түзгөн. Бүт ааламдын башталышы жок болгон болсо, анда адашкан материалисттик ишеним боюнча, зат менен аалам жаратылган эмес эле.

Материализм боюнча, аалам түбөлүктүү эле жана ошондуктан ааламда бир максат жана атайын жаратуу да жок эле. Ааламдагы бүт тең салмактуулук, гармония жана тартип, материалисттердин ою боюнча, кокустуктардын гана натыйжасы эле. Материализм бүт нерсе аң-сезимсиз атомдордун туш келди чогулушунан пайда болгон жана сырткы дүйнө канчалык кемчиликсиз комплекстүүлүктө, тең салмактуулук жана тартипте болсо да, алардын баары максатсыз кокустуктардын натыйжасында болгон деген көз-караштты жактаган. Материалисттик көз-караш мындай акылга сыйбас пикирге байыркы греция учурунан бери ээ эле.

Материализм «максат» жана «жаратуу» пикирлерин жокко чыгаргандыктан, бир Жаратуучунун бар экенин да жокко чыгарган. Тагыраак айтканда, материализм Аллахтын бар экенин жокко чыгаруу үчүн чыгарылган бир философия эле. Жер бетинде Аллахка болгон ишенимди жокко чыгарган көптөгөн агым, идеология жана пикир системасы материализмди өзүнө негиз туткан. Б.а. атеизмдин эң натыйжалуу дини материализм болгон.

Виржиния университетинен физика профессору Стэнли Соботтка (Stanley Sobottka) материализм адашуучулугун мындайча түшүндүрөт:

Эгер биз буга (материалисттик көз-карашка) ишенсек, ага карап жашасак, өзүбүз да кошо бүт жашообуздун толугу менен физика мыйзамдарына жараша башкарылганын кабыл алууга мажбур болобуз. Анда каалоолорубузга, арзууларыбызга, үмүттөрүбүзгө, ахлактык пикирлерибизге, максаттарыбызга жана тагдырыбызга буйрук берген жалгыз мыйзам – бул физика мыйзамдары. Зат менен энергия биздин биринчи чыныгы максатыбыз, бүт каалоолорубуздун максаты болушу керек. Өзгөчө мунун мааниси, жашообуз, денебиз да кошо, затты алуу максатына таянган болушу, аны көздөшү зарыл же максимум заттык ырахатты, канааттанууну ала алуу үчүн жок дегенде бул материалдык нерселерди жөнгө салуу же өзгөртүү керек. Башка эч кандай максатты көздөбөстөн, бүт энергиябызды ушул багытта жумшашыбыз зарыл. Булардан башка эч альтернативабыз жок, себеби толугу менен физика мыйзамдары менен башкарылуудабыз. Бул ишенимдер же каалоолор тарабынан өзүбүздү тузакка түшкөн сымал сезишибиз мүмкүн, бирок буларды башыбыздан эч чыгара албайбыз. Бизди толугу менен ушул материалисттик система башкарат.

Кыскача айтканда, бул материалисттик философиянын маңызын «мен бир денемин» деп айтууга болот.[1]

Байыркы грецияда материализм боюнча, динчил адамдар илимге каршы эле. Мына ушул себептен материалисттер тарых бою Аллах ишеними менен илим арасында бир келишпестик бар сыяктуу бир көрүнүш берүүгө аракеттеништи. Чынында болсо, илим Аллахтын бар экендигинин далилдерин көрсөтүп жаткан, Аллах ишеними менен күрөшкөн болсо материалисттик көз-караш эле. (Бул албетте дарвинизмди да камтыйт. Дарвинизм менен күрөш, негизи анын материализм менен тыгыз байланышта болгону себептүү.) Материалисттер тарых бою нерселер атом жыйындысынан турат, адам мээси болсо бир клетка тармагы гана деп келишти. Адам акылын түшүндүрө алышкан жок, аны нейрондордун өз ара таасирлери катары түшүндүрүүгө аракет кылышты.

Материалисттер өздөрүн да бир айбан же машина деп айтуудан тартынышкан жок. Өздөрүнүн аң-сезимдүү бир жандык статусунда экенин жокко чыгарышты. Бизди кокустуктар жаратты (пайда кылды) дешти. Бирок бул чоң бир алдануу жана Аллахты жокко чыгаруу үчүн чыгарылган чоң бир жалган эле.

Заттын абсолюттук чындык экенине ишенген бул адамдар негизи Делавэр университети Бартол изилдөө институтунан элементардык бөлүкчөлөрдүн кванттык физиги Стивен М. Барр (Stephen M. Barr) айткандай, илгерки бутпарастардан (идолго сыйынуучулардан) дээрлик айырмасыз эле. Материалисттер адамды илгерки бутпарастар сыяктуу адамдан төмөн жандыктар катары көрсөтүшкөн. Бутпарастар муну затты «кудайлаштыруу» аркылуу жасашса; материалисттер болсо муну рухту жокко чыгарып, бүт баарын затка түшүрүү менен жасашты. Бутпарастар кыймылдар орбиталар жана жылдыздар тарабынан башкарылат дешкен; материалисттер болсо биз мээлерибиздеги электрондордун орбиталары тарабынан башкарылабыз дешкен. Бутпарастар ибадат кылуу үчүн айбандардын алдында жүгүнүшкөн; материалисттер болсо биз айбандан айырмасызбыз дешти.[2]

Орегон университети Теориялык илимдер институтунун физика профессору Амит Госвами (Amit Goswami) материализм адамдарга сиңирүүнү көздөгөн түпкү логиканы мындайча түшүндүрөт:

Биз бир машина экенибизге ишенүүгө шартталдык. Бул боюнча, бүт кыймылдарыбыз кабылдаган сигналдарыбыз жана өтмүштөгү шарттар тарабынан башкарылууда. Сүргүндөр сыяктуу, эч бир милдетибиз же эч бир тандообуз жок.[3]

Чынында болсо, адамды Аллах жараткан. Адам максатсыз жана жоопкерчиликсиз бир жандык эмес, материалисттердин тескерисинче аң-сезимсиз бир машина эмес. Адам Аллахтын алдында жоопкерчиликтүү бир жандык жана бүт кылгандарынан акыретте суракка алынат.

Адамдарды бул чындыктан алыстатууга аракеттенген материалисттик логика байыркы грециядан бери тарыхтын бүт доорлорунда ушул эле түшүнүк менен тарых сахнасынан орун алышкан. Бирок бул ишеним 19-кылымда чындап жайылып, тамырлаган бир пикир системасына айланды. 19-кылымда классикалык физиктердин көпчүлүгү заттын негизги элементтери бильярд топтору сыяктуу, жансыз, бөлүнбөгөн атомдордон турат жана ааламдагы кемчиликсиз тартип менен комплекстүүлүктүн булагы атомдордун туш келди кыймылдарынын бир натыйжасы деп ойлошкон. Алардын ою боюнча, жер бетиндеги жашоо да кошо, бүт нерсе аң-сезимсиз бир процесстер менен кокустан пайда болгон. Атомдор аң-сезимсиз биримдиктер курушкан жана учурда биз көрүп жаткан кемчиликсиз өзгөчөлүктөрү менен дүйнөнү, ал тургай, акылы жана аң-сезими бар бизди пайда кылышкан. Материалисттер бул пикирлерди чыгаруу менен адамдын бир Жаратуучу тарабынан

жаратылбаганын жана заттык бир нерсе гана экенин адамдардын аң-сезимине сиңирүүнү каалашкан. Бирок адамдын кемчиликсиз система жана механизмдер менен, кереметтүү бир акыл күчү менен жаратылганы апачык чындык. Жер бетинде материалисттер айткандай аң-сезимсиз жана акылсыз окуялар, мунун натыйжасында пайда болгон аң-сезимсиз түзүлүш жана системалар жок. Бүт нерсе кээде адамдын акылы жетпей тургандай комплекстүүлүк жана артыкчылыктарды көрсөтөт, жана бул детальдар эч кандай кокус кийлигишүүгө орун бербей турганчалык даражада кемчиликсиз. Жер бети кереметтүү жаратуу далилдерин көрсөтө турган сыпатта.

Ушул чындыктарга карабастан, материалисттер аң-сезимсиз атомдор бүт нерсенин негизи деген пикирде көшөрүштү. Материалисттердин ою боюнча, бүт нерсенин себеби болгон атом кандай нерсе?

Атом бир жагынан караганда бир боштук жана бул чынында туура. Муну мындайча түшүндүрсөк болот: нейтрон менен протондордон турган атом ядросун 1 мм диаметрлүү бир ийненин учундай чоңдукта деп элестетсек; ядронун айланасында айланган электрон бул ядродон толук 100 метр алыста бир жерде болот.[4]

Ядро менен электрондор арасындагы бул чоң аралык ичинде болсо боштук гана бар. Эч нерсе, эч зат жок бул 100 метрлик боштук чыныгы мааниде бир «боштук». Мына ушул себептен адистердин атомду бир боштук катары кабыл алышы бир жагынан туура. Англиялык физик Сэр Артур Эддингтон (Sir Arthur Eddington) айткандай, «зат көбүнчө элес сыяктуу бош жерден турат.»[5]

Тагыраак айтканда, атомдун 99,9999999%ында эч нерсе жок.

Калифорния университетинен элементардык бөлүкчөлөр физиги Фред Алан Вольф (Fred Alan Wolf) атом жөнүндөгү бул чындыкты мындайча түшүндүргөн:

... биз жашаган планетадагы жашоонун, ааламдын канчалык бош экенин ойлогонубузда, бир сюрприз экенин түшүнө алабыз. Негизи ааламдын 99%ынан көбү эч нерсе! Ааламдын тынчсыздандыра турганчалык ылдамдыкта кеңейип бараткандын эске алсак, мурда эч болбогондой көп боштук пайда болот! Буга мындайча кароо бизде таң калыштуу бир урматты пайда кылат, атом-асты (субатомдук) бөлүкчөлөрдүн микродүйнөсүн эске алганыбызда, абал андан да жаман болот. Мындайча айтканда, эч нерсе жок.[6]

20-кылымдын баштарында бүт нерсенин эң кичине бөлүгү деп кабыл алынган атомдун ичинде ири бир боштук бар экени, бул боштуктун ичинде болсо бир ядро жана анын айланасында айланган электрондор бар экенин белгилүү эле. Заттын да, атомдун да, анын ичиндеги негизги бөлүкчөлөрдүн да функциялары жалпысынан гана түшүнүлгөн эле. Атом ядросунда, $10^{-18}$ метрлик бир жерде, б.а. сантиметрдин миллиондон биринин, миллиондон биринин, миллиондон биринчелик бир жерде эмне бар эле? Илимпоздор муну билишчү эмес.

1960-жылдары илимде абдан маанилүү бир ачылыш болду. Протондун ичинде «кварк» деп аталган бөлүкчөлөр бар экени аныкталды. Бул укмуш кичинекей бөлүкчөлөр протондун оң заряддуу жана нейтрондун зарядсыз болушу себебинен. Кийинчерээк жасалган изилдөөлөр натыйжасында атомдун 0,0000001'ин түзгөн көлөмдүн ичинде укмуштуу бир дүйнө бар экени аныкталды.

Материалисттер атомдун терең ичине кирген сайын жана заттын эң кичинекей курулуш материалынын укмуштуу детальдарын көргөн сайын, бул жөнүндөгү теорияларын өзгөртүү менен чара табууну көздөштү. Бүт ааламдын аң-сезимсиз (пландсыз), туш келди пайда болушу үчүн атомдордун эле эмес, атомдун ичиндеги дүйнөнүн, б.а. субатомдук бөлүкчөлөрдүн бөлүкчө

кыймылдарынын да кандайча пайда болгонун түшүндүрүшү керек эле. Зат гана бар деген пикир материалисттик көз-караштагы ордун сактап кала берди. Кванттык физика ачылганга чейин...

## Материализмди илимий жок кылган ачылыш: кванттык физика

Физикалык дүйнөнүн жасалуу формасы рухтун бар экенине ишарат кылууга жетиштүү. Мен рухту тапкан жерлер кванттык механиканын иштеши же кванттык физика деп айта алабыз, булар физикалык дүйнөнүн артында рух менен байланыштуу бир негиз бар болушу мүмкүн экенин көрсөтүүдө.[7] (Калифорния университетинен таанымал элементардык бөлүкчөлөр физиги Фред Алан Вольф)

Исаак Ньютондун ою боюнча, жарык «corppuscule (корпускула)» деп аталган бир зат агымы эле. Бүтүндөй бөлүкчөлөрдөн турат эле. Б.а. кванттык физика ачылганга чейин кабыл алынган салттык Ньютон физикасынын негизи «жарык бир бөлүкчө жыйындысы» дегенге таянып келди. 19-кылым физиктеринен Джеймс Клерк Максвелл (James Clerk Maxwell) болсо жарыктын толкун кыймылын көрсөтөөрүн айткан. Кванттык теория физиканын бул эң чоң талашын жараштырды.

1905-жылы Альберт Эйнштейн жарык кванттарга, б.а. энергия пакетчелерине ээ деген пикирин айтып чыкты. Бул энергия пакетчелери фотон деп аталган. Бөлүкчө деп аталса да, фотондор, 1860-жылдары Джеймс Клерк Максвелл айткандай, толкун кыймылына барабар абалда байкалып жаткан. Ошондуктан жарык толкун менен бөлүкчө арасында бир өтүш сыяктуу эле.[8] Бирок бул Ньютон физикасы жагынан абдан парадокстуу көрүнүш эле.

Эйнштейнден кийин немец физик Макс Планк (Max Planck) жарык жөнүндө изилдөөлөрдү жасап, жарыктын толкун абалында да, бөлүкчө абалында да болоорун айтты жана бүт илим дүйнөсүн таң калтырды. *Кванттык теория* деген ат менен чыгарган бул теория боюнча, энергия түз жана үзгүлтүксүз эмес, кесик, үзүк жана чекиттик пакетчелер абалында жайылат эле. (Квант сөзү латын тилинде «сан», физикада болсо «бөлүкчө» маанисине келет.) Бул пикир Планк туруктуусу катары математикага кирди. Квант кубулушунда жарык зат касиетин да, толкун касиетин да көрсөтөт. Фотон деп аталган затты космосто толкун да жандап жүрөт. Б.а. жарык космосто баратканда толкун сыяктуу, алдынан тоскоолдук чыкканда болсо активдүү бир бөлүкчө сыяктуу кыймылдайт. Башкача айтканда, жарык алдынан бир тоскоолдук чыкканга чейин бир энергия абалына келип, бир тоскоолдукка туш болгондо болсо заттык бир касиети бар сыяктуу кум дааналары сымал бөлүкчөлөр абалына келишет. Бул теория Планктан соң Альберт Эйнштейн, Нильс Бор, Луи де Бройль, Шредингер Эрвин, Вернер Гейзенберг, Поль Дирак жана Вольфганг Паули сыяктуу илимпоздор тарабынан иштеп чыгылды. Булардын баары бул чоң ачылыш үчүн Нобель сыйлыгын алышты.

Амит Госвами жарыктын бул жаңы ачылган касиети жөнүндө мындай деген:

Жарык толкун катары көрүлө турган учурларда бир эле убакта эки же андан көп жерде болуу жөндөмүнө ээ болот. Бир кол чатырдын тешиктеринен өтөт жана таралуу касиетин көрсөтөт. Бирок жарыкты бир фотопленкада кармаганыбызда, бөлүкчөлөр сыяктуу аралыктуу жана чекит чекит бир өзгөчөлүк көрсөтөт. Демек, жарык бөлүкчө да, толкун да болушу керек. Парадокс, туурабы? Сөз эски физиканын калканычтарынын бири жөнүндө: бирден көп жоромолго орун жок, так бир түшүндүрмө. Сөз ошондой эле объективдүүлүк түшүнүгү жөнүндө болууда: жарыктын табияты, б.а. жарыктын эмне экени ага кандайча байкоо жүргүзгөнүбүздөн көз-карандыбы?[9]

Илимпоздор эми заттын жансыз, көр жана түшүнүксүз бөлүкчөлөр экенине ишенбей калышты. Башкача айтканда, кванттык физика материалисттик бир мааниге ээ эмес эле. Себеби заттын маңызында заттык эмес бир нерселер бар эле. Эйнштейн, Филипп Ленард жана Комптон жарыктын бөлүкчө түзүлүшүн изилдеп жатканда, Луи де Бройль болсо толкундардын түзүлүшүн изилдеп баштаган. Бройльдин ачылышы укмуштуу эле. Жасаган изилдөөлөрү натыйжасында субатомдук бөлүкчөлөрдүн да толкун касиеттери көрсөтөөрүн байкаган. Электрон, протон сыяктуу бөлүкчөлөрдү да толкун узундугу коштоп жүргөн. Б.а. материализм абсолюттук зат деп аныктама берген атомдун ичинде, материалисттердин ишениминин тескерисинче, зат эмес, негизи бар болбогон энергия толкундары бар эле. Атомдун ичиндеги бул кичинекей бөлүкчөлөр, жарык сыяктуу, каалаганда толкун сыяктуу кыймылдап, каалаганда болсо бөлүкчө касиетин көрсөтүп жатышкан. Б.а. материалисттик жоромол боюнча атомдун ичинде «абсолюттук абалда бар болгон зат», материалисттердин күтүүлөрүнүн тескерисинче, кээде көрүнүп, кээде жок болуп жаткан. Бул маанилүү ачылыш биз чыныгы дүйнө деп ойлогон сүрөттөлүштөрдүн «көлөкө нерселер» экенин, заттын физикадан бүтүндөй алыстаганын жана метафизикага багыт алганын көрсөткөн.[10]

Физик Ричард Фейнман (Richard Feynman) субатомдук бөлүкчөлөр жана жарык менен байланыштуу бул чындыкты мындайча түшүндүргөн:

«Электрондор менен жарыктын кандайча кыймылдаарын эми билебиз. Кандай кыймылдайт дейсизби? Бөлүкчө сыяктуу кыймылдайт десем туура эмес түшүнүккө жол ачкан болом. Толкун сыяктуу кыймылдайт десем да ошондой. Алар өздөрүнө тиешелүү, өзгөчө абалда кыймылдашат. Илимде муну «кванттык-механикалык кыймыл» деп атоого болот. Бул мурда биз көргөн эч нерсеге окшобогон бир кыймыл түрү... Бир атом бир жаанын учуна асылып термелген бир салмактуу нерседей кыймылдабайт. Борборду орогон бир булут же туман катмарына да көп окшобойт. Биз мурда көргөн эч нерсеге окшобогон абалда кыймылдайт. Жок дегенде мындай жөнөкөйлөтсө болот: электрондор кандайдыр мааниде фотондор сыяктуу кыймылдашат; экөөсү тең бирдей «ажайып». Кандай кыймылдаганын түшүнүү кыялдануу күчүн талап кылат; себеби сиз түшүнө турган нерсе билгендериңиздин баарынан айырмалуу... Мунун эмне үчүн мындай экенин эч ким билбейт.»[11]

Булардын баарын жыйынтыктасак, кванттык механиктер заттык дүйнөнүн бир иллюзия экенин айтышкан.[12] Макс Планк Физика институтунун (Max Planck Institude of Physics) башчысы проф. Ханс Петер Дюрр (Hans-Peter Dürr) муну мындайча жыйынтыктаган:

Зат эмне болсо да, заттан жасалган эмес.[13]

1920-жылдары эң атактуу физиктер Поль Дирактан Нильс Борго, Альберт Эйнштейнден Вернер Гейзенбергге чейин баары кванттык эксперименттердин жыйынтыктарын чыгаруу үчүн алектенди. Аягында 1927-жылы Брюссельдеги бешинчи Сольвей физика конгрессинде бир физиктер тобу –Бор, Макс Борн, Поль Дирак, Вернер Гейзенберг жана Вольфганг Паули- Кванттык механиканын Копенгаген жоромолу деп аталган жалпы пикирге келишкен. Бул ат топтун лидерлигиндеги Бор иштеген жер эле. Бор кванттык теория айткан физикалык чындыктын бир системага тиешелүү биз ээ болгон маалымат экенин жана бул маалыматка таянып чыгарган божомолдорубуз экенин айткан. Анын ою боюнча, биздин мээбиздеги бул «божомолдор» «сырттагы» чындык менен байланышсыз эле. Б.а. «ичибиздеги дүйнө» Аристотельден бери физиктер кызыгып келген негизги тема болгон «сырттагы чыныгы» дүйнө менен байланышта эмес эле. Физиктер бул көз-караш менен байланыштуу эски пикирлерин ташташып, кванттык түшүнүктүн физикалык системада «биздин маалыматыбызды» гана чагылдыраары жөнүндө жалпы

пикирге келишкен.[14] Башкача айтканда, биз кабылдаган материалдык дүйнө биздин мээбиздеги маалыматтар менен гана бар болот эле. Б.а. сырттагы заттын өзүн эч качан көрүп, сезе албайбыз.

Джеффри М. Шварц Копенгаген жоромолунан чыккан жыйынтыкты мындайча сүрөттөгөн:

Физик Джон Арчибальд Уилер айткандай: «Эч бир окуя байкоо жасалмайынча, бир окуя эмес.»[15]

Кыскасы, кванттык механиканын бүт салттык жоромолу бир «кабылдоочунун» бар экени жөнүндө эле.[16]

Амит Госвами бул чындык жөнүндөй мындай деген:

Мындай суроо узаттык дейли: жогору карабасак да, ай дагы эле ордунда турабы? Ай түпкүрүндө бир кванттык объект болгондуктан (бүтүндөй кванттык объекттерден тургандыктан), физик Дэвид Мермин да айткандай, жок деп жооп беришибиз керек.

Бар болгон нерселердин заттык дүйнөсү байкоочулар түзгөн нерселерден көз-карандысыз деген күмөн, балким, эң негизги жана бала кезибизде аң-сезимибизге сиңген эң тымызын күмөн болуш керек. Бул күмөнгө кыйыр далилдер бар. Мисалы, биз айды караганыбызда, анын эсептелген орбитасында турат деп күткөн жерден көрөбүз. Натыйжада биз аны карабасак да, убакыт-мейкиндик түшүнүгү ичинде ай сөзсүз ал жерде бар деп ойлойбуз. Кванттык физика болсо бул мындай эмес дейт. Биз айды карабаганыбызда, абдан кичине санда болсо да, айдын ыктымал толкундары таркайт. Биз аны караганыбызда, толкун ошол замат өчөт жана толкун эми убакыт мейкиндик түшүнүгү ичинде болбой калат. Идеалисттик бир метафизикалык гипотезаны айтуу түшүнүктүүрөөк болот: эгер аны караган аң-сезимдүү бир адам жок болсо, убакыт мейкиндик түшүнүгү ичинде бир дагы нерсе (объект) жок.[17]

Бул албетте биздин кабылдоо дүйнөбүзгө тиешелүү. Албетте, сырткы дүйнөдө айдын бар экени анык. Бирок биз караганда, айдын өзүбүздүн кабылдоо дүйнөбүздөгү көрүнүшүн гана көрөбүз.

Калифорния университетинен невролог жана психиатрия профессору Джеффри М. Шварц болсо кванттык физика көрсөткөн бул чындык жөнүндө *The Mind and The Brain* (Акыл (аң-сезим) жана мээ) китебинде мындай дейт:

Кванттык физикадагы байкоо анык айтыла албоодо. Классикалык физикада (Ньютон физикасы) байкалган системалар аны байкаган жана изилдеген бир аң-сезимдин болушунан көз-карандысыз, өзүнчө бар. Бирок кванттык физикада байкоо натыйжасында гана физикалык бир чоңдуктун чыныгы бир мааниси болот.[18]

Джеффри М. Шварц кээ бир физиктердин бул жөнүндөгү жоромолдорун кыскача минтип жыйынтыктаган:

Яков Броновски (Jacob Bronowski) "The Ascent of Man" аттуу китебинде айткандай: «физика илимдеринин бир максаты заттык дүйнөнүн толук бир көрүнүшүн берүү эле. 20-кылымда физикадагы эң чоң ийгиликтердин бири болсо бул максатка жетүүнүн мүмкүн эмес экенин далилдөө болду.»[20]

Гейзенбергдин ою боюнча болсо, объективдүү чындык «буу болуп учуп кетти». 1958-жылы мындайча моюнга алган: «кванттык теорияда математикалык жактан формулага салынган табият мыйзамдары эми түздөн-түз бөлүкчөлөр менен байланыштуу эмес, бөлүкчөлөр жөнүндөгү маалыматыбызга байланыштуу.»

Бор болсо «физиканын милдети табияттын кандай экенин таба алуу деп ойлоо туура эмес. Физика табият жөнүндө биздин эмне айтаарыбыз менен байланыштуу.» деген.[19]

"What the Bleep Do We Know" (Биз эмне билебиз?) даректүү тасмадагы конок физиктерден Фред Алан Вольф болсо бул чындыкты мындайча түшүндүргөн:

Заттарды түзгөндөр көбүрөөк заттар эмес. Заттарды түзгөндөр – пикирлер, түшүнүктөр жана маалымат.[20]

80 жылга созулган адам мээси аткара алган эң кызыктуу жана кылдат эксперименттерден соң анык жана илимий далилденген кванттык физикага карама-каршы бир дагы көз-караш жок. Жасалган эксперименттер берген жыйынтыктарга сунуштала турган бир карама-каршы көз-караш да жок. Кванттык теорияга жүздөгөн тараптан мүмкүн болгон ар кандай эксперимент жасалып, илимпоздор чыгарган ар кандай тесттен (текшерүүдөн) өткөн.[21] Сансыз илимпозго Нобель сыйлыгын алып берди жана дагы эле алып берүүдө. Шартсыз жалгыз чындык катары кабыл алынган Ньютон физикасы алып келген эң негизги түшүнүктү, абсолюттук зат түшүнүгүн жок кылды. Мурдакы физиканын колдоочулары, «зат – жалгыз жана чыныгы нерсе» деп ишенген материалисттер кванттык физика алып келген «затсыздык» чындыгы алдында чындап тайсалдап калышкан. Эми алар бүт физика мыйзамдарын метафизика ичинен издөөгө мажбур. Бул чоң шок 20-кылымдын баштарында материалисттерди, азыр бул саптар менен сүрөттөгөн мүмкүн эмес даражада, чоң бир шок кылды. Кванттык физик Брайс Девитт (Bryce Dewitt) жана Нейл Грэм (Neill Graham) бул абалды мындайча сүрөттөшөт:

Заманбап илимдин эч бир ачылышы адам аң-сезимине кванттык теориянын пайда болушунан тереңирээк бир таасир жасаган жок. Кылымдар бою пайда болгон ой-пикир калыптарынан запкы чеккен мурдакы муундун физиктери жаңы бир метафизиканы кучактоого мажбур болушту. Бул жаңы багыт себеп болгон азап бүгүнкү күнгө чейин уланды. Негизинен физиктер олуттуу бир жоготууга туш болушту: чындыкка болгон жакындыгы.[22]

## Электрондордун толкун касиети жана илимий далили

Субатомдук бөлүкчөлөрдүн бул кызыктуу касиетин көрсөткөн эң негизги эксперимент – бул жуп тешик эксперименти. Бул эксперимент жарык менен электрондун толкун сыяктуу кыймылдаарын, экөөсүнүн тең бирдей кызыктай касиетке ээ экенин көрүү үчүн жасалган. Бул жерде муну жакшыраак түшүнүү үчүн эксперимент электрондун ордуна кумдар менен жасалган деп кабыл алынган.

Чоң бир бөлүкчө булагын, мисалы бир кум үйлөгүчтү бир дубалдын алдына койолу. Бетинде эки тешик болсун. Дубалдын экинчи тарабында болсо бул эки тешик ичинен өткөн бөлүкчөлөрдү караган бир экран болсун. Бөлүкчөлөр булактан чыгып, тешиктен өтүп, экранды сүзүшөт. Көптөгөн бөлүкчөнүн тешиктердин ичинен өтүп, экранды сүзүшүн карап турган соң, экран бетинде эки топ абалында чекиттер пайда болгонун көрөбүз. Биринчи топ биринчи тешиктен келген бөлүкчөлөр: экинчи топ болсо экинчи тешиктен келгендер. Окуя биз күткөндөй болгон.

Эки экспериментти башкача жасап көрдүк дейли. Бул эксперимент чөйрөсүн белгилүү бир зат менен толтуралы, мисалы суу. Кумдардын ордуна бир толкун шайманын колдонолу. Бул шайман ал жерди кыймылдатсын жана тынымсыз бүт тарапты көздөй суу толкундарын пайда кылсын. Толкундар бөлүкчөлөр сыяктуу белгилүү бир аймак менен чектелбейт. Чөйрөнүн бүт тарабынан таркашы мүмкүн. Натыйжада бир эле учурда эки тешиктен тең өткөн толкундар бир жерде таркап,

бир-бирине кезигип, бир-биринин кыймылына тоскоол болушат. Бир толкундун башы башкага кезиккенде бир-биринин таасирин жок кылышат. Толкун таасири жоголот жана суу бетинде бир тегиздик калат. Мындай тоскоол болуу – толкундардын эң негизги касиети.

Эксперимент электрондорго жасалганда, кумдардагы сыяктуу көп сандагы атом тобунун экранды сүзүшү ордуна, электрондордун бир-бирине тоскоол болгону байкалган. Башкача айтканда, бөлүкчө катары кабыл алынган электрондор күтүлгөндөй болгон эмес. Ошондуктан, электрондор тоскоол болуу касиетинен улам толкун касиетине ээ, бөлүкчө эмес. Бирок электрондор толкун да боло алышпайт, себеби бөлүкчөлөр сыяктуу, экранды үзгүлтүктүү топтор абалында сүзүшкөн. Натыйжада байкоо электрондордун булактан чыкканда жана экранга жеткенде бөлүкчө, ал эми анын арасындагы бүт жерде толкун экенин көрсөткөн. Бул чынында абдан кызыктай көрүнүш.[23]

Бул эксперименттик далил материализмди жок кылган. Материализм боюнча, ар бөлүкчө сөзсүз космосто белгилүү бир жерде зат абалында бар. Ошондой эле материализм боюнча, бир электрон бир аралык боюу бир каттамда жүрүшү керек жана багыты белгисиз толкун сыяктуу эки аралык арасында кыймылдабашы керек. Бирок жыйынтык материалисттер күткөндөй болгон жок.

Бул жерде айтылган толкун сууда пайда болгон толкун сыяктуу физикалык мааниге ээ эмес. Бул жердеги толкун – электрон толкундары. Бул толкундар биздин физикалык дүйнөбүздөгү үч өлчөмдүү чөйрөдө эмес.

Бул толкун түшүнүгүн таанымал физик Фред Алан Вольф мындайча сүрөттөйт:

Кванттык физиктер бир кубулуштун ыктымалдыгын аныктаганда, бир сан эсептешет. Бул сан *кванттык толкун функциялары* деп аталган эки математикалык функциянын көбөйтүндүсүнөн келип чыгат... Бул толкун функциялары убакыт жана мейкиндик ичинде кыймылдаган чыныгы бир толкундар сыяктуу кабыл алынышат. Бирок негизи булар чыныгы толкун эмес, толугу менен элес. Булар магниттик талаа же жердин тартылуу талаасы сыяктуу бир аймак эмес. Аларды өлчөөгө болбойт. Массасы же энергиясы жок. Булар биздин аң-сезимибизде жана кыялыбызда гана бар. Б.а. биз байкаган чыныгы заттык нерселер сыяктуу заты жок...

Убакыт шакектерин башкарган динамика мыйзамдары бизге тиешелүү бир окуяны пайда кылат. Б.а. бир убакыт шакеги пайда кылынганда, билип же билбестен «сыртта» катары башыбыздан өткөргөн дүйнө биздин аң-сезимибизде жана заттык чогуу көрүп жатабыз деп ишенген реалдуулукта пайда болот.[24]

Фред Алан Вольфтун ою боюнча, электрондор менен байланыштуу анык жана илимий чындык – бул аны биз билген физикалык же математикалык түшүнүктөр ичинде түшүнүү мүмкүн эместиги. Бирок биз ансыз да сырттагы реалдуулукту эч качан көрүп, биле албайбыз. Кабылдоолорубуздан (сезүү органдарыбыздан) ары өтүп, сырткы дүйнөнүн өзүнө эч жете албайбыз.

Жуп тешик экспериментин бүт субатомдук бөлүкчөлөргө жасоого болот. Бирок жыйынтык өзгөрбөйт. Себеби кванттык механика бүт ааламга тараган. Миллиондогон атом биригип чоң бир нерсени же бир адамды пайда кылганда, сөз болгон «тоскоол болуу таасирин» байкоо ыктымалдыгы төмөндөйт. Бирок бул кванттык механика эми жараксыз деген мааниге келбейт. Болгону бул процесс эми байкалбай калат. Ошондуктан бул чындык бүт затка тиешелүү. Вашингтон университетинен математик Томас МакФарлейндин (Thomas McFarlane) ою боюнча, кванттык механикада күнүмдүк жашообузда биз көргөн чоң нерселер да чынында зат катары бар болгон нерселер эмес. Фарлейндин ою боюнча, зат катары бар болгон дүйнө көрүнүшү болгону бир иллюзия.[25]

Кванттык механиктер илимий далилдеген нерсе – бул заттык дүйнөнүн тыгыздаштырылган бир толкун абалында бар экени. Кванттык механиктердин оюу боюнча, адамды жаңылткан эң чоң көйгөй болсо – биздин кабылдоолорубузда бар болгон дүйнөдө абдан реалдуу сезилген детальдар, тактык жана тунуктук. Чынында болсо сырттагы дүйнө бизге эч качан жетпейт. Биз сырттагы реалдуулукту, сырттагы зат дүйнөсүнүн өзүн эч качан көрө албайбыз. Биздин аң-сезимибизде (мээбизде) пайда болгон бир дүйнө бар жана биздин кабылдоолорубуз аркылуу пайда болсо да, бул дүйнө абдан тунук, даана болууда. Күнүмдүк жашообуз сырттагы реалдуулукка абдан карама-каршы бир көрүнүш берүүдө. Бул жерде мындай суроо пайда болот: физикалык чындыктардыбы же бизге туура жана тунук көрүнгөндөрдүбү туура катары кабыл алышыбыз керек? Томас МакФарлейн бул суроого бир салыштыруу жасоо менен жооп берүүгө болот дейт.

МакФарлейн айткандай, бүгүнкү илимпоздор бул жоопту табуу үчүн мындан 300 жыл мурдага барып, «жер түз» деп ишенген адамдарга жолукту деп элестетсек болот. Илимпоздор алардын катасын оңдоо үчүн аларга сылыктык менен «туура эмес ойлоп жатасыңар, жер негизи тоголок» дешет. Алар болсо илимпоздордон эмне үчүн мындай акылсыз пикирге келдиңер деп сурашат. Илимпоздор болсо аларга ошол доордун шарттары жана маалыматы менен өз гипотезаларын далилдей турган бир дагы далил келтире алышпайт. Бирок алар азыркы адамдарга бүт эксперименттерине таянып жана аны менен байланыштуу далилдерди келтирип жердин түз экенин өз ойлорунда түшүндүрүшөт. Ал тургай, жер бетин ченөө жана жол карталарын жасоо үчүн планета геометриясы түшүнүгүн колдонушат жана күнүмдүк жашоосунда буга карама-каршы эч нерсе табышпайт. Ошол сыяктуу кең бир талааны же деңизди караганда эч кандай кыйшайуу көрүнбөйт дешет жана жердин тоголок экенин далилдей турган бир дагы далил жок дешет. Натыйжада «жер тоголок» деген пикир бир калп сыяктуу болуп калат. Илимпоздор эч нерсени далилдей албай, убакыт машинасына түшүп, азыркы заманга кайтышат.[26]

МакФарлейндин оюу боюнча, досторубузду жердин тоголок экенине ынандыра албашыбыздын себеби – албетте, дүйнөгө салыштырмалуу абдан кичинекей болушубуз. Экспериментибиз географиялык жактан кичинекей бир аймак менен чектелгендиктен, жер, чынында андай болбосо да, түз (тегиз) сымал көрүнүүдө. Башкача айтканда, жердин көрүнгөн түздүгү негизи чыныгы бир түздүк эмес, себеби жер түз эмес. Бирок бул жер чоң болгондуктан жаңылтуучу бир түздүк. Жердин тоголок экенин далилдөө үчүн күнүмдүк тажрыйбабыздан ары чыгышыбыз керек. Мисалы, бир учак менен жерди айланып учушубуз мүмкүн же бир космос кемеси менен космоско чыгышыбыз мүмкүн. Бирок күнүмдүк тажрыйбабыз менен чектелгенибизде, түздүктүн бир иллюзия экени жөнүндө бир дагы далилибиз жок. Ошол сыяктуу, жердин түз экенине ишенбөө үчүн бир себеп да жок. МакФарлейн бул мисалды берген соң сөзүн мындайча улантат:

Эгер адамдар өтмүштө чындык жөнүндө мынчалык алданышкан болсо, биз азыр алданбай жатканыбызды кантип биле алабыз? Көрүнүп тургандай, биздин учурдагы чыныгы көз-карашыбыздын күнүмдүк тажрыйбаларыбызга туура келиши аларды чындыкка айлантпайт. Биздин тажрыйбабыздын бир чеги болгондуктан, балким заттык дүйнө пикирибиз чындап бир иллюзиядыр. «Жер түз» деген пикирдин бир иллюзия болушу сыяктуу.[27]

## Зат абсолюттук нерсе деген пикир материализм менен бирге жок болду

Кванттык механика бизге көрсөткөн жыйынтык мындай: зат материалисттер айткандай абсолюттук жана түбөлүктүү эмес. Заттын башы жана аягы жок эмес болгон сыяктуу эле, айланабызда көзгө көрүнгөн нерселер да атом жыйындылары гана эмес. Кванттык физика боюнча зат материалисттер эч ойлобогон чоңдуктар ичинде сыпатын өзгөртүп, заттын маңызынын бир энергия формасы экени илимий далилденди. Материализм кванттык физика көрсөткөн чындыктар натыйжасында илимий жактан анык кыйрады.

Пол Дэвис жана Джон Гриббин жаңы физиканын материализмди бүтүндөй жок кылганын мындайча айтышат:

Материализмге өмүр берген илим болгон физиканын ошол эле учурда материализмдин өлүмү үчүн бир сигнал экенин айтуу туура болот. 20-кылым бою жаңы физика бир катар таң калыштуу өнүгүүлөр менен материалисттик доктринанын негиздерин жок кылды. Алгач Ньютондун мейкиндик жана убакыт жөнүндөгү божомолдорун жок кылган салыштырмалуулук теориясы келди... жана кийинчерээк кванттык теория келди жана биздин зат көрүнүшүбүздү бүтүндөй өзгөрттү.[28]

Физик Фред Алан Вольф болсо материализмди эми илимпоздордун да таштаганын мындайча кабар берет:

Көп илимпоздор да кошо көпчүлүгүбүз жаңы объективдүү материализмди кабыл албайбыз. Жүрөгүбүздүн тереңинде, бизден мурдакы алхимиктер сыяктуу, бүт ааламдан жоопту нерсенин материализмден бир топ бай бир нерсе экенине ишенебиз.[29]

Материализмдин кыйрашы эмне жыйынтыкка алып келет? Адамдардын көпчүлүгүн жаңылткан, алардын Аллахтын бар экенине ишенүүсүнө тоскоол болгон эң чоң себептердин бири – бул алардын зат абсолюттук нерсе деген күчтүү ишеними. Сырткы дүйнөнү кабылдоолорунун жыйындысы катары кабыл алуунун ордуна, көргөн нерселеринин баарынын абсолюттук реалдуусун көрүп жаткандай мамиледе болушат. Материализм сунган заттын бар болушундагы максатсыздыкты өздөрүнө да тууралашат жана дүйнөдөгү жашообуздун максаты жок деп ойлошот. Аллахтын бар экендигинин далилдерин көрө алышпайт жана ишенүү үчүн Аллахтын да (Аллахты аруулайбыз) заттык бир нерсе катары аларга көрүнүшүн күтүшөт. Нерселердин, жандыктардын жаратылбаганына ишенишет жана ошондуктан бир Жаратуучунун бар экенин эч кабыл алгылары келбейт.

Материализм шылтоосуна жамынуунун түпкү максаты – негизи Аллахтын абсолюттук Затын жана Аллахтын жаратышын жокко чыгарууга аракет кылуу. Материализмдин кыйрашы бул шылтоону толук жок кылып, Аллахтын абсолюттук бар экенин бүт далилдери менен көрсөттү.

Делавэр университети Бартол изилдөө институтунун элементардык бөлүкчөлөр физиги Стивен М. Барр бул чындыкты мындайча баяндайт:

Илим бизди ушундай бир укмуштуу окуянын ичине түрттү. Курал-жарактар менен эмес; телескоптор менен жана бөлүкчө ылдамдаткычтар менен жабдылган жана терең математиканын ишараттары жана символдору менен сүйлөгөн илим бизге такыр башка жээктерди жана бизге абдан жат болгон фантастикалуу жерлерди алып келди. Биз ааламды изилдөөнү уланткан сайын сапардын аягына келгенибизде эми бир-бирден бизге тааныш болгон чек таштарын жана эң эски үйүбүздүн планын түшүнүп баштадык. **Чындыкты табууга аракет кылган бул сапарыбыз эң аягында бизди Аллахка багыттоодо.**[30]

Заттын өзүн көрүп жатабыз деп ойлоо бир күмөн гана. Кабылдоолорубуз менен түшүнө алган бул дүйнөдө буга бир дагы далил жок. Биз өз кабылдоолорубуздагы дүйнөнү гана көрүп, уга алабыз. Сырттагы заттык дүйнөнүн өзүнө жетишибиз мүмкүн эмес. Ааламдын башы жана аягы жок эмес, бир башталышы жана бир аягы бар. Ааламдын эч бир чекитинде материалисттер айткандай бир «максатсыздык» жок. Бүт аалам жана анын ичиндеги бүт нерсе бир максат менен жаратылган. Булардын баары көрсөткөн бир гана жыйынтык бар: ааламдын ар чекитинде жаратылуу бар. Жаратылган эмгектер болсо бир топ жогору бир күчтүн, бир Жаратуучунун бар экенин көрсөтөт. Ал Жаратуучу – бүт ааламдарды ороп курчаган Улуу Аллах.

Материалисттердин бул чындыкка каршы күрөшүшүнүн эми эч мааниси жок. Себеби заманбап физика бүтүндөй алардын зыянына жыйынтыктарды берди.

Аллах аяттарында мындайча билдирет:

**Биз асманды, жерди жана ал экөөсү арасындагыларды бир оюн жана алаксуу болсун деп жаратпадык. Эгер бир оюн жана алаксуу кылгыбыз келгенде, муну Өз Кабатыбыздан кылаар элек. Кыла турган болсок, ошондой кылмакпыз. Жок, Биз чындыкты батылдын үстүнө таштайбыз, ал (чындык) анын (батылдын) мээсин талкалайт. Бир карасаң, ал жок болуп кеткен болот. (Аллахка карата) Мындай сыпаттаганыңар үчүн силерге азап болсун. Асмандарда жана жерде ким бар болсо (баары) Аныкы. Анын жанындагылар Ага ибадат кылуудан текеберленишпейт жана чарчашпайт. (Анбия Сүрөсү, 16-19)**

# КВАНТТЫК ФИЗИКАДАН СОҢ ТЫШКЫ ДҮЙНӨ

## Бир энергия формасы: жарык

Макс Планктын ачылышы боюнча жарык толкун касиетин да, бөлүкчө касиетин да көрсөтөт. Планктан соң сансыз эксперимент жана байкоо бул чындыкты так ортого койду. Демек жарык жөнүндө мындай десек болот: жарык – толкун абалында кыймылдаган бир энергия. Бул аныктаманы жакшыраак түшүнүү үчүн башка бир толкун формасын, суудагы толкундарды мисал берсек болот. Суу толкундары суудан пайда болбойт. Толкун сууда кыймылдаган энергиядан пайда болот. Эгер бир бассейндин бир жагынан экинчи жагына толкун кыймылдаса, бул бассейндин оң тарабындагы суу бассейндин сол тарабына өттү деген мааниге келбейт. Суу турган ордунда калган болот. Кыймылдаган нерсе толкун, б.а. энергия. Ичи толо суусу бар ваннада колуңузду суунун ичинде кыймылдатканыңызда толкун пайда кыласыз, себеби сууга энергия бересиз. Энергия сууда толкун формасында кыймылдайт.

Бүт толкундар – кыймылдаган энергия, жана көбүнчө бир куралды колдонуп, мисалы сууну колдонуп кыймылдайт.

Жарык толкундары суу толкундарынан бир аз татаалыраак жана кыймылдоо үчүн бир ортомчуга муктаж эмес. Боштук (вакуум) ичинде да кыймылдашат. Жарык башталгыч этапта гана заттан көз-каранды. Жарык бир пайда болгон соң, кандайдыр бир заттык элементсиз, көз-карандысыз абалда кыймылдай алат. Жарык энергиясы эч зат жок жерде боло алат.[31] Жарык да, жылуулук да – электромагниттик нурдануу деп аталган энергиянын бир формалары. Электромагниттик нурдануунун бүт формалары космосто энергия толкундары абалында кыймылдашат. Муну бир көлгө ыргытылган таштар пайда кылган толкундарга окшотууга болот. Бир көлдөгү толкундардын узундугу (бою, бийиктиги) ар түрдүү болгон сыяктуу, электромагниттик нурдануунун да ар түрдүү толкун узундуктары (бойлору) болот.

Бирок электромагниттик нурдануунун толкун узундуктары арасында абдан чоң айырмалар бар. Кээ бир толкун узундуктары километрлеген кеңдикте болушу мүмкүн. Башка толкун узундуктары болсо бир сантиметрдин триллиондон биринен да кичинекей. Илимпоздор бул толкун узундуктарын класстарга бөлүшөт. Мисалы, сантиметрдин триллиондон бириндей кичинекей толкун узундуктарына ээ нурлар (шоолалар) гамма-шоолалар деп аталат. Булардын энергиясы абдан жогору. Толкун узундугу километрлеген кеңдиктеги нурлар болсо «радио толкундары» деп аталат жана булардын энергиясы абдан төмөн. Ушул себептен гамма-шоолалар бизди өлтүрсө, радио толкундарынын бизге эч таасири жок.

Бул жерде көңүл бура турган жагдай – толкун узундуктарынын укмуштуу кең масштабга жайылышы. Эң кыска толкун узундугу эң узун толкун узундугунан толук $10^{25}$ эсе кичине. $10^{25}$ – бул 1 санынын жанына 25 нөлдү кошуу менен алынчу бир сан. 10 000 000 000 000 000 000 000 000 деп жазууга мүмкүн болгон бул сандын чоңдугун жакшыраак түшүнүү үчүн кээ бир салыштырууларды жасоо туура болот. Мисалы, жердин төрт миллиард жылдык өмүрү бою өткөн секундалардын жалпы саны болгону $10^{17}$. Эгер $10^{25}$ санын санагыбыз келсе, түнү-күнү эч токтобостон санашыбыз жана муну жердин өмүрүнөн 100 миллион эсе көбүрөөк убакыт бою улантышыбыз керек болот!

Эгер $10^{25}$ даана оюн картасын үстү-үстүнө тизсек, саманчынын жолу галактикасынан бир топ сыртка чыгып, көрүүгө мүмкүн болгон ааламдын болжол менен жарымына чейинки аралыкка барышыбыз керек болот.

Ааламдагы толкун узундуктары мына ушундай чоң аралыкка тараган. Бирок кызыгы биздин күнүбүз бул кенен аралыктын тар бир аралыгына гана кыстырылган. Күндөн таркаган толкун узундуктарынын 70%ы 0,3 микрон менен (бир микрон миллиметрдин миңден бирине барабар) 1,50 микрон арасындагы тар бир чектин ичинде. Бул аралыкта үч түрдүү нур (шоола) бар: көзгө көрүнгөн нур, жакын инфракызыл нурлар жана бир аз жакын ультра-кырмызы (ультрафиолетовый) нурлар.

Бул үч түрдүү нур сан жагынан көп сезилиши мүмкүн. Бирок чынында үчөөсүнүн суммасы электромагниттик аралыктын ичинде бир бирдик орунда гана ээлейт! Башкача айтканда, күндүн нурунун баары үстү-үстүнө тизилген $10^{25}$ даана оюн картасынын бир даанасына туура келет. Күн нурларынын мындай тар аралыкка жайгаштырылышынын маанилүү себеби болсо – жер бетиндеги жашоого көмөкчү боло турган нурлардын ушул нурлар гана болушу.

Адам көзүн сүрөттөлүш берүү үчүн стимулдаган нур болсо кенен жыштык катарлары арасында абдан тар бир катарды, туурасы жагынан бир *октавадан азыраак аймакты камтыйт. Көз торчосун стимулдаган нурлардын толкун узундуктары сантиметрдин миллиондон 75и менен 39у арасында өзгөрөт. Нейропсихология профессору Ричард Л. Грегоринин ою боюнча, «бул жагынан караганда дээрлик сокур саналабыз.»[32]

Бул чындыкты эске алганыбызда, сыртта катары кабылдаган нурдун кичинекей бөлүгүн гана көрүп жатканыбызды түшүнөбүз. Б.а. торчобуз алган нур менен абдан кичинекей бир жыштык пайда кылган сүрөттөлүштөргө ээ боло алабыз. Андан тышкаркы жыштыктарга тиешелүү дүйнө биз үчүн белгисиз.

Абдан тар аралыктагы жыштыктарын көрө алабыз деп ойлогон нур чындап эле тышкы дүйнөдө биз билгендей абалдабы?

Нурдун өзгөчөлүгү заттарга болгон таасири. Көбүнчө зат бир туруктуулукка ээ. Биздин ар кандай түртүү жана тартуу басымдарыбызга каршылык көрсөтөт. Жана биз кандайдыр бир нерсени түрткөндө же өзүбүзгө тартканда, өзүбүзгө да түртүү жана тартуу таасирлерин сезебиз. Ньютон муну «импульстук жоop принциби» деп атаган. Нур да затка импульстук жооп таасирин берет, бирок нур бөлүкчөлөрү туруктуу түзүлүшкө ээ эмес. Нурдун нерселерге импульстук жооп таасирин бергенин көрүүгө болот (лазер нурунун металлдарды кесиши жана жабыркаган көз торчосун айыктырышы сыяктуу), бирок эч качан заттын нурга импульстук жооп таасирин бергенин көрө албайбыз. Физиктер нурга импульстук жооп таасиринин болбошун туруктуу массанын болбошу деп аташат.[33] Туруктуу масса – бир жерде бирдей туруучу, б.а. туруктуу бир заты бар масса. Нурга болсо туруктуулук тиешелүү эмес. Ал дайыма кыймыл абалында. Ошондуктан нур – бул массасы жок жана ушул себептен «зат» касиетин көрсөтпөгөн бир энергия формасы. Фред Алан Вольф муну мындайча түшүндүргөн:

Биз нурду көргөндө, негизи эч нурду көрбөйбүз. Биздин көргөнүбүз – бул нурдун затка болгон импульстук жооп таасиринин биздин сезүү органыбызга болгон таасиринин натыйжасы. Биз затты кыймылдап жатканда көрөбүз. Нур чындап эле бул дүйнөнүн сыртындагы бир нерсе...[34]

## Сырттагы нур негизи каерде?

Нур бизге тышкы дүйнөнү көзгө көрүнө турган кылган, сырттагы көрүнүштүн пайда болушуна себеп болгон бир нерсеби? Сыртка чыкканыңызда айланаңыздагы бүт заттык нерселердин бар болушуна, бирок капкараңгы бир бөлмөдө заттын биз үчүн бүтүндөй жок болушуна себеп болгон нерсе – нурбу? Эгер нур болбосо, айланабыздагы дүйнө биз үчүн бүтүндөй жок болобу?

Биз кабылдаган тышкы дүйнө көзгө көрүнө турган нурдун бар болушу менен гана болот деген көз-караш биздин күмөнүбүз (божомолубуз) гана. Негизи тышкы дүйнөдө нур жок, чымкый бир караңгылык бар. Чырактар да, машина фаралары да, күн да чынында биз билген мааниде бир нур чыгарбайт. Нур (жарык) адамдардын мээсинде бир кабылдоо катары гана пайда болот жана жашаган дүйнөсүн жарык кылат.

Мунун илимий түшүндүрмөсү мындай: күн менен башка нур булактары ар түрдүү толкун узундуктарындагы электромагниттик бөлүкчөлөрдү (фотондорду) чыгарышат. Бул бөлүкчөлөр түзүлүшүнүн натыйжасы катары ааламга таркашат. Мисалы, көптөгөн радиоактивдүү бөлүкчө денебиздин ичинен өтөт. Аларды коргошун тосмо гана токтото алат. Бул бөлүкчөлөрдүн кээ бирлери ушунчалык оор жана көп энергиялуу болгондуктан, көбүнчө сүзгөн молекуласын талкалап жолун көп кыйшайбастан улантышат. Бул радиациянын ракка жол ачышынын түбүндөгү себеп. Алсызыраак бир радиация түрү болгон рентген нурларынан пайдалануу менен рентген машиналары жасалган. Бул машиналардын кызматы – радио толкундар пайда кылган таасирди «көзгө көрүнө турган нурга» айлантуу, б.а. көздөрүбүз кабылдай турган абалга айлантуу. Б.а. нур көз тарабынан кабылданса жана мээ тарабынан жоромолдонсо гана бар болот. Сыртта болсо биз билген мааниде бир нур, бир жарык жок.

Радио толкундар бөлүкчө камтыбагандыктан, сүзүшүү учурунда адамга зыян тийгизишпейт. Бул толкундар эч бир сезүү органыбыз тарабынан кабылдана албайт, бирок үйүбүздөгү радиолор аларды кулактарыбыз уга турган үн толкундарына айлантат. Радиодо бир программа жок кезде угулган чызылдак – негизи күн менен бүт жылдыздар тарабынан ааламдын башталышынан бери таркалган космостук фон радиациясынын «үнү». Бул жерде «үн» сөзү бул толкундардын радиолорубуз тарабынан иштелип кулактарыбыз уга турган абалга алып келиши жана андан соң мээбизде пайда кылган кабылдоону билдирет. Б.а. чынында биз үчүн бар болбогон, физикалык мааниде заты жок толкундар радио тарабынан кулак уга турган жана мээ жоромолдой турган бир формага айландырылат.

Ушул эле абал телевизорго да тиешелүү. Биз үчүн чынында көзгө көрүнгүс ар кандай нур толкундары телевизор тарабынан жоромолдонуп, биз кабылдай ала турган формага айлантылат.

«Нур» деп аталган кабылдоонун булагы болгон фотондор болсо бир топ жеңил бөлүкчөлөр жана көбүнчө биринчи сүзгөн атомдон чакышат. Ошондой эле бул сүзүү учурунда сүзгөн жерине көп зыян да беришпейт. Жыштыктарынан, б.а. титирөө ылдамдыгынан улам көбүрөөк энергиялуу болгон ультра-кырмызы нурлар терибизге кириши жана кээде генетикалык кодубузда бузулууларга себеп болушу ыктымал. Белгилүү сааттарда күн нурунун астында көпкө туруунун ракка жол ачышынын себеби ушул.

Жыштыгынан улам инфра-кызыл деп аталган фотондор болсо сүзгөн жеринде энергияларынын бир бөлүгүн калтырышат жана ал жердеги атомдордун титирөө ылдамдыгын, б.а. температурасын жогорулатышат. Бул жагынан инфра-кызыл нурлар «жылуулук нурлары» деп да аталат. Кызыган бир көмүр меши же бир электрдик жылыткыч көп санда инфра-кызыл нурларды

чыгарат. Бул нурлар терибиз тарабынан жылуулук сезими катары кабылданат. Чынында сыртта «жылуулук» деген нерсе жок. Жылуулук деп аталган нерсе нур толкундары пайда кылган энергия гана. Жылуулукту кабылдаган, сезген жан жок учурда «жылуулук» деген нерсенин бар экенин айтуу мүмкүн эмес болот.

Кээ бир фотондордун жыштыгы ультра-кырмызы менен инфра-кызыл нурлардын арасында жайгашат. Булар көзүбүздүн артындагы торчо катмарына түшкөндө, ал жердеги клеткалар тарабынан электрдик сигналга айлантылышат. Биз болсо чынында физикалык бир бөлүкчө болгон фотондорду «нур» катары кабылдайбыз. Эгер көзүбүздөгү клеткалар фотондорду «жылуулук бөлүкчөлөрү» катары кабылдаганда, анда биз үчүн нур (жарык), түс жана караңгылык деп атаган түшүнүктөр эч болмок эмес, заттарды караганыбызда алардын «жылуу» же «муздак» экенин гана сезмекпиз. Башкача айтканда, сырттагы дүйнөнүн заттык формасы биздин сезүү органдарыбыздын аны кабылдоо формасынан көз-каранды. Сыртта жылуулук жана нур жок. Айланабыз ар кандай жыштыктарда жана толкун абалында айланып жүргөн бөлүкчөлөр менен курчалган. Буларды биз үчүн «көрүнө турган жана сезиле турган абалга алып келген нерсе» - мээбиздеги кабылдоо борборлору гана.

Көзүбүздүн торчо катмарына түшкөн фотондор ал жердеги кабылдоо клеткалары тарабынан электрдик зарядга айлантылышат. Бул электрдик заряд нервдер тарабынан мээдеги көрүү борборуна алып барылат. Мээдеги көрүү борбору бул электрдик заряддарды жоромолдоп бир сүрөттөлүш пайда кылат. Физика китептеринде нурдун мындай касиети төмөнкүчө баяндалат:

Нур сөзү физикалык же объективдүү бир мааниде электромагниттик толкундар менен же фотондор менен байланыштуу колдонулган. Ушул эле сөз психологиялык бир мааниде электромагниттик толкундар менен фотондор көз торчосун сүзгөн учурда адамда пайда кылган сезим менен байланыштуу да колдонулууда. Нур сөзүнүн объективдүү да, субъективдүү да түшүнүктөрүн чогуу карайлы: нур – бир адам көзүндө торчонун стимулданышынан пайда болгон көрүү таасирлеринин бар экенин көрсөткөн бир энергия формасы.[35]

Биз сыртта бар деп ойлогон жандуу жана нурдуу дүйнө – сыртта заттык бир негизи бар болгон, бирок бул заттын өзүн биз эч качан көрө албаган, бизде кабылдоо катары пайда болгон бир элес гана негизи. Күнөстүү бир күнү биз караган бир деңиз көрүнүшү чынында бүтүндөй караңгылыктан турат. Ал жерде эч кандай жаркыроо, деңиздин жаркырашы, абанын тунуктугу жана күндүн көз уялтаар нурлары жок. Бизге тиешелүү бул жандуу жана нурдуу сүрөттөлүштү камсыз кылган нерсе – мээбизге жеткирилген электрдик сигналдар гана. Нур, мээбизде пайда болгон бир кабылдоо болгондон тышкары, сыртта болсо бир энергия формасы катары гана бар. Ошондуктан заттын бар болуу себеби катары кабыл алынган нур биз үчүн бир элес гана.

Бул чындыкты караганда кызыктуу бир жыйынтыкка келебиз: негизи көзүбүздүн «көрүү» өзгөчөлүгү жок. Көз фотондорду электрдик сигналга айланткан бир ортоңку элемент гана. Көрүү жөндөмүнө ээ эмес. Айланабызды курчап турган деп ойлогон жаркыраган дүйнөнү көз көрбөйт. Нур же түс сезими көздө пайда болбойт. Бул нерсе көрүү менен байланыштуу алдыдагы бөлүмдөрдө терең каралат.

## Түстөр мээбизде ганабы?

Нур мээбизде пайда болгон бир элес гана. Ошондуктан булагы нур болгон жана бүт жашообузду курчаган түстөр да мээнин жоромолу гана.

Ар жыштыктагы фотондор түс деп аталат. Фотондун титирөө (вибрация) чоңдугуна жараша түстөрдү бир-биринен айырмалайбыз. Б.а. кызыл биз үчүн бир титирөө чоңдугу, сары болсо башка бир титирөө чоңдугу пайда кылган түстөр. Кагаз ак, себеби бүт жыштыктарды чагылтат жана алардын кошундусу акты пайда кылат. Жалбырак жашыл, себеби жашыл түс сезимин берчү жыштыктардагы фотондорду гана чагылтат, калгандарын сиңирип алат. Айнек тунук, себеби фотондор дээрлик эч тоскоолдуксуз айнектин ичинен өтүп бизге жете алат. Кара бир кездеме бүт фотондорду сиңирип алгандыктан, артка эч нерсе чагылбайт. Б.а. ал жерден көзүбүзгө фотондор жетпейт, биз болсо аны караңгы, б.а. кара катары кабылдайбыз. Күзгү сүрөттөлүштү копиялайт, себеби чагылтуу бети жылмакай жана келген нурлар сүзүп чакыганда бир-бирине болгон параллелдүүлүгү дээрлик эч бузулбайт.

Түстүн кабылданышы көздүн торчо катмарындагы конус клеткаларында башталат. Торчодо нурдун белгилүү толкун узундугуна жооп (реакция) берүүчү үч негизги конус клетка тобу бар. Бул клетка топторунун биринчиси кызыл, экинчиси көк, үчүнчүсү болсо жашыл нурга сезимтал. Бул үч түрдүү конус клеткасынын ар түрдүү катышта стимулданышы натыйжасында миллиондогон түрдүү түс пайда болот. Бирок нурдун конус клеткаларына жетиши түстөрдүн пайда болушу үчүн жетиштүү эмес. Джон Хопкинс университети медицина факультетинен изилдөөчү Джереми Натанс (Jeremy Nathans) көздөгү клеткалардын түстөрдү пайда кылбаганын айтат:

Бир конус клеткасынын кызматы нурду кармап, анын тыгыздыгы жөнүндө маалымат берүү гана. Түс жөнүндө сизге эч нерсе айтпайт.[36]

Конус клеткалары кабылдаган бул түс маалыматтарын пигменттери жардамы менен электрдик сигналдарга айлантат. Бул клеткаларга туташкан нерв клеткалары болсо электрдик сигналдарды мээдеги атайын бир аймакка жиберишет. Өмүр бою көргөн түркүн түстүү дүйнөбүз пайда болгон жер – мына ушул мээдеги атайын аймак.

## Мээнин бул бөлүмүндө түс барбы?

Мээнин бул атайын аймагы мээнин башка аймактары сыяктуу капкараңгы. Ал жерде эч кандай нур, эч кандай түс жок. Мээнин бул аймагында кызыл, жашыл, сары түс жок. Ак жок. Түркүн түстүү гүлдүү бакчалар, көзүбүздү уялткан күн нурунун эч чагылуусу жок. Көкмөк асман, жапжашыл дарактар жок. Баштын ичи чымкый караңгы. Көздөрүбүздөн ичкери көздөй нур кирет деп ойлойбуз. Чынында болсо көздөрүбүздүн сыртында да, көздөрүбүздүн артында да нур жок.

Түстөрдүн пайда болушу нерселердин нурду чагылтуу өзгөчөлүгүнөн келип чыгат. Сырткы дүйнөдө нур болбогондуктан, түстөр да жок. Анда биз «сыртта» деп ойлогон түстүү дүйнө каякта? Бул түстүү дүйнө сырттан бизге түздөн-түз да жете албайт, мээбиздин ичинде да пайда болбойт. Түстүү дүйнө биз кабылдаган нерсе. Биз ушундай жоромолдогон үчүн ошондой.

Кембридж университетинин математика жана теориялык физика бөлүмүнөн Питер Рассел (Peter Russell) муну мындайча сүрөттөйт:

«Сырттагы» дүйнөнүн биз көрүп, жашап жаткандан такыр айырмалуу экени көп адамды таң калтырууда. Жашыл түс менен байланыштуу тажрыйбабызды карап көрүңүз. Физикалык дүйнөдө белгилүү бир жыштыкта нур бар, бирок нурдун өзү жашыл эмес. Көздөн мээге жиберилген электрдик импульстар да жашыл эмес. Ал жерде эч кандай түс жок. Биз көргөн жашыл түс бул нур жыштыгына жооп берген мээде көрүлгөн бир сыпат. Мээнин (аң-сезимдин) объективдүү тажрыйбасы катары гана бар болот.[37] (басым оригиналына тиешелүү)

Түстөр да, нур сыяктуу, мээнин жоромолу менен пайда болот. Биз көргөн жарык жана түстүү дүйнө биз ошондой кабылдаган радиация түрлөрү пайда кылган бир дүйнө гана.* Жоромол толугу менен бизге тиешелүү. Бристоль университетинин ардактуу нейропсихология профессору Ричард Л. Грегори Eye and Brain (Көз жана мээ) аттуу китебинде бул чындыкты кыскача төмөнкүчө жыйынтыктаган:

Нур эч кандай түстүү эмес. Нур жаркыроо жана түс сезимдерин берет. Бирок муну ылайыктуу бир көз жана нерв системасы менен гана жасай алат.[38]

Көздөгү бир жабыркоо же түзүлүштөгү бир айырмачылык келген фотондорду башкача электрдик сигналдарга айлантат жана мээдеги көрүү борбору бирдей өзгөчөлүктө болсо да, көз тарабынан иштетилген сигналдар бир эле нерсенин ар башка кабылданышына себеп болот. Түс көрлөрү менен кадимкидей көргөндөрдүн белгилүү түстөрдү ар түрдүү кабылдашынын жана жоромолдошунун себеби ушул.

Булардын баарынан чыккан жыйынтык мындай: биз «сырт» деп кабыл алган дүйнө караңгы. Негизи караңгылык сөзү да жаңылтышы мүмкүн. Ал жерде эч бир түс жок. Жаркыраган түстөр менен бизге сунулган үч өлчөмдүү, жаркыраган дүйнө бүтүндөй калпычы. Биз нур же түс деп жоромолдогон фотон кыймылдары чымкый караңгы бир чөйрөдө ишке ашкан физикалык кубулуштар гана. Көзүбүз да кошо бүт денебиз жана үч өлчөмдүү, түркүн түстүү бир дүйнө катары көргөн бүт материалдык аалам ушул боштуктун ичинде орун алат. Муну биз көргөн абалда жоромолдогон – мээ гана. Бирок эң кызыгы булардын баарын кабылдаган көз жана булардын баарын жоромолдогон мээ да чымкый караңгы. Нур менен түс аны жоромолдогон мээнин ичинде да эмес.

Аң-сезим жана мээ темасында сансыз изилдөөлөрү бар Тафтс университетинин философия профессору Дэниел К. Деннет (Daniel C. Dennett) бул чындыкты мындайча баяндайт:

Орток пикир боюнча, илим түстөрдү физикалык дүйнөдөн алып салды жана ордуна түссүз, ар түрдүү толкун узундуктарындагы электромагниттик нурларды гана калтырды.[39]

Деннет башка бир китебинде түстөрдүн пайда болушу жөнүндө мындай дейт:

Дүйнөдө түс жок; түс карагандын көзү менен мээсинде гана пайда болот. Заттар нурдун ар түрдүү толкун узундуктарын чагылтышат, бирок бул нур толкундарынын түсү жок.[40]

Түс адамдын сырттагы нурду кабылдоо формасы болгондуктан, биз кабылдаган дүйнөнүн башкалар үчүн да бирдей экенин эч биле албайбыз. Бир адам кызыл катары көргөн түстүн биз үчүн да дал ошондой кызыл экенин эч качан биле албайбыз. «Түркүн түстүү» түшүнүгү балким биз үчүн миллиондогон түрдүү түстүн жыйындысын көрсөткөн бир түшүнүк чыгаар. Бирок башка бир адам бир топ аз санда түс тунуктугун жана түрүн көрүп жаткан болушу жана муну «түркүн түстүү» деп жоромолдошу ыктымал. Биздин кабылдообуз менен биз менен бирге бир эле нерсени карап жаткан адамдын кабылдоосун салыштыруу мүмкүнчүлүгүбүз жок. Биз бир эле нерсени карап жатабыз деп ойлойбуз. Бирок балким биз кабылдап жаткан нерсе менен ал адамдыкы такыр башка башка чыгаар. Сырткы дүйнөнү кабылдоо формабыз беш сезимибиз менен чектелгендиктен, көктүн жаныбыздагы адам үчүн да ошондой көк, кофенин даамынын ал адам үчүн да бирдей даам экенин эч качан биле албайбыз жана муну сүрөттөй албайбыз.

Түс сокурдугу түстөрдүн мээбизде гана пайда болоорунун маанилүү далилдеринен. Белгилүү болгондой, көздөгү торчодо келип чыккан кичинекей бир өзгөрүү түс сокурдугуна себеп болот. Мындай көп адамдар жашыл менен кызылды бир-биринен айырмалай алышпайт. Биз үчүн жашыл

болгон бир нерсе алардын дүйнөсүндө такыр башка түстө. Мунун жалгыз себеби – түс түшүнүгүн ар түрдүү кабылдашыбыз. Биз «жашыл» деп ишенген бир нерсени башка адамдын «боз» көрүп жатышы ал жаңылып жатат деген мааниге келбейт. Кайсысынын туура кабылдоо экенин эч качан биле албайбыз. Себеби экөөсү тең кабылдоо, жана мунун реалдуулугун текшерүү жана салыштыруу мүмкүнчүлүгүбүз жок. Жашыл кабылдоосу да, боз кабылдоосу да адамдардын өз тажрыйбасы жана бул жеке тажрыйбалардын реалдуулугу ал адамдын жоромолунан көз-каранды.

Бул жерде мындай жыйынтык чыгат: биз заттарга жүктөгөн бүт сыпаттар «тышкы дүйнөдөгү оригиналдарына» эмес, мээбиздеги сүрөттөлүштөрүнө тиешелүү. Биз эч качан кабылдоолорубуздан ары өтүп, сыртка жете албаганыбыз үчүн заттардын же түстөрдүн чыныгысын да көрө албайбыз. Таанымал ойчул Беркли болсо бул чындыкка мындайча көңүл бурат:

Кыскасы бир эле нерселер, бир эле учурда кээ бирлер үчүн кызыл, кээ бирлер үчүн ысык, башкалар үчүн тескерисинче болуп жатса, анда бул биз иллюзиялардын таасириндебиз жана «нерселер» биздин аң-сезимибизде гана бар дегенди билдирет...[41]

Австралиянын Аделаида университетинде кызмат кылган Оксфорд университетинен Жерард О'Брайен (Gerard O'Brien) бир радио маегинде бул жөнүндө мындай дейт:

Сырткы дүйнөнү караганыбызда нерселерди түстүү көрөбүз жана бул түстөр чынында бүт көргөн нерселерибизге тиешелүү деп ойлойбуз. Бирок учурда бул ушундайбы же мындай эмеспи деген кызыктай суроо турат. Көптөгөн философ биз көргөн түстөр, бул түстөрдүн өзгөчөлүктөрү – чынында дүйнөнүн ичибизде пайда болгон өкүл сүрөттөлүшүнүн өзгөчөлүктөрү дешүүдө. Бул пикир боюнча, дүйнөнүн өзүнө тиешелүү мындай түстөр жок. Ушул себептен биздин мээбиздин сыртындагы, биз жашагандан көз-карандысыз дүйнө негизи түссүз... Мисалы, сиз алманы карабаганыңызда ал дагы эле кызылбы? Ойлонгондо дүйнө биз көрдүк деп ойлогон түстө деп элестетүү чынында биздин шовинисттик пикирибиз. Себеби эми бул планетада биз менен бирге жашаган башка жандыктардын башкача түс системалары бар экени жана кээ бир учурларда түстөрдү бизден азыраак айырмалаары жана натыйжада дүйнөнү биз көргөндөн башка түстөрдө кабылдаары жөнүндөгү көз-карашты билебиз. Ушул себептен биз дүйнөнү белгилүү түстөрдө көрөбүз, бирок балким жаныбарлар башка түс тобу ичинде көрүп жатышат. Эмне үчүн эми, биздин көргөнүбүз туура деп ишенишибиз керек? Дүйнөнүн чыныгы түстөрүнүн биздин көргөнүбүздөй экенин каяктан биле алабыз? Балким булар биз жана жер бетиндеги жаныбарлар түзгөн сүрөттөлүштөрдүн өзүнө байланыштуу дүйнөнү коддоонун эки башка жолу гана.[42]

О'Брайендин бул жөнүндөгү сөзү чынында эле «сырттагы реалдуулуктун» кандай нерсе экени жөнүндө пикир жүрүртүү жагынан маанилүү. Бизден башка жандыктардын да сыртта жарык көрүп жатканына же түстөрдү биз сыяктуу кабылдаарына бир дагы далил жок. Биздин пикирибиздин эң туура экенин көрсөтүүчү бир илимий далилге да жетишибиз мүмкүн эмес. Демек, сырткы дүйнө жөнүндө күмөн менен божомолдорубуз гана бар. Себеби сырткы дүйнөнү биз билгендей кабылдашыбыз беш сезимибизден көз-каранды.

## Тышкы дүйнөнү тааныткан 5 сезим

Эгер билгендерибиздин баары аң-сезимибизде көрүлгөн сезимдик көрүнүштөр болсо, биздин кабылдоолорубуздун сыртында бир физикалык реалдуулук бар экенин кайдан биле алабыз? Бул бир божомол гана эмеспи? Менин жообум: ооба. Бул бир божомол; бирок ошентсе да эң ынанымдуусу.[43]

Тышкы дүйнө деген нерсебиз – атомдордун бир-бири менен болгон электрон алмашуусу, радио толкундардын абадагы кыймылы, аба молекулаларынын титиреши гана. Бир затты зат кылган атомдор менен молекулалар жана радио толкундарды түзгөн энергия булактары чындап бар болду бекен? Булардын бар экенин бизге эмне далилдейт? Алар түзгөн заттык нерселерби; биз көргөн, жыттаган, сезген нерселерби; же биз уккан же караган радио толкундарбы? Же беш сезимибизден бизге жеткен электрдик сигналдарбы? Бул электрдик сигналдар жок болгондо эмне болот? Тышкы дүйнө жок болобу?

Тышкы дүйнө тыгыздаштырылган бир толкун формасы катары бар. Бирок биз кабылдаган дүйнө тышкы дүйнөнүн өзү эмес. Ошондуктан бизге жеткен электрдик сигналдар жок болгондо, биз үчүн тышкы дүйнө чындап жок болот. Себеби тышкы дүйнө жөнүндөгү ар түрдүү маалымат жана сыпатты сезүү органдарыбыз аркылуу гана алабыз. Бизге тышкы дүйнө жөнүндө берилген маалымат сезүү органдарыбыз бизге берген абалда гана. Бизге жеткен бул маалыматтар бир катар процесстен соң электрдик сигналга айлантылат жана бул сигналдар мээбиздин тиешелүү жерлеринде жоромолдонот. Ошондуктан ичкен суусундугубуз, көргөн тасмабыз, жыттаган бир гүлүбүз мээбиздин бул жоромолунун бир натыйжасы.

Бирок бул жерде төмөнкү чындыкты эстөө жакшы болот: мээбизде чынында түстөр да, үндөр да, сүрөттөлүштөр да жок. Мээбизде электрдик сигналдар гана бар. Биз көрүп жатабыз деп ойлогон учу-кыйырсыз табият, карап тойо албаган түркүн түстүү бир гүл, бийик үндүү музыка, даамына таң калган сонун бир тамак – негизи мээбизге жеткен электрдик сигналдар гана. Бул, албетте, тышкы дүйнө жок деген мааниге келбейт. Сезүү органдарыбыздан мээбизге жиберилген электрдик сигналдардын үзүлүшү тышта бар болгон дүйнөнү жок кылбайт. Мындай учурда тышкы дүйнө «биз үчүн гана» жок болот. Себеби бизге тиешелүү тышкы дүйнө электрдик сигналдардын мээбизде жоромолдонушу гана.

Mapping The Mind (Мээнин (аң-сезимдин) картасын чыгаруу) аттуу китебинде илимпоз Рита Картер дүйнөнү кантип кабылдаарыбызды мындайча түшүндүрөт:

Ар бир сезүү органы өзүнө ылайыктуу сигналга жооп бере турган абалда жаратылган. Бул сигналдар болсо молекулалар, толкундар же титирөөлөр абалында. Бүт мындай көп түрдүүлүгүнө карабастан, сезүү органдары түпкүрүндө бир эле кызматты аткарышат: өздөрүнө тиешелүү сигналдарды электрдик сигналдарга айлантышат. Бир сигнал болсо бир сигнал гана. Кызыл бир түс эмес же Бетховендин Бешинчи симфониясынын биринчи нотасы эмес, бир электрдик энергия гана. Негизи бир сезимди башкаларынан айырмалуу абалга келтирүүнүн ордуна, сезүү органдары баарын окшош абалга, б.а. электрдик сигналдарга айлантышат.

Демек, бүт сезимдерге тиешелүү сигналдар бир-биринен такыр айырмасыз бир формада мээге электрдик заряддар абалында киришет жана ал жердеги нерв клеткаларын стимулдашат. Болгону ушул. Бул электрдик сигналдарды кайрадан нур толкундарына же молекулаларга айлантуучу бир кайра айлантуу системасы жок. Бир электрдик заряддын сүрөттөлүшкө, башкасынын жытка айланышы болсо бул электрдик заряддын кайсы нерв клеткаларына таасир бергенинен көз-каранды.[44]

Бул чындап эле абдан таң калыштуу жана маанилүү нерсе. Дүйнө жөнүндө алган сезимдерибиздин баары, сүрөттөлүштөр, даамдар, үндөр, негизи бирдей материалдан, электрдик сигналдардан пайда болууда. Электрдик сигналдарды биз үчүн бир мааниге ээ кылган, аларды даамдуу бир тамак, сонун бир пейзаж, ритмдүү бир музыкага айланткан болсо – бул электрдик

сигналдар мээбизде таасир берген аймак. Бирок аны сезген жана кабылдаган нерсе башка. Мээ менен электрдик сигналдар бир тамактын даамын, бир гүлдүн түсүн жана жытын сезип, андан ырахат ала албайт. Материалист илимпоздор байкай албаган нерсе – бул кабылдап сезгендин мээден башка бир нерсе, б.а. «рух» экендиги.

Калифорния университетинен невролог жана психиатрия профессору Джефри М. Шварц кабылдоонун мээден көз-карандысыз пайда болоорун мындайча баяндайт:

Ар аң-сезим жалгыз жана теңдешсиз белгилүү бир сезимге ээ болуш керек. Бир гамбургерди тиштегенде алган тажрыйбаңыз бир бифштексти чайноодон башка. Ар түрдүү даам тажрыйбасы бир Шопен окуусун угуудан же чагылгандуу бир бороонду кароодон же бир суусундуктун жытынан башкача. Көрүү кабында кызыл пайда болгон жерди аныктоо биздин кызылды кабылдашыбыз же кызыл сезиминин эмне үчүн Альфредо тамагынын даамынан же (Бетховендин эмгеги) «Элизага»ны угуудан башка экенин түшүндүрүүдөн алыс... Эң детальдуу MR'лер да кабылдоонун же байкоонун физикалык булактарынан башка бир нерсе бербөөдө. Мунун кандай бир сезим экенин түшүндүрүүгө эч жакын да жолой алышпоодо. Адамдын алгач кызылды кабылдашын да түшүндүрө албоодо. Мунун башка адамдар үчүн да бирдей экенин кайдан биле алабыз? Эмне үчүн мээ механизмдерин изилдөө, ал тургай, молекулярдык деңгээлде изилдөө бул суроолорго эч жооп бере албай жатат?[45]

Питер Рассел болсо бул чындыкты мындайча түшүндүрөт:

Физикалык көрүнүштүн детальдарын изилдөөгө канча аракет кылсак да, эч жыйынтык жок. Физикалык жөнүндө алган ар пикирибиз туура эмес чыгып жатат. Материализм пикири көз алдыбызда бууланып жоголууда. Бирок материалдык дүйнөгө болгон ишенимибиз барган сайын тамырлап баратат – биздин тажрыйбаларыбыз менен тынымсыз бекемделүүдө – булардын физикалык бир негизи болушу керек деген күмөнүбүзгө болушунча жабышуудабыз. Дүйнө бүт ааламдын борборунда деген ойдон эч күмөн санабаган ортоңку кылым астрономдору сыяктуу, тышкы дүйнөнүн физикалык бир тамыры бар деген ойубуз жөнүндө эч шек санабайбыз. Чындап эле мунун жообунун түздөн-түз бизге тиешелүү болушу мүмкүн экенин байкаганымда абдан таң калдым. Балким тышта чындап эле эч нерсе жок чыгаар. Б.а. эч «нерсе». Физикалык көрүнүш деген бир нерсе жок. Балким бүт нерсенин мээдеги бир көрүнүшү гана бар.[46]

Мээ жөнүндө жасалган изилдөөлөр «ким кабылдап жатат» деген суроолоорго эч качан жооп бере албайт. Себеби илимпоздор мээде издеген нерсе – негизи адамдын физикалык денесинен башка, өзүнчө бар болгон бир нерсе.

Стэнфорд университети нейропсихология профессору Карл Прибрам илим жана философия дүйнөсүндө кабылдоону сезгендин ким экени жөнүндөгү бул маанилүү изденүүлөргө мындайча көңүл бурган:

Гректерден бери философтор «машинанын ичиндеги элес», «кичинекей адамдын ичиндеги кичинекей адам» ж.б. жөнүндө ойлонуп келишкен. «Мен» - б.а. мээни колдонгон нерсе- каерде? Аң-сезимдин ээси ким? Ассисили Азиз Франсис да айткан сыяктуу: «Издегенибиз – карагандын эмне экендиги.»[47]

Аң-сезим – Аллах адамга берген рух ээ болгон бир өзгөчөлүк. Адам өзүнүн руху менен ойлонуп кабылдаган, чечим алып жоромол жасай алган бир жандыкка айланат. Анын аң-сезими менен акылы – ушул рух адамга тартуулаган өзгөчөлүктөр. Аллах аятында мындайча буюрат:

**Ошентип сага буйругубуздан бир рух вахий кылдык. Сен китеп эмне, ыйман эмне билчү эмессиң. Бирок Биз аны бир нур кылдык; аны менен кулдарыбыздан каалагандарыбызды туура жолго салабыз. Шексиз, сен туптуура бир жолго багыттап-жеткиресиң. (Шура Сүрөсү, 52)**

Бул тема алдыдагы бөлүмдөрдө терең каралат.

## Мээнин ичиндеги көрүнүштү ким көрөт?

Бир нерседен келген нур торчого түшөт жана андан соң иштетилүү үчүн мээдеги отуздай ар башка көрүү борборуна жиберилет. Көз карегинен келген нур көздүн арт жагындагы торчо катмардын бетине тескерисинен (башы ылдый абалда) жана эки өлчөмдүү бир көрүнүш пайда кылат. Торчо катмарындагы чыбык жана конус клеткалар кээ бир химиялык процесстерден соң бул сүрөттөлүштү электрдик зарядга айлантат. Бул электрдик заряддар көз нервдери аркылуу мээнин арткы тарабында орун алган көрүү борборуна алып барылат. Мээ болсо бул келген сигналды маанилүү жана үч өлчөмдүү сүрөттөлүштөргө айлантат. Крейг Хэмилтон (Craig Hamilton) айткандай, «бул ушул күнгө чейин эч ким канааттандырарлык чече албаган бир маселе. Бирок ошентсе да, биз көздөрүбүздүн ар биринин сүрөттүн башка бир бөлүгүн көрөөрүн жана мээбиздин болсо аларды бириктирээрин түшүнүшүбүз керек.»[48] Бул жерде көздүн кантип көрөөрү абдан үстүртөн сүрөттөлдү. Көздөр бизге тышкы дүйнөдөгү өзүн биз эч качан биле албаган бир сүрөттөлүштүн пайда болуу баскычтарынын биринчи этабы болуп саналат. Тыштагы дүйнө көздөн өткөн нурдун урматында электрдик сигналдар аркылуу ичибизде, мээбиздин абдан кичинекей бир чекитинде пайда болот. Башыбызды көтөрүп айланабызга көз жүгүрткөндө көргөн сүрөттөлүш учу-кыйырсыз болсо да, түпкүрүндө мээбиздин ичиндеги ушул кичинекей чекитте пайда болот. Бул учу-кыйырсыз сүрөттөлүштүн өзүнүн биз көргөн сүрөттөлүшкө окшоп-окшобогонун болсо эч качан биле албайбыз.

Кембридж университети математика жана теориялык физика бөлүмүнөн Питер Рассел бул чындыкты мындайча баяндайт:

Бир даракты караганымда түздөн-түз даракты көрүп жатканымдай сезилет. Бирок илим бүтүндөй башкача экенин айтууда. Көздөн кирген нур торчодо химиялык реакцияларды баштайт, булар мээге баруучу нерв жипчелери боюнча кыймылдаган электрохимиялык импульстарды пайда кылышат. Мээ алган бул маалыматтарын анализ кылат жана анан тыштагы нерсеге тиешелүү өз сүрөттөлүшүн пайда кылат. Андан соң мен дарак көрүнүшүн көрөмүн. Бирок менин көргөнүм дарактын өзү эмес, мээмде пайда болгон көрүнүшү гана. Бул жашоомдогу бүт нерсеге тиешелүү. Биз билген, кабылдаган жана кыялданган нерселерибиздин баары, бүт түстөр, үн, сезим, бүт ойлор, бүт сезим аң-сезимде пайда болгон бир нерсе. Булардын баары аң-сезимдин өзүнүн жасаган нерсеси.[49]

Булардын баары бизди маанилүү бир чындыкка алып барууда: биз өмүр бою дүйнөнү биздин сыртыбызда деп ойлойбуз. Чынында болсо дүйнө бүтүндөй биздин ичибизде. Биз сыртыбызда деп ойлогон дүйнөнү чынында мээбиздин ичиндеги кичинекей бир чекитте көрөбүз.

Сырттагы дүйнөнүн өзүн түздөн-түз көрө албайбыз жана бүт нерсе мээде пайда болгон бир элес; андай болсо көргөн чындап «көзбү»?

Биз өмүр бою бүт тышкы дүйнөнү көздөрүбүз менен көрөбүз деп ойлойбуз. Чынында болсо көздүн көрүү функциясын аткарышы жөнүндөгү илимий түшүндүрмөлөр көргөндүн көз эмес экенин айтууда. Көздөр жана көздөргө тиешелүү миллиондогон нерв клеткасы көрүү кубулушу ишке ашышы үчүн мээге кабар жөнөтүүчү кабель кызматын гана аткарышат. Торчо анын бетине түшкөн жарык бөлүкчөлөрүн кабылдайт жана аларды электрдик сигналга айлантып мээге жиберет. Б.а. бул жерде абадан келген нур толкундары, май, протеин жана суудан турган торчо жана жиберилген электрдик сигналдар жөнүндө сөз болууда. Мээде бакчада чуркап ойногон балдар, көк булутсуз бир асман, деңизди жарып сүзгөн кемелер жок. Электрдик сигналдар гана бар.

Мээбизде бүт бул кабылдоолор пайда болгон, сүрөттөлүштөр көрүнгөн, үндөр угулган, жыттар пайда болгон бир жер барбы? Мээни терең изилдей турган болсок, бир-бири менен таасирлешүү ичиндеги нейрондор жана алардын арасындагы химиялык жана электрдик байланыштарды көрөбүз. Бирок мээнин эч бир жеринде түстөрдүн, формалардын, тексттердин жана тышкы дүйнөгө тиешелүү башка нерселердин көрүнүштөрүн таба албайбыз. Мээнин эч бир жеринде жалбырактары кыймылдаган жашыл бир дарак, соода кылып жаткан адамдар, үйлөр, машиналар, эмеректер жок. Мээнин эч бир жеринде бизге күлүмсүрөгөн бир досубуз, апабыз же атабыз жок. Сиз окуп жаткан бул китептин көрүнүшү мээнин эч бир жеринде жок. Кыскасы, айланабызда көрүп жатабыз деп ойлогон дүйнө сыртта да эмес, мээде да эмес.

«Сүрөттөлүш мээде» деген илимпоздор төмөнкү суроого жооп бериши керек. Эгер мээде бир сүрөттөлүш пайда болуп жатса, анда бул сүрөттөлүштү карап жаткан ким?

Калифорния университети психология бөлүмү жана неврология программасынын профессору жана Мээ жана кабылдоо борборунун башчысы Вилайанур С. Рамачандран (Vilayanur S. Ramachandran) Phantoms in the Brain (Мээнин алдануулары) аттуу китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

Колунда кармаган чыныдагы суусундукту карады. «Көз чанагымдын ичине бул чынынын тескери бир көрүнүшү түшүүдө. Ачык жана коюу түстүү көрүнүштөрдүн кыймылдары көз торчомдун бетиндеги фоторецепторлорду активдештирүүдө жана формалар бир жолду бойлой –бул жол оптикалык нерв- бир-бирден пиксельдер абалында жиберилүүдө. Мээмдин ичиндеги экранда чагылтылууда. Бул чыныны дал ушундай абалды көрүп жатамынбы? Албетте, мээм көрүнүштү кайра айландырып оңдошу зарыл.»

Анын фоторецепторлор жана оптика жөнүндөгү маалыматтары таасирдүү болсо да, мээнин ичинде бир жерлерде көрүнүштөр чагылтылган бир экран бар деген сөзүндө олуттуу бир логика катасы бар. Себеби эгер ички нейрондорго туташкан бир экрандан чынынын көрүнүшүн көрүп жаткан болгонуңузда, мээңиздин ичинде муну көрүшү үчүн башка бир кичинекей адамга муктаж болмоксуз. Бул дагы маселени чечпейт, себеби эми анын башынын ичиндеги көрүнүштү көрүү үчүн андан да кичинекей бир адамга муктаж болмоксуз жана бул ушундайча чексизге чейин уланмак. Натыйжада көрүү суроосунун чыныгы жообун таба албастан, эч түгөнбөгөн көздөр, көрүнүштөр жана кичинекей адамдардын маселесин чечүүңүз керек болмок.[50]

Рамачандран бул жерде токтолгон жагдай абдан маанилүү. Мээнин ичинде көрүнүш (сүрөттөлүш) пайда болот деп кабыл алсак, анда бул көрүнүштү мээнин ичинде карап жаткан бир адам болушу керек болот. Мээлердин ичинде көрүнүштөр, көрүнүштөрдү караган кичинекей адамдар жана алардын мээлериндеги көрүнүштөрдү караган кичинекей адамдар үзгүлтүксүз уланат. (Терең маалымат үчүн караңыз: Kuledeki Küçük Adam (Мунарадагы кичинекей адам), Харун Яхья). Мээнин ичиндеги көрүнүштү карап жаткан бир жандык болбогондуктан, мээнин ичинде көрүнүш

пайда болот деп айтуу чындыкка жана логикага жатпайт. Мээнин ичи капкараңгы, жарыксыз, жымжырт. Мээнин ичинде түстөр, бир-биринен кооз гүлдөр, ысыктык сезимин берген шашлык оту жана кооз сайраган куштар жок.

Андай болсо мээнин ичинде пайда болгон нерсе эмне? Рамачандран мунун илимий түшүндүрмөсүн мындайча жасайт:

... көрүүнү түшүнүү үчүн алгач мээдеги көрүнүштөр пикиринен кутулуу жана заттар менен окуялардын тышкы дүйнөдөгү «өкүлдүк сүрөттөлөрү» жөнүндө ойлонуу керек. Бул бетте жазылган абзацтар сыяктуу бир абзац «өкүлдүк сүрөттөөнү» абдан жакшы түшүндүрө турган бир мисал. Эгер Кытайдагы досуңузга үйүңүздүн кандай экенин түшүндүргүңүз келсе, үйүңүздү Кытайга алып барышыңыздын кажети жок. Үйүңүздү сүрөттөгөн бир кат жазуу жетиштүү болот. Бирок катыңыздагы сөздөрдү же абзацтарды пайда кылган сыя калем эч качан физикалык мааниде бөлмөңүзгө окшобойт. Кат – сиздин бөлмөңүздүн «өкүлдүк бир сүрөттөөсү».

Мээдеги «өкүлдүк сүрөттөөнүн» мааниси кандай? Албетте, сыя калем тамчылары эмес, бирок нерв өткөргүчтөрүнүн тили жөнүндө сөз болууда. Адам мээсинде көрүнүштөрдү анализ кылуу үчүн көп сандагы аймак бар, булардын ар бири көрүнүштүн белгилүү түрдөгү маалыматтарын алууда адистешкен татаал нейрон тармактарынан турат. Ар бир зат бул аймактардын ичинде ал затка тиешелүү бир катар иш-аракетти ишке кириштирет. Мисалы, бир калемди, китепти же бир адам жүзүн караганыңызда ар абал үчүн башка бир нервдик иш-аракет стимулданат жана сиздин эмнени караганыңыз менен байланыштуу жогоруураак мээ борборлоруна «маалымат берет». Бул иш-аракеттердин формасы, кагаздын бетиндеги сыя тамчылары сиздин бөлмөңүздү сүрөттөгөн же символдогон сыяктуу, заттарды сүрөттөйт же символдойт. Көрүү процессин түшүнүүгө аракет кылган биз илимпоздордун максаты – мээ мындай символдук сүрөттөөлөрдү жасоо үчүн колдонгон кодду чечмелөө; код чечмелөөчүнүн жат бир текстти чечмелөөгө аракет кылышы сыяктуу...[51]

Бирок бул картанын бар болушу өзү жалгыз көрүүнү түшүндүрө албайт, себеби мээнин ичинде, мурда айтып кеткендей, көрүү кыртышынын бетинде көрсөтүлгөндөрдү караган кичинекей бир адам жок.[52]

Ричард Л. Грегори болсо мындай дейт:

Көздөр мээде заттардын кабылдоолорунан турган бир сүрөттөлүш пайда кылат деген пикирден качынуу керек. Мээдеги сүрөттөлүш пикири булардын баарын көрө турган бир ички көздүн да болушун талап кылат. Бирок бул болсо бул сүрөттөлүштү көрө турган башка бир көздүн болушун, башка сүрөттөлүштөр үчүн башка көздөрдү ж.б. талап кылат. Бул болсо эч натыйжасыз түбөлүккө чейин ушундайча уланат.[53]

Айова университети неврология бөлүмү профессору жана башчысы Антонио Дамасио (Antonio Damasio) «абдан чынчылдык менен мындай деп айта алам; аң-сезимдин алгачкы маселеси – бул кантип «мээде бир тасма» пайда кыла алышыбыз,» деп айтуу менен илимпоздордун бул темада кабылган туюгун апачык мойнуна алууда. 21-кылым илиминин «Көргөн ким?» суроосуна жооп бере албаганы анык. Илимпоздор мээнин ичинде бир карап туруучу бар деген гипотезаны албетте ташташты. Бирок бул абал мээде пайда болгон сүрөттөлүш түшүнүгүн илимпоздор үчүн андан да чоң көйгөйгө айлантты. Мээнин ичиндеги бир чекит бизге сансыз детальга ээ, кемчиликсиз тактыктагы жана кемчиликсиз детальдарга ээ бир дүйнө сунууда. Болгондо да үзгүлтүксүз. Мунун илимий түшүндүрмөсү ушундай. Бирок пайда болгон «сүрөттөлүш» каерде?

Оксфорд университетинен психолог Сьюзен Блэкмор (Susan Blackmore) мындай жоромол жасайт:

* Крик «көз алдыбызда көргөн дүйнөнүн жандуу көрүнүшүнүн» байланыштарын тапкым келет дейт. Дамасио болсо муну «мээнин ичиндеги кино экран» деп атайт. Бирок эгер көрүү дүйнөсү чоң бир иллюзия болсо, анда бул адамдар издеген нерсесин эч качан таба алышпайт, себеби мээнин ичиндеги кино экран да, жандуу көрүнүш да мээде эмес. Булар дагы иллюзиянын бир бөлүгү.[55]

Сьюзен Блэкмордун оюу боюнча, көрүп-сезгендерибиздин баары бир иллюзия. Негизи иллюзия сөзү бул жердеги абалды толук түшүндүрө албайт. Иллюзия мээбизде пайда болгон окуяларды физикалык чындыктар менен салыштыруудан келип чыккан бир абал. Ал эми бул жерде адам сырттагы дүйнөнү, б.а. салыштыруу жасай турган бир физикалык реалдуулукту көрүп-кармай албайт. Булардын баары аң-сезим өндүргөн нерселер жана аң-сезим сырттагы реалдуулукту эч качан көрө албайт, уга албайт, сезе албайт. Булар бизге гана тиешелүү реалдуулуктар. Демек бул жердеги абалды иллюзия эмес, элес деп атоо туурараак болот.

Биз ээ болгон дүйнө биздин кабылдоолорубузда гана пайда болот. Бул дүйнөнү биз көргөндөй көргөн, бизге тиешелүү кабылдоолорду сезип кабылдаган, биздин дүйнөбүзгө күбө болгон эч ким жок. Көргөндөрүбүз мээбиздин бир бөлүгү дагы эмес. Мээ дагы бул элес көрүнүшкө тиешелүү. Биздин кабылдоолорубуз бизге көрсөтүлгөн, биз үчүн жаратылган бир дүйнөнү түзүшөт. Сыртта чыныгы, заттык бир дүйнө бар, бирок адам буга эч качан жете албайт. Кванттык физиканын ачуучуларынан Эрвин Шредингер (Erwin Shrödinger) айткандай, «ар адамдын дүйнө көрүнүшү анын аң-сезими пайда кылган түшүнүк жана дайыма ошол бойдон калат. Бул дүйнө көрүнүшүнүн башка бир жандыкка ээ экенин эч качан далилдөөгө болбойт».[56]

Көз алдыбызда деп ойлогон бир затты, мисалы бир китепти карап алган тажрыйбабызды аны ойлонуп гана ала алышыбыз бул чындыктын маанилүү далилдеринен. Мээнин ичинде чынында бар болбогон бир нерсенин көрүнүшүн алуудабыз. Вашингтон университетинен психолог Майкл Познер (Michael Posner) жана невролог Маркус Райхл (Marcus Raichle) мээнин бул кереметтүү механизми жөнүндө мындай дешет:

Көздөрүңүздү ачыңыз, бир пейзаж эч кыйынчылыксыз сиздин экраныңызды толтурууда; көздөрүңүздү жумуңуз жана ал пейзажды ойлоңуз. Ушундайча ал пейзаждын бир көрүнүшүн чакыра аласыз, албетте сиз көздөрүңүз менен көргөн пейзаждай жандуу, үзгүлтүксүз же кемчиликсиз эмес. Бирок пейзаждын жалпы өзгөчөлүктөрүнө ээ. Эки учурда тең пейзаждын бир көрүнүшү аң-сезимде пайда болууда. Чыныгы көрүү тажрыйбасы менен пайда болгон көрүнүш элестетилген бир көрүнүштөн айырмаланышы жагынан «кабылдоо» деп аталууда. Кабылдоо торчону сүзгөн жана андан соң мээде анализ кылына турган сигналдарды жөнөтүүчү нурдун продукту катары пайда болууда. Бирок бул сигналдарды жөнөтүү үчүн эч бир нур торчону сүзбөгөндө бир көрүнүштү кантип пайда кыла алуудабыз?[57]

Бир нерсени ал нерсенин өзү жок кезде ойубузда пайда кылган нерсе – өзү бар деп ойлогонубузда аны ойубузда пайда кылган механизм менен бирдей. Ошондуктан биз тышкы дүйнө катары көргөн сүрөттөлүштөр – бир жаңылуу, бир элес гана. Көргөндөрүбүздүн баары, көз алдыбыздагы түстүү дүйнө, досторубуз, айланабыздагы адамдар, ал тургай өз денебиз да бул элестин бир бөлүгү. Булардын баарынын булагы деп ойлогон нерсебиз, б.а. тышкы дүйнөнүн өзү биз үчүн дайыма белгисиз бойдон кала берет.

Бул көлөкө (элес) дүйнө иштеген ишканабызды, үйүбүздү, айланабыздагы адамдарды, машинабызды, жеген тамагыбызды, көргөн кинобузду, кыскасы, жашообуздагы бүт нерсени камтыйт. Үйүбүзгө киргенде чыныгы үйүбүздүн ичине киргендей бир сезимде болобуз. Чынында болсо чыныгы үйүбүздүн, ага абдан окшош, ал тургай сүрөттөлүш болушу мүмкүн деп эч кимөн санабаган бир копиясын мээбизде көрөбүз. Үйдүн ичинде көргөн адамдардын баарынын сүрөттөлүшүн кайра эле мээбизде көрөбүз. Бүт өмүрүбүз мээбиздин ичиндеги кичинекей бир жерде өтөт.

Бул темада изилдөө жасаган невролог жана психологдордун көпчүлүгү бул жерге чейинки жыйынтыкка оңой гана келишет. Бирок «кабылдаган ким» деген суроого жооп берүүдөн көбүнчө алыс турушат. Мээде кичинекей адамдарды издеп, булардын баарын кабылдаган заттык бир нерсени табууга аракеттенишет. Муну китептер, макалалар, конференциялар бою талкуулашып, муну чече албаган башка илимпоздорду мисал келтиришет жана муну чече албайбыз дешет. Бирок бүт илимий чындыктар апачык көрсөткөн жыйынтык – булардын баарын кабылдаган, көргөн жана сезгендин адам ээ болгон рух экендиги. Илимпоздор мээде издеген нерсе, б.а. «көргөн нерсе» - бул рух. Биз «тышкы дүйнө» деп кабыл алган жашоого тиешелүү нерселердин баары ушул рухка көрсөтүлгөн көрүнүштөр гана. Бул чындык кээ бир илимпоздор улуулугуна ишенген материализмди жок кылууда. Заттан башка эч нерсе жок деген материалисттер рухтун бар экенин эч кабыл ала алышпайт. Мына ушул себептен «кабылдаган ким» деген суроо материалисттер үчүн дайыма жоопсуз кала берет.

Адамга рух берген – бул Аллах. Бул рухка уктурган, көрсөткөн, сездирген – Аллах. Кемчиликсиз тунук, абдан детальдуу жана кереметтүү жандуу бир дүйнөнү биз үчүн элес катары гана жараткан, рухка булардын баарын башынан өткөрүп жаткандай сездирген, бүт нерсени жоктон жараткан – бул Улуу Аллах. Аллах аяттарында бул чындыкты адамдарга кабар берген:

**Кайыпты да, күбө болунганды да билүүчү, улуу жана күчтүү, боорукер – Ал. Ал жараткан бүт нерсесин эң кооз кылган жана адамды жаратууну бир ылайдан баштаган. Кийин анын урпактарын бир маңыздан (сүлаледен), болгону бир суудан жасаган. Кийин аны «түздөп бир калыпка салды» жана ага рухунан үйлөдү. Силер үчүн кулак, көздөр жана көңүлдөр жаратты. Канчалык аз шүгүр кылуудасыңар? (Сажда Сүрөсү, 6-9)**

## Үндөр мээбизде гана бар

Угуу процессинин системасы көрүү менен бирдей. Үн катары бизге жеткен маалыматтар – сүрөттөлүштөгү сыяктуу, электрдик сигналдар гана. Сырткы кулак айланадагы үн толкундарын кулак лакатору менен топтоп ортоңку кулакка өткөрөт. Ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп ички кулакка өткөрөт. Ички кулак болсо бул толкундарды үндүн тыгыздыгына жана жыштыгына жараша электрдик сигналдарга айлантып мээге жиберет. Мээде бул кабарлар ал сигналдар анализ кылынып жоромолдоно турган угуу борборуна жиберилет. Ушундайча угуу процесси ишке ашат.

Бирок бул жерде маанилүү бир жагдай бар: сүрөттөлүштөр сыяктуу, үндөр да мээбиздин сыртында бир жерлерде эмес. Өзгөчө адам аң-сезими жөнүндөгү изилдөөлөрү менен таанымал Кембридж университетинин математика жана теориялык физика бөлүмүнөн Питер Рассел муну мындайча түшүндүрөт:

Епископ Беркли биздин кабылдоолорубуздан башка эч нерсе жок деп жактады, андан соң эгер аны уга турган эч ким жок болсо, жыгылган бир дарак үн чыгарабы деген талаш жаралды. Ал кездерде үндүн абада кантип өткөрүлөөрү же кулактын же мээнин кантип иштээри жөнүндө эч нерсе белгисиз эле. Учурда ал жердеги процесстер жөнүндө бир топ көптү билебиз жана мунун жообу апачык «жок». Физикалык реалдуулукта эч бир үн жок, абада басым толкундары гана бар. Үн бир кабылдоочунун аны сезиши менен гана бар болот – бул кабылдоочу же адам, же бир кийик же бир куш же бир кумурска.[58] (басым оригиналына тиешелүү.)

Сырттагы үн биз үчүн биз аны кабылдасак гана бар. Бирок бул жерде дагы бир маанилүү жагдай бар: сүрөттөлүштөр сыяктуу үндөр да мээбиздин ичинде эмес. Мээде кайра эле электрдик сигналдар гана бар. Биз «чыныгы» деп кабылдаган үндөрдүн баары мээбиздин ичиндеги ушул электрдик сигналдардын бир натыйжасы. Бир досубуз менен маектешип жатканда, анын үч өлчөмдүү көрүнүшүн мээбизде туптунук кабылдап, андан келген үндү да анын канчалык алыстыкта турганын тастыктай турган абалда угабыз. Досубуз алыста болсо үндүн алыстан келгенин сезебиз. Чынында болсо, бул үн алыста да эмес, жакында да эмес. Электрдик сигналдар катары гана бар. Башкача айтканда, бул үн мээбиздин ичинде да эмес. Мээбиздин ичи жымжырт. Канчалык көп адамдуу жана ызы-чуу бир жерде болсок да, мээбиздин ичи тыптынч. Электрдик сигналдар берген сигналдар бизге сыртта көп адамдуу жана ызы-чуу бир дүйнө бар деген маалыматты берет. Бирок сырттагы бул көп адамдуу жана ызы-чуу дүйнөгө жете да албайбыз, аларды мээбиздин ичинде пайда кыла да албайбыз. Үн – биз кабылдаган бир нерсе.

Питер Рассел муну мындайча түшүндүрөт:

Бир кыяктын обонун угуп жатам, бирок мен уккан үн мээмде пайда болгон бир сыпат. Ал сыяктуу бир үн тышкы дүйнөдө жок, аба молекулаларынын толкуну гана бар.»[59]

Ошондуктан үндөрдү угуп жатканда да, сүрөттөлүштөгүдөй жаңылыштыкка туш болобуз. Үндөрдү да тышкы дүйнөдөн келип жатат деп ойлойбуз. Чынында болсо бир кабылдаган үндөр биз үчүн жаратылган көлөкө (элес) дүйнөнүн бир бөлүгү. Бул дүйнөгө тиешелүү сүрөттөлүштөр, даамдар, жыттар жана сезимдер сыяктуу, үндөр да бизге тиешелүү бул элес дүйнөнүн бир бөлүгүн түзөт. Биз тышкы дүйнөдө бар деп ойлогон жык-жыйма адамдуу чөйрөнүн ызы-чуусу, бизди чакырган досубуздун үнү жана уккан музыкабыз бизге гана тиешелүү бул элес дүйнөсүндө пайда болот. Булардын баарынын сырттагы реалдуулукка дал келип-келбешин эч биле албайбыз. Себеби мээбиздин сыртына чыгып, чыныгы дүйнөгө жетишибиз эч качан мүмкүн эмес.

## Жыттар менен даамдар да мээбизде гана пайда болот

Бышкан сонун бир тамактын даамы чындап тамактан келет деп ойлойбуз. Тамак бышып жатканда башкалар да биздей жыт сезип жатат деп ойлойбуз жана орток бир сезимди сезип жатабыз деп ишенебиз. Бирок бул бир күмөн гана. Бизге жыт молекулаларынын электрдик сигналга айландырылып, мээбизге жеткен абалы гана келет. Б.а. биз жыт деп атаган нерсе – көрүү жана угуу сыяктуу, электрдик сигналдардан турган бир кабылдоо. Сырттагы жыт молекулалары эч качан мээбизге жетпейт.

Атактуу ойчул Джордж Беркли бул чындыкты мындайча айткан:

Алгач түстөр, жыттар ж.б. чындап бар деп кабыл алынды; бирок кийинчерээк мындай көз-караштар жокко чыгарылды жана булардын сезимдерибиз урматында гана бар экени аныкталды.[60]

Жыт сезими – физикалык мааниде эч кандай жыт молекуласы чынында болбогон түштөр учурунда да абдан реалдуу сезүү мүмкүн болгон бир сезим. Адамдар түшүндө сүрөттөлүштү абдан тунук, кемчиликсиз көргөн, үндү эч кемчиликсиз уккан сыяктуу эле, жытты да ошондой сезишүүдө. Ошондуктан, буга таянуу менен жытты сезүү үчүн анын заттык бар болушунун шарт эмес экенин түшүнүү оңой болот.

Бул даам сезүүгө да тиешелүү. Адам тилиндеги даам сезүүчү аймактардын кызматы да – башка сезүү органдары сыяктуу, келген стимулду электрдик сигналга айлантуу. Ошондуктан биз көңүлүбүзгө жаккан бир тортту жегенибизде, эч качан анын чыныгы даамына жете албайбыз. Анын чыныгы көрүнүшүн укпаган, чыныгы жытын сезбеген сыяктуу эле, чыныгы даамын да тата албайбыз. Биз сезген даам – мээбизге электрдик сигнал катары жиберилген стимулдардын бир таасири. Б.а. өмүр бою биз сүйгөн бир тамагыбыздын, шоколаддын, мөмөнүн биздин элес дүйнөбүздөгү даамдарын сезебиз. Беш сезимибиз аркылуу мээбизде пайда болгон кабылдоолор бизге буларды сонун көрүнүштө, жыты жана даамы сонун деп айтышат. Бирок бул бүтүндөй бизге тиешелүү бир маалымат. Биздин сезимибизде бизге сездирилет. Мындан башка тышкы дүйнө жөнүндө эч нерсе билбейбиз.

## Тийүү сезими – мээге жиберилген электрдик сигналдар гана

Биз кабылдаган тышкы дүйнө ушунчалык реалдуу сезилгендиктен, кабылдоолордон (элестерден) турган бир дүйнөдө жашап жатканыбыз илимий бир чындык болгонуна карабастан, адамдардын көпчүлүгү элестердин кемчиликсиздигинен улам жаңылышат. Адамдарды жаңылткан эң чоң себептердин бири болсо – бул тийүү сезими. Адамдар көргөн, жыттаган же даамын таткан бүт нерсенин реалдуулугунан шектениши мүмкүн. Бирок буюмдарга тийүү сезими тышкы дүйнөгө тийип жаткандай сезим берип, аларды жаңылтышы мүмкүн. Бирок тийген нерсесинин бир электрдик сигнал катары мээге жиберилээри бул темадагы бүт стереотиптерди жок кылууда. Бүт башка сезимдерибиз сыяктуу, тийүү сезими да мээде пайда болот. Бир нерсени сезишибиз ал жөнүндө мээбизде алган маалыматыбыздан көз-каранды. Мээбиз кабылдабаса, затка тийсек дагы, аны сезе албайбыз.

Питер Рассел муну мындайча түшүндүрөт:

Зат катуу бир материал деген пикирибиз болсо, жашыл түс сыяктуу, аң-сезимде пайда болгон бир сыпат. Бул «сыртта бар нерсенин» бир модели. Бирок башка модельдер сыяктуу, сырттагы чыныгысынан абдан айырмалуу.[61]

Питер Рассел басым жасаган «чыныгы» сөзү абдан туура. Сырттагы затка тийгенде аны менен болгон байланышыбыз – бул колубуздун электрондорунун ал нерсенин электрондорун түртүшү гана. Б.а. чынында ага тийбейбиз дагы. Сырттагы нерсеге эч тийбейбиз. Ошентсе да, пайда болгон сезим анын сыпатын алып жаткандай сезим берет бизге. Бир дарактын катуу экенин, пахтанын жумшак экенин сезе алабыз. Экөөсүн эки башка сезебиз, бирок негизи молекулярдык деңгээлде ишке ашкан процесс электрондордун бири-бирин түртүшүнөн гана турат. Бир тийген нерсебизден келген катуулук сезими, бир мышыктын жүнүнөн же бир дубалдын одур-бодур бетинен алган сезимибиз бизге электрдик сигнал абалында гана жетүүдө. Б.а. физикалык алган тажрыйбабыз биздеги сезимден такыр айырмалуу. Ошондуктан сырттагы заттын өзүнө эч качан тийе албайбыз.

Бизге тышкы дүйнөгө тиешелүү бир сезим гана жетет жана бул сезимдерге таянуу менен тышкы дүйнөнүн кандай бир жер экенин биле албайбыз.

Пенсильвания университети ооруканасынын ядролук медицина бөлүмүндө доцент милдетин аткаруучу, доктор Эндрю Б. Ньюберг (Andrew B. Newberg) бул жөнүндө мындай дейт:

Илгери мындай деген кээ бир философтор бар эле: кара, эгер бир ташты тепсем, бутумун манжасы ооруйт, бул чындык. Муну сеземин. Чыныгы экенин сезем. Бул жандуу. Ушул реалдуулук (чындык) деп аталат.» Бирок негизи бул дагы эле бир тажрыйба жана бул дагы эле адамдын «чындык» сезими.[62]

Мисалы ысык бир нерсеге тийгенибизде, анын сезимин мээге жиберүү кызматын аткарган нервдер иштен чыгарылса, күйүп жаткан колубузду сезбейбиз. Ысыктан күйүү, аны сезүү жана мындан улам оору сезүү сезими мээнин жоромолу гана. Ошол сыяктуу, сыртта бир стимулдоочу болбосо да, электрдик сигналдарды жасалма жасоо жолу менен эле кабылдоо сезими пайда болушу мүмкүн. Сыртта күйүп жаткан бир от болбосо да, колубуздун күйгөнүн сезишибиз мүмкүн. Бул ал жердеги күйүү сезиминин биздин элес дүйнөбүздө гана пайда болгонунун дагы бир далили. Терең ойлонуу керек болгон бул маанилүү чындыкты 20-кылымдын атактуу ойчулу Бертран Рассел (Bertrand Russell) мындайча баяндаган:

...Манжаларыбыз менен столду баскандагы тийүү сезими болсо, бул манжа учтарындагы электрон менен протондорго бир электр таасири. Заманбап физика боюнча, столдогу электрон менен протондордун жакындашынан пайда болгон. Эгер манжа учтарыбыздагы ушундай таасир башка бир жол менен пайда болгондо, эч стол болбосо да, ошол эле нерсени сезмекпиз.[63]

Заттын негизги сыпаты, б.а. катуулук биздин кабылдоо дүйнөбүз үчүн илимий мааниде жок болду. Бир нерсени көрүп жатышыбыз анын чыныгы физикалык көрүнүшү жөнүндө бир далил жана ишарат бербейт. Биз тийген нерсе мээбизде гана пайда болгон нерсе. Сырттагы чыныгы сыпатын жана көрүнүшүн биз биле албаган бир элес. Илимпоз Ж.Р. Минкель (J. R. Minkel) New Scientist журналындагы бир макаласында муну мындайча түшүндүрөт:

Азыр бир журнал кармап турасыз, муну катуу бир зат катары кабылдап жатасыз жана сиз мунун ааламда көз-карандысыз абалда (өзүнчө) турганын көрүп жатасыз. Айланаңыздагы нерселер да ошондой, балким бир кружка кофе же бир компьютер, баары сыртта чыныгыдай көрүнүүдө. Бирок баары элес гана.[64]

## Алыстык да бир элес,
## мээбизде гана пайда болот

Маңдайыбыздагы бир адамдын алыс бир жерден жакындап келе жатканын дароо түшүнөбүз. Көрүнүшү, үнү жана чоңдугу турган жерине жараша өзгөрөт. Бул факторлорго жараша анализ кылып, ал адам менен арабызда кандай аралык бар экенин аныктайбыз. Бирок чынында ал адам менен арабызда эч кандай алыстык жок. Аны алыс бир жерде көрүп жатам деген ишеним мээбизде жасаган бир салыштыруу себебинен гана болот. Б.а. алыстык сезими бир кабылдоо (элес) гана.

Биз тышкы дүйнө деп атаган сүрөттөлүш ушунчалык ынандырарлык жана таасирдүү болгондуктан, адам булардын баарынын кабылдоолор гана экенине ишениши үчүн терең көңүл буруп ойлонушу талап кылынат. Сүрөттөлүштү мынчалык ынандырарлык жана таасирдүү кылган нерселер болсо – бул алыстык, терендик, түс, көлөкө, жарык сыяктуу элементтер. Бул материалдар ушунчалык кемчиликсиз колдонулгандыктан, мээбизде үч өлчөмдүү, түстүү жана жандуу бир

көрүнүшкө айланат. Чексиз сандагы детальдар бул көрүнүшкө кошулганда, биз эч байкабай өмүр бою чыныгысы (өзү) деп ойлоп ичинде жашаган, бирок чынында мээбизде гана көрүп, кармап, сезген жана чыныгысынын бир копиясы гана болгон бир дүйнө келип чыгат.

Биз алыстык деп атаган кабылдоо – үч өлчөмдүү көрүүнүн бир түрү. Сүрөттөлүштөрдө алыстык жана терендик сезимин берген нерселер болсо – перспектива, көлөкө жана кыймыл деп аталган элементтер. Оптика илиминде мейкиндик (space) сезими деп аталган бул кабылдоо түрү абдан татаал системалар менен камсыздалат. Бул системаны эң жөнөкөйлөштүрүп мындайча түшүндүрүүгө болот: көзүбүзгө келген сүрөттөлүш эки өлчөмдүү гана. Б.а. узуну жана туурасы бар. Көз карегине келген сүрөттөлүштүн чоңдуктары жана эки көздүн бир учурда эки түрдүү сүрөттөлүш көрүшү терендик жана алыстык сезимин пайда кылат. Биздин ар көзүбүзгө түшкөн сүрөттөлүш экинчи көзгө келген сүрөттөлүштөн бурч, жарык сыяктуу элементтер жагынан айырмаланат. Мээ бул эки башка сүрөттөлүштү бир сүрөт кылып бириктирүү менен терендик жана алыстык сезимин жаратат.

Алыстык биз үчүн бир сезим катары гана жаратылат. Жогоруда да айтылгандай, алыстан келатат деп ойлогон бир адам менен арабызда негизи эч кандай аралык жок. Маңдайыбыздагы киши биздин мээбиздин ичинде жалгыз тегиздик бетинде жаратылууда. Биз сезген алыстык сезими болсо мээнин жоромолу гана. Маңдайыбыздагы адам бизден алыста деп ушунчалык бекем ишенгендиктен, ага үнүбүз жетиши үчүн бийик үн менен кыйкырып, ага жетүү үчүн болгон күчүбүз менен чуркайбыз. Чынында болсо биз жеткибиз келген адам биз менен бир жерде. Чуркап өттүк деп ойлогон ар сантиметр квадраттык аянт биздин мээбиздин ичиндеги сүрөттөлүштүн бир бөлүгү. Чынында биз кыймылдабайбыз дагы, маңдайыбыздагы адам бизге жакындап, алыстабайт дагы. Бүт баары мээбиздин ичиндеги кичинекей бир чекитте бизге көрсөтүлүп гана жатат.

Мисалы, асманда учкан бир учак бизден километрлеген алыстыкта деп ойлойбуз. Чынында болсо ал негизи биздин жаныбызда, мээбиздин ичинде. Учакты караганыбызда учак чыгарган үн толкуну жана ал зат чыгарган жарык толкундарынын көзүбүзгө чагылган жыштыктары жана көлөмү натыйжасында учак бизден миңдеген километр алыста деп ойлойбуз. Бирок мээ эгер 2 бирдик болгон жыштык жана көлөмдү 1 бирдик катары кабылдаганда, абал такыр башкача болмок. Анда, миңдеген километр алыста деп бекем ишенген учактын такыр башка бир аралыкта экенине ынымакпыз жана мунун чындык экенине күмөн санамак эмеспиз.

Адам алдындагы терендик сезими ичинде көптөгөн детальды көрөт. Бир аз алды жагында колундагы китебин, андан арыраакта телевизор, андан да алысыраакта терезе, андан ары терезеден көрүнгөн учу-кыйырсыз токой жана эң алыста болсо күндү көрөт. Колу, буттары, денеси да бул көрүнүштүн ичинде. Ар биринин белгилүү бир перспективасы, караган жеринен белгилүү бир алыстыгы бар. Б.а. ал ошондой кабылдоодо. Терендик сезими, перспектива, көлөкөлөр жана сүрөттөлүштүн ичинде көргөн өз денеси чыныгы бир тышкы дүйнөнү көрүп жатканына аны ишендирүүдө. Бирок карап жаткан өз денеси да кошо, бүт баары мээсинин ичиндеги электрдик сигналдардын бир таасири. Алдында турган бир китеп менен эң алыста деп ойлогон күндүн арасында эч аралык (алыстык) жок. Булар менен өзүнүн арасында да эч аралык жок. Көргөндөрүнүн баары мээде пайда болгон жалгыз сүрөттөлүштүн бөлүктөрү.

Эки өлчөмдүү бир торчодо терендик сезиминин пайда болушу эки өлчөмдүү бир сүрөт полотносунда реалдуу бир терендик сезимин жаратууга аракеттенген сүрөтчүлөр колдонгон ыкмага абдан окшош. Терендик сезимин пайда кылган кээ бир маанилүү элементтер бар. Алар нерселердин

үстү-үстүнө жайгашышы, перспектива, кыртыштын өзгөрүшү, чоңдук, бийиктик жана кыймыл. Сүрөтчүлөр сүрөттөрүндө колдонгон ыкма мээбиздеги сүрөттөлүшкө да тиешелүү. Мээбиздеги эки өлчөмдүү бир жерде тереңдик, жарык, көлөкө ошондой ыкма менен пайда болот. Бир сүрөттөлүштө детальдар, б.а. жарык, көлөкө жана чоңдуктар канчалык майда-бараттуу жасалса, ал сүрөттөлүш ошончолук реалдуу болот жана сезимдерибизди жаңылтат. Натыйжада биз үчүнчү өлчөм болгон тереңдик жана алыстык бар сыяктуу кабылдайбыз. Чынында болсо, көргөн сүрөттөлүштөрүбүздүн баары бир кино тасмасы сыяктуу жалгыз бир бетте жайгашат. Мээбиздеги көрүү борбору абдан кичинекей! Бүт ал алыс аралыктар, алыстагы үйлөр, асмандагы жылдыздар, ай, күн, абада учкан учактар, куштар сыяктуу сүрөттөлүштөр ушул кичинекей жерге батырылат. Б.а. сиз карап миңдеген километр жогоруда деген бир учак менен колуңузду созуп кармай алган чыны арасында илимий жактан эч бир аралык жок, баары мээңиздеги кабылдоо борборунда жалгыз тегиздиктин (экрандын) бетинде.

Бул – кереметтүү бир жаратуу далили, укмуштуу бир чеберчилик, кемчиликсиз бир чыгарма. Аллах ар адамдын сезиминде бул кемчиликсиз сүрөттөлүштү жана детальдарды ар көз ирмем сайын, үзгүлтүксүз жаратууда. Адам маңдайындагы үч өлчөмдүү, тереңдиги бар сүрөттөлүштүн бар экенинен күмөн санай турган бир дагы кемчилик жок. Бизге тиешелүү дүйнө сырттагы оригиналынын (чыныгысынын) бир копиясы катары тынымсыз жаратылууда жана бул дүйнөгө тиешелүү ар бир детальда, ар бир чеберчиликте булардын баарынын Ээсинин күчү, кудурети жана жаратуу чеберчилиги көрүнүүдө. Бүт ааламдарды жараткан, алардын баарын ар бир адам үчүн өз-өзүнчө жараткан – бул бүт нерселердин Ээси жана Өкүмдары Улуу Аллах.

Аллах аяттарында мындайча буюрат:

**Аллах жети асманды жана жерден да алардын окшошун жаратты. Буйрук булардын арасында токтобостон түшүп турат; силердин чынында Аллахтын бүт нерсеге кудуреттүү экенин жана чынында Аллахтын илими менен бүт нерсени курчаганын билишиңер, үйрөнүшүңөр үчүн. (Талак Сүрөсү, 12)**

**Асмандарды жана жерди жараткан Аллахтын алардын окшошун жаратууга күчү жетээрин көрбөй жатышабы жана алар үчүн күмөнсүз бир мөөнөт (ажал) кылган. Зулумдук кылгандар болсо каапырчылыкта гана өжөрлөнүштү. (Исра Сүрөсү, 99)**

## Биз үчүн «чындык» эмне?

«Аларды көргөнүбүз жана аларга тийгенибиз үчүн жана бизге кабылдоолорубузду бергени үчүн нерселердин бар экенине ишенебиз. Бирок кабылдоолорубуз мээбиздеги пикирлер гана. Демек биз сезимдер аркылуу жеткен нерселер пикирлер гана, жана бул пикирлер мээбизден башка жерде сөзсүз болушпайт... Булардын баары мээбизде гана болгон нерселер болсо, анда ааламды жана нерселерди мээнин сыртындагы нерселер катары элестеткенибизде, жаңылып жаткан болобуз...»[65]

Кандайдыр бир нерсени көрүшүбүз, анын үнүн угушубуз же ага тийишибиз сырттагы заттык дүйнөнүн сыпаты жөнүндө эч маалымат бербейт. Биз үчүн бир затты зат кылган, анын физикалык затына байланыштуу бизге далил берген нерсе – аны кабылдап жатышыбыз. Бирок негизи биздин кабылдоо (элес) дүйнөбүздө кабылдоо ишке ашкан борбордо, б.а. мээнин ичинде сүрөттөлүш да, үн да, даам да, жыт да жок. Мээнин ичи чымкый караңгы, мээнин ичи жымжырт. Мээнин ичинде

жытты сезген, пайда болгон сүрөттөлүштөрдү караган кичинекей жандыктар жок. Ошондуктан мээнин ичинде сүрөттөлүштөрдүн жана үндөрдүн пайда болушу логикасыз, маанисиз жана илимий жактан мүмкүн эмес. Бирок биз ушундай чымкый караңгы жана жымжырт жерде таң калыштуу даражада кемчиликсиз, түстүү, кыймылдуу жана тунук бир дүйнөнү көрөбүз. Бул ушундай бир дүйнө: мээбиздин ичинде пайда болгон элес дүйнөсү болгонуна карабастан, чындап эле реалдуудай сезилет.

Мээде дүйнөнүн эч кемчиликсиз камерасынан да сапаттуураак сүрөттөлүш камсыз кылган, эң өнүккөн үч өлчөмдүү кино экран жана телевизордон тунугураак жана түстүү бир сүрөттөлүш пайда болууда. Мээде эң өнүккөн музыка системасынан да жакшы, тунук жана көп өлчөмдүү, чыныгысынан айырмалоо мүмкүн болбогон үндөр пайда болууда. Ошондой эле, мээде атырдын, гүлдүн жыты пайда болууда; ысык, суук сезими кемчиликсиз пайда болууда. Бул кемчиликсиз тунуктуктагы дүйнө Аллахтын каалоосу менен үзгүлтүксүз бизге сунулууда.

Адам толо бир базарда айланасын караган бир адам айланада чуркап жүргөн балдарды, соода кылып жаткан ар түрдүү адамдарды, түркүн түстүү витриналарды, тамактарды, жолду бойлой жүргөн көчө мышыктарын, ысык абаны, айланадагы кафелерден чыккан тамак жыттарын бир учурда кабылдап сезе алат. Кээде жанындагы киши менен сөзгө чумкуп, жанынан өтүп бараткан тааныштарына салам берүүдө, айланадагы гүлдөрдү жыттоодо. Бирок чынында бул адам мээсинин ичинде пайда болгон бир сүрөттөлүштү гана көрүүдө. Айланадагы жүздөгөн адамдар, көргөн детальдары, мурдуна келген жагымдуу жыттар мээсинин ичиндеги элес экранда пайда болууда. Ал болсо сезимдери аркылуу ага көрсөтүлгөн көрүнүштү карап, сезүүдө. Булардын баары бул адамдын жашоосу, бирок түпкүрүндө алардын баары анын мээсинде пайда болгон элестер жыйындысы гана.

Чынында ал турган чөйрө, б.а. бул дүйнөнүн өзү (чыныгысы) ал адамга сездирилгендейби? Муну биле албайбыз. Чындап айланасында жоон топ адамдар бар же жок экени, же гүлдөрдүн жытынын бүт айлананы каптап, каптабаганы жөнүндө эч нерсе биле албайбыз. Бизге көрсөтүлгөн – бул чөйрөнүн биз кабылдаганы гана. Биз үчүн тышкы дүйнө – кабылдаган дүйнөбүз гана. Органдарыбыз бизге жиберген электрдик сигналдар токтогон болсо, сыртта бир дүйнө болсо да, биздин тышкы дүйнөбүз да жоголот.

Биз бизге жиберилген, жеткирилген жана көрсөтүлгөнчөлүгүн биле алабыз. Ал болсо мээбиздин ичинде болуп жаткандардын баары.

Жерард О'Брайен биздин тышкы дүйнө жөнүндө кабылдаган дүйнө түшүнүгүбүз жөнүндө мындай дейт:

Биз жашаган дүйнө, кандайдыр бир мааниде башыбыздын ичинде жаратылган дүйнө, чындап дүйнөнүн өзүбү же андай эмеспи деген суроо ойго келет. Себеби эгер бир катар теоретиктер айткандай, дүйнөнүн негизи мээбизде жаратылганын кабыл алсак, анда биздин дүйнөдө башыбыздан өткөргөндөрүбүз менен тажрыйбаларыбыздын тышындагы чыныгы дүйнө арасындагы окшоштук чындап бир суроо ишараты катары алдыбыздан чыгат. Эгер биздин дүйнөдөгү тажрыйбаларыбыз менен дүйнөнүн чынында кандай экени арасында чоң дал келбөөчүлүктөр бар деп ойлосоңуз, анда биз көргөн дүйнөнү жана тажрыйбаларыбызды бир жагынан элес деп айтууга болот.[66] (басым оригиналына тиешелүү.)

## Андай болсо биз үчүн чындык эмне?

Адам чындык (чыныгы) деп ойлогон нерсе мээсинин жана сезимдеринин сыртында зат абалында бар болгон бир чыныгы дүйнөгө ишарат кылат. Адам бул дүйнөнү көрсө да, көрбөсө да, анын бар экенине толук ишенет. Эрте менен турганда өз бөлмөмдөмүн деген ишенимде болот. Бюросун жана бюросундагы компьютерин өз ордунда турат деп ойлойт, эртеси күнү эрте менен жумушка барганда аларды ал жерде көрөөрүнөн эч күмөн санабайт. Кечинде үйгө кайтканда үйүм ошол тарапта деп ойлойт. Досторунун, үй-бүлөсүнүн, тааныштарынын, туугандарынын, аларды көрсө да, көрбөсө да, бар экенин кабыл алат. Күн сайын жашаган жана кайталаган бул күнүмдүк тажрыйбаларынын көпчүлүгү булардын баары жөнүндө ойлонууга мүмкүндүк бербейт, ал тургай тескерисинче буларды тастыктай турган абалда ишке ашат.

Бирок негизи булардын баары оюбузда (мээбизде). Бизге сездирилген нерселер. Сыртта бар деп толук ишенген ал заттык дүйнөнүн элестүү бир копиясын гана көрүп жатабыз. Биздин дүйнөбүз бизге келген элестерден гана турат.

Сьюзен Блэкмор мээнин ичиндеги бул дүйнө жөнүндө мындай дейт:

Мээ – жеке бир театр сыяктуу. Мен бул театрдын ичинде, башымдын ичинде бир жерлердемин жана көздөрүмөн сыртты карап жатам. Бирок бул көп сезимдүү бир театр. Ушул себептен, тийүүлөрдү, жыттарды, үндөрдү жана сезимдерди да сезип жатам. Ошондой эле, мен кыялдануу күчүмдү да колдоно алам. Ички көзүм же ички кулагым урматында мээдеги бир экранда сүрөттөлүштөрдү жана үндөрдү көрүнө турган абалга келтире алам. Булардын баары менин аң-сезимимди түзөт жана «мен» буларды башыман өткөрүп жаткан бир көрүүчүмүн.[67]

Биз көргөн дүйнө – бир копия дүйнө гана. Чырактар менен жабдылган бир лунапарк мээде пайда болгон бир копия көрүнүш. Булагы электрдик сигналдар гана. Айланабыздагы адамдардын, жакындарыбыздын, айланадагы куштардын үндөрү – мээбиздин ичиндеги копия үндөр. Алардын булагы электрдик сигналдар гана. Жеген бир мөмөбүздүн даамы жана жыты мээбиздеги копия даам жана копия жыт гана. Мөмөнүн өзүн жей албайбыз. Мээбиздеги мөмөнүн бүт өзгөчөлүктөрүнүн булагы – бул электрдик сигналдар. Эч качан күндүн чыныгы ысыктыгын, деңиздин чыныгы салкындыгын жана бир кесим муздун чыныгы муздактыгын сезген эмеспиз. Себеби күндүн, деңиздин жана муздун өздөрүнө эч качан жете албайбыз, алардын бизге таасирлери – электрдик сигналдар гана.

Алдыбыздагы суу идиши негизи бизден алыста эмес. Алдыбызда турган жок. Ал мээбиздин ичинде. Анын көрүнүшүн мээбиздин ичинде көрөбүз. Идиштин айнегине тийдик деп ойлогонубузда, негизи анын өзүнө тийбейбиз. Себеби тийүүнү манжалар эмес, мээбиз сезет. Демек адам эч качан чыныгы бир идишке тийе албайт. Ал идиштеги сууну иче албайт. Ал ичкен суу анын мээсиндеги сезимдер (кабылдоолор) берген бир суу ичүү сезими гана.

Көп өлкөлөрдө көрсөтүлгөн What The Bleep Do We Know? (Эмне билебиз?) даректүү тасмасында Атланта, Штат Джорджияда Life университетинен медицина доктору Джо Диспенза (Joe Dispenza) «мээбиз мобул жердеги (сырттагы) менен бул жердегинин (мээнин ичиндеги) арасындагы айырманы билбейт» дейт, ушул эле тасмада Фред Алан Вольф болсо ««бул жердегиден» (мээнин ичиндегиден) көз-карандысыз бир «мобул жактагы» (сырттагы) жок»[68] дейт.

Биздин жашообуз ушул копия кабылдоолордун (сезимдердин) бир жыйындысы. Булардын чыныгыдай көрүнүшү болсо абдан алдамчы. Биз башка адамдар да биз менен бирдей нерселерди кабылдап жатат деп ойлоп, алар менен бул жөнүндө бир пикирге келебиз жана кабылдаган дүйнөнүн өзүн (чыныгысын) көрүп жатабыз деп ойлойбуз. Чынында болсо көргөн жана уккан

нерселерибиз жөнүндө биз менен бир пикирге келген маңдайыбыздагы адам да биздин мээбиздеги бир сүрөттөлүш гана. Мындан тышкары, ал кабылдаган нерселердин биздикинен айырмасынын эмне экенин эч качан биле албайбыз. Биз үчүн жашылдын кандай нерсе экенин, липа жытынын эмнеге окшошоорун ага сүрөттөй албайбыз.

Андай болсо чындык эмне? Джо Диспенза бул темада мындай суроолорду узатат:

Илимий эксперименттер, эгер бир адамды алып мээсин белгилүү PET сканерлери менен же компьютер технологиясы менен изилдеп жатып, белгилүү бир нерсени карагыла десек, мээнин белгилүү аймактары жарыйт. Анан көздөрүңөрдү жумуп ушул эле нерсени элестеткиле дегенде, ал нерсени чындап көзү менен карап жаткансып, мээнин ошол эле аймактары жарыйт. Бул илимпоздордун мындай суроо узатышына себеп болду: анда ким көрүп жатат? Мээ көрүп жатабы? Же көздөрбү? Чындык эмне? Чындык мээбиз менен көргөндөрүбүзбү? Же көзүбүз менен көргөндүрүбүзбү? Мындан тышкары, чындыгында мээ айланасында көргөндөрү менен эстегендери арасындагы айырманы билбейт. Себеби бир эле атайын нерв тармактары стимулданат. Натыйжада илимпоздор кайра эле бир суроону узатышат: чындык эмне?[69]

"What the Bleep Do We Know?" даректүү тасмасында Ж.З. Кнайт (J. Z. Knight) реалдуулукка мындай аныктама берет:

Бул реалдуулукту чындык деп айтууга мүмкүндүк бердик... кыялыбыз менен... кыймылсыздыкты талкалоо, хаостон чыгуу жана аны калыбында кармоо үчүн аны «зат» дейбиз.[70]

Биз бизге гана тиешелүү болгон бир элес дүйнөсүнүн ичинде жашайбыз. Бул дүйнөдөгү сүрөттөлүштөр башка эч ким аны көрө албаган, эч ким тастыктай албаган сүрөттөлүштөр, жана биз бул сүрөттөлүштөрдү чындык деп кабыл алабыз. Андай болсо чындык – бир элес ганабы? Бизге сездирилгенден гана турабы? Менин денем деп ээ чыккан денебиз, менин жашоом деп кабыл алган жашообуз биздин сезимибизде бир элес катары гана барбы?

Булардын баары чындап эле элестер. Өз мээбиздин ичинде жаратылган бир элес ааламынын ичинде өмүр сүрөбүз. Сырттагы реалдуу дүйнөнү көрүп жатабыз деп ойлойбуз. Бирок чынында биз үчүн мээбизде жаратылган жапжаңы бир дүйнө бар жана биз мунун тышына чыга албайбыз.

Философ Geoff Haselhurst биздин мээбиздеги реалдуулук түшүнүгүн илим түшүндүрө албашын айтат:

Экинчиден, (жана маанай чөктүрөт) кабылдоолорубуз бизди жаңыштышат. Философтор миңдеген жылдан бери мээбиздин кабылдоолорубузду көрсөтөөрүн жана ушул себептен, биз көргөн, таткан жана тийген дүйнөнүн биздин кабылдоолорубузга себеп болгон чыныгы дүйнөдөн айырмалуу экенин билишчү. Түс кабылдообуз мээбиздин кандай белгилүү бир нур жыштыгын көрсөтөөрүнө апачык бир мисал. Андан да, эгер реалдуулукка аныктама бере турган болсок, муну кабылдоолорубуз пайда кылган чыныгы нерселерге таянып жасашыбыз керек, өзүн толук чагылтпаган сезимдерибизге эмес. Ушул себептен илим тажрыйба кылып, байкап көрүүгө таянгандыктан, реалдуулукка аныктама берүүдө көп ийгиликке жетпөөдө.[71]

Питер Рассел болсо мындай дейт:

Биринчиден, заманбап физика жеткен жыйынтыктардын биздин тажрыйбаларыбыздан же чындыктардан абдан алыстаганына таң калышыбыз мүмкүн... Бирок мындан да таң калыштуусу - адам мээсиндеги реалдуулук көрүнүшүнүн бүт нерсенин өзүнө туура келген толук бир көрүнүшү болушу... Заттык дүйнө жөнүндө сөз кылганда, көбүнчө анын түбүндөгү реалдуулукту айтып жаткан болобуз – биз «сыртта» деп кабылдаган дүйнөнү. Бирок чынында биз чындыктын

көрүнүшүн гана сүрөттөйбүз. Биз жашаган материалдуулук, биз сезген катуулук, биз билген «чыныгы дүйнөнүн» баары – мээде жаратылган сүрөттөлүштүн бөлүктөрү. Булардын баары чындыкты жоромолдоо формалары. Канчалык кулакка парадокстуу угулса да, зат (материя) мээде жаратылган бир нерсе.[72] (басым оригиналына тиешелүү.)

Демек биз үчүн чындык сырттагы өзүнө эч жете албаган зат эмес. Мээбизде булардын баарынын электрдик сигналдарынан турган бир сүрөттөлүш пайда болуп жатат, демек чындык биздин мээбизде пайда болгон дүйнө дагы эмес. Бул дүйнө бүтүндөй элес, бир иллюзия. Биз бул дүйнөнү көрүп жаңылып, алданабыз. Ошондуктан «чындык» биз үчүн сыртта да эмес, мээбиздин ичиндеги сүрөттөлүштө да эмес.

Муну байкап кабыл алуу оорбу? Фред Алан Вольф адамдардын жашап жаткан элес дүйнөсүнө көнүп калганын жана «чыныгы реалдуулуктан» кантип алыс турууга аракет кылганын мындайча баяндайт:

Биз байкабастан ичибизде сакталуу бул сырды сактоо аракетиндебиз... Б.а. биз байкоосуздук менен бүт нерсе биз көргөндөй деген иллюзия астында жашоону тандайбыз. Бул мага же сизге гана тиешелүү болгон, маанилүү бир чындык эмес, бул ааламдын бар болушунун эң терең сыры... Мунун (бул сырды сактоо аракетинин) натыйжалуу болушунун жалгыз себеби – буга ишенүүдө баарыбыздын бир пикирде болушубуз. Эгер буга ишенүүнү бир мүнөт же бир секунда эле, ал тургай, бир миллисекунда эле токтотсок жана аң-сезимибиздин муну токтотконубузду байкашына шарт түзсөк, бул сырдын ачыкка чыкканын көрөбүз.

Жашообуздун кээ бир учурларында, кандайдыр бир жол менен, кандайдыр бир жерлерде, кыска убакытка бул улуу сыр ортого чыккан учурлар болот... Бирок эч качан «жашасын» деп кыйкырбайбыз. Театр салонунда эч ким таң калуудан шок болбойт. Жалгыз бир жаратуучу кыймыл учурунда, бир нерсе жоктуктан айырмалуу болот, бирок өзүбүздү алдап муну байкабайбыз. Бул ушундайча уланат. Айлананы алкыштар толтурбайт. Артыбызга сүйөнүп, көрсөтүүнү карап, терең бир дем алып, мындай дейбиз: «биз муну эч качан чече албайбыз, эң жакшысы кабыл гана алалы.»

... Көпчүлүгүбүз көнүмүш адат менен бул жөнүндө эч нерсе билбеген бойдон калабыз жана өмүрүбүздүн акыркы наносекундасына чейин бул элеске бекем жабышып жашайбыз. Океан менен жер жүзү арасындагы аба, жер менен суу арасындагы чекти карайбыз. Көпкөн кумду, сууну же абаны карап, айырмаларды эстейбиз. Ошол сыяктуу, өмүрүбүздү көрүнбөгөн бир кабыктын бизди «андагы тышкы дүйнөдөн» бөлгөнү абдан бейкапар бир күмөн ичинде өткөрөбүз. «Ичкериде», мээбиздин ичинде, биздин кыял күчүбүздүн ички дүйнөсүндө, коопсуздукта жана жалгызбыз. Эч качан, эч ким же эч нерсе биздин мээ дүйнөбүздүн ичине уруксатсыз кире албайт. Денебиздеги ар сезим бизге дайыма мунун чындык экенин айтат, ар бирибиз жалгызбыз. «Сырттагы» жана «ичтеги» дүйнөлөрдү бир-биринен бөлгөн сезимдик көрүнүштөрүбүзгө жолуктура турган ар маалыматты, ар ойду, ар элести, ар сезимди, сөздү жокко чыгарабыз. Бизге башкача бир нерсе айткан адамдарга күмөн менен карап, алар туура эмес жолго түштү болуш керек деп ойлойбуз, ал тургай жинди деген бүтүм чыгарып, аларды унутууга аракеттенебиз.[73]

Мээбиздеги дүйнөнүн чындык эмес экенин түшүнүү жана муну кабыл алуу бир материалист үчүн абдан оор. Бирок бул учурда илим тастыктаган абал. Ошого карабастан, Фред Алан Вольф да айткандай, бул улуу чындыкты көрмөксөн болушат. Бир элес дүйнөсүндө жашап жатышыбыз катардагы бир илимий ачылыш сыяктуу чагылдырылат жана чечилбеген бир маселедей кабыл алынат. Мунун жалгыз себеби – биз үчүн «чыныгы» нерсенин материалисттик пикир үчүн «кабыл

алынгыс» болушу. Материалисттер кабыл ала албаган жана илимпоздор тынбай издеген бул «чындык» - адамга тиешелүү рух. Бул дүйнөдөгү абсолюттук нерсе жана акыретте түбөлүк жашай турган – бул адам руху. Бул рухту адамга Аллах берген. Адамдан башка заттар да, адамдын өз денеси да, мээсиндеги жашоосу да бир күнү жок болуп кетет. Баки (Түбөлүктүү) жана Абсолюттук нерсе – Улуу Аллах каалаганына берген Өз буйругунан болгон «рух».

**Раббиң periштелерге: «Чынында Мен ылайдан бир адам жаратам» деп айткан эле. «Ага бир калып берип, ага Рухумдан үйлөгөнүмдө силер ал үчүн ылдам сажда кылгыла.» (Сад Сүрөсү, 71-72)**

## Түштөгү реалдуулук

Түш көрүп жатканда негизи эч ким менен сүйлөшпөйбүз. Эч кимди көрбөйбүз, көздөрүбүз жумук болот. Чуркабайбыз, баспайбыз. Алдыбызда чочуп качуубузга себеп болгон жандыктар же кооз, жапжашыл жана кең чөптүү майсаңдар же төмөн карагандан корккон ири имараттар же көчө толгон адамдар жок. Биз ушундай бүт көрүнүштөрдү көрүп жатып, чынында төшөгүбүздө жалгыз жаткан болобуз. Айланабызда деп ойлогон жоон топ адамдар чыгарган ызы-чуу жымжырт бөлмөбүздө бизге эч жактан келбейт. Ылдам чуркап баратам деп ойлогонубузда чынында дээрлик эч кыймылдабаган болобуз. Жаныбыздагы адам менен сүйлөшүп жатканда чынында оозубузду ачпайбыз дагы. Бирок түш көрүп жатканда булардын баарын чыныгыдай сезип, башыбыздан өткөрөбүз. Айланабыздагы адамдар, чөйрө, башыбыздан өткөн окуялар ушунчалык реалдуу сезилгендиктен, түш көрүп жатканда алардын чыныгы экенинен эч күмөн санабайбыз.

Түшүбүздө бизди машина сүзгөнүн көрүшүбүз мүмкүн жана муну менен байланыштуу сезимдерди толук сезебиз. Машина жакындап келе жаткандагы коркууну, машинанын келүү абалын жана ылдамдыгын, бизди сүзгөндө денебиздин ооруганын кадимкидей сезебиз жана бул окуянын чындап болуп жатканынан эч күмөн санабайбыз. Абанын ысыктыгы, адамдардын карагандары, кийген кийимдерибиз, баары абдан реалдуу. Бирок чынында булардын эч бири болбогон болот. Бизге эч кандай жарык, эч бир үн келген эмес болот. Сүрөттөлүштүн, үндүн, жыттын пайда болушу үчүн эч бир себеп жок. Тышкы дүйнө деген түшүнүк жок болгон болот. Мээбиздеги бир жашоо гана бар. Бирок мунун андай экенин билбейбиз. Түш көрүп жатканда, бизге «булардын баары түш» деп айтылса, буга ишенбей, жашап жаткан дүйнөбүздү чыныгы деп ынанабыз. Биз үчүн түш учурунда көргөн, жыттаган, тийип сезген жана уккандарыбыздын баары чындап бар. Мына ушул себептен, түш учурундагы коркууларыбыз, кубанычтарыбыз, тынчсыздануударыбыз чыныгы болот. Бардык физикалык тажрыйбаларды ойгоо кезибиздегидей башыбыздан өткөрөбүз. Түш учурунда түш көрүп жатамбы деген күмөн жарата турган эч кандай далил болбойт.

Түш – бизге тиешелүү тышкы дүйнөнүн бир элес гана экенин далилдөө үчүн абдан жакшы бир мисал. Түш учурунда адам айланасындагылардын чындык эмес экенине ишене албагандай эле, чыныгы жашоо деген бул дүйнөдө жашап жатканда да, мунун мээбизде кабылданган бир реалдуулук гана экенине ишене албай кыйналат. Чынында болсо, «чыныгы жашоо» деп аталган бул жашоодогу сүрөттөлүштөрдү кабылдоо формабыз менен түштөрдү кабылдоо формабыз бүтүндөй бипбирдей. Экөөсү тең мээбизде пайда болот. Эки сүрөттөлүштү тең көрүп жатканда, алардын чындык экенинен күмөн санабайбыз. Бирок түштөрдүн чындык эмес экенине колубузда чыныгы

бир далил бар. Уйкудан ойгонгондо «демек көргөндөрүм бир түш эле экен» дейбиз. Андай болсо, азыр көрүп жаткандарыбыздын бир түш эмес экенин кантип далилдей алабыз?

Аллах аяттарында бул чындыкты мындайча кабар берет:

**Сур үйлөндү; ошентип алар кабырларынан (тирилтилип) Раббилерин көздөй (топ-топ болуп) барышат. Айтышкан эле: «Кыйроо болсун бизге, уктап жаткан жерибизден бизди ким тирилтип-тургузду? Бул Рахман (болгон Аллах)тын убадасы, (демек) жөнөтүлгөн (пайгамбар)лар туура айтышкан экен». (Йасин Сүрөсү, 51-52)**

Азыр мунун далили бизге илимий берилген далилдер. Түштөн ойгоно турган учур болсо бул жашообуздун бүтүшү менен башталат. Демек, бул дүйнөнүн биз үчүн бир элес, бир түш сыяктуу мээде болуп жатканын кабыл алып, ошого жараша мамиле кылуу туура кадам болот.

Питер Рассел түштөгү реалдуулук менен бул дүйнөгө тиешелүү реалдуулукту мындайча салыштырат:

Дүйнө кабылдообуз – «сырттагынын» абдан ынандырарлык бир көрүнүшү. Бирок биздин түнкүсүн көргөн түштөрүбүздөн да «сыртта» болгон эч нерсе жок. Түшүбүздө айланабызда сүрөттөлүштөр, үндөр жана сезимдер бар экенин байкайбыз. Өз денебизди билебиз. Ойлонуп, чечим алабыз. Коркууну, ачууланууну, бакытты жана сүйүүнү сезебиз. Башка адамдарды биз менен сүйлөшкөн жана биз менен байланышта болгон, өз-өзүнчө адамдар катары кабылдайбыз. Түш биздин айланабыздагы «сырттагы» дүйнөдө болуп жаткандай сезилет. Ойгонгондо гана булардын баарынын түш экенин түшүнөбүз – бүт баары мээбизде жаратылууда.

«Бул болгону түш экен» дегенде, башыбыздан өткөргөндөрүбүздүн физикалык бир реалдуулукка таянбаганын айткан болобуз. Булар эскерүүлөрдөн, үмүттөрдөн, коркуулардан жана башка факторлордон турат. Ойгоо кездеги биздин дүйнө сүрөттөлүшүбүз өзүбүздүн физикалык чөйрөбүздөн алган сезимдик маалыматтарга таянат. Бул ойгоо кездеги башыбызга келген окуяларга бир логикалуулук жана түштө болбогон бир реалдуулук сезимин берет. Бирок чынында, ойгоо кездеги окуялар да түшүбүздөгүдөй эле мээбиздин продукту.[74]

Декарт болсо бул чындык жөнүндө мындай дейт:

Түштөрүмдө тигини-муну кылганымды, тыякка-быякка барганымды көрөмүн; ойгонгондо болсо эч нерсе кылбаганды, эч жерге барбаганымды, тыптынч төшөктө жатканымды түшүнөм. Менин азыр түш көрүп жатпаганыма, ал тургай, бүт жашоомдун бир түш эмес экенине ким мага кепилдик бере алат?[75]

Албетте, айланабыздагы адамдар да, кабылдоолорубуздун ээси болгон биз да азыр жашап жаткан жашообуздун бир түш эмес экенине эч качан кепилдик бере албайбыз.

Түшүбүздө бир музга тийгенде, анын муздактыгын, суулуулугун, тунук көрүнүшүн мээбизде толук кабылдайбыз. Бир гүлдү жыттаганда, гүлдүн өзүнө тиешелүү жытын толук сезебиз. Мунун себеби бир гүлдү чындап жыттап жатканда да, аны түшүбүздө көргөндө да мээбизде бир эле процесстердин жүрүшү. Демек, кайсы учурда гүлдүн чыныгы көрүнүшүн көрүп, чыныгы жытын алганыбызды биле албайбыз. Чынында болсо, эки учурда тең чыныгы гүлдү көрбөйбүз жана экөөсүндө тең гүлдүн көрүнүшү да, жыты да мээнин эч бир жеринде болбойт. Демек экөө тең реалдуулукту чагылдырбайт. Жеральд О'Брайен муну мындайча сүрөттөгөн:

Төшөгүбүздө уктап жатабыз, көздөрүбүз жумук, бирок дагы эле көпчүлүгүбүз абдан жандуу окуяларды жашап жатабыз. Бул окуяларда адамдар бар бир дүйнөдөбүз, айланабызда окуялар болуп жатат жана биз бул түштү көрүп жатканда, бул чөйрө бизге чындап дүйнөдөгүдөй көрүнөт. Бул чындап маанилүү, себеби бизге мээлерибиздин негизи окуяларды түшүбүздөгү сыяктуу өндүрүү жөндөмү бар экенин көрсөтүүдө. Бул болсо кээ бир философтор жана аң-сезим багытында эмгектенген теоретиктер үчүн жалпысынан төмөнкүнү көрсөтүүдө: балким биз ойгоо кезде жана дүйнөнү көрүп жатканда туура эмес пикирде болуп жаткандырбыз. Балким чындап бүт окуяларды, дүйнө менен байланыштуу бүт тажрыйбаларыбызды бир формада мээбиз калыптандырып жаткандыр жана биз дүйнө менен түздөн-түз байланыштабыз деген жалпы пикирибиз бүтүндөй туура эместир.[76]

Адам түш көрүп жатканда, анын түш экенин билсе, аны көздөй келе жаткан машина аны коркутпайт, колундагы мал-мүлкү, акчасынын убактылуу экенин билет, ага ач көздүк кылбайт. Колундагы байлык, кооздуктардын ойгонгондо жоголоорун билип, текеберленбейт. Түш көрүү учурунда адамдардын ага болгон терс мамилелеринин эч мааниси болбойт. Себеби бул чөйрөнүн да, адамдардын да чыныгы эмес экенин билет. Түшүндө сөзсүз түштөн ойгоноорун билет; мына ушул себептен дүнүйө артынан куубайт, дүнүйө үчүн кайгырбайт, бул жашоону эч бүтпөчүдөй сезип кызыкчылыктар артынан чуркабайт. Түштөн тышкары чыныгы жашоо бар экенин анык билет. Мына ушул себептен, түш көрүп жатканын билген бир адам үчүн түшүндөгү дүйнөнүн эч кандай мааниси жана баркы жок.

Түш жөнүндөгү бул мисал «чыныгы жашоо» деп аталган бул жашоого да тиешелүү. Бул жашоонун реалдуу эмес экенин, бир элес катары гана көрсөтүлгөнүн билген бир адам үчүн бул жерде дүйнө менен байланыштуу окуялардын жана уккандарынын эч мааниси болбойт. Себеби түштөгү сыяктуу, чыныгы эмес бир жашоодо жашап жатканын, мунун жасалмалыгын байкайт. Андан бир кызыкчылык күткөн адамдардын чынында бар эмес экенин, айланасындагы алдамчы кооздук жана өзүнө тартуучу нерселердин чынында бир элес гана экенин эми билет. Ошондуктан дүйнөдөгү нерселерге ач көздүк кылуунун, өз кызыкчылыгына жетүү үчүн аракет кылуунун эч мааниси болбойт. Өтүп кетүүчү бир түштүн ичинде жашап жатат жана чыныгы жашоонун мындан кийин башталаарын билет.

Жазуучу Ремез Сассон (Remez Sasson) бул жөнүндө мындай дейт:

Бул бир кино көргөзмөсү сыяктуу. Кинону көргөн киши каармандарга жана экрандагы окуяларга толугу менен өзүн алдырган. Каармандар менен бирге кубанат же кайгырат, ачууланат, кыйкырат же күлөт.

Эгер бир кезде экранды эми карабайм деген чечим алса жана көңүлүн болуп жаткан кинодон бери бура алса, кинонун иллюзиясынан чыгып өзүнө келет. Кино аппараты экранга сүрөттөлүштөрдү берүүнү улантат. Бирок ал эми мунун кинодон экранга чагылтылган нур гана экенин билет. Экранда көргөндөрү чыныгы эмес, бирок ошентсе да ошол жерде. Кинону көрүшү мүмкүн же көздөрү менен кулактарын жаап, экранды карабайм деп чечиши мүмкүн.

Бир кино көрүп жатканда, кандайдыр бир кезде катушка кысылып же ток өчкөнү себептүү кино токтоп калды беле? Телевизордо кызыктуу, арбоочу бир кино болуп жатканда кокустан ортодо реклама башталып кеткенде сиз кандай болосуз? Айланаңыздагы иллюзиядан кутулуп өзүңүзгө келесиз. Сиз уктап жатканда же түш көрүп жатканда, бирөө сизди ойготсо, бир дүйнөдөн башка бир

дүйнөгө айдалганыңызды сезесиз. Бул биз чыныгы деп атаган дүйнөдө да ушундай. Мындан ойгонуу мүмкүн.[77]

Биз жашап жаткан дүйнө да, түштөр сыяктуу элес сүрөттөлүштөрдөн, элес жыттардан, элес даамдардан жана элес сезимдерден турат. Албетте, бул жашоо бүтөөрдөн мурда каалаган бул түштөн ойгонуп чындыктарды көрүшү мүмкүн. Бул түштөн ойгонуу бул дүйнөнүн чыныгы эмес экенин байкоону, чыныгы жашоонун акырет экенин түшүнүүнү камсыз кылат. Акыретти түшүнгөн бир адам болсо дүйнөнүн убактылуу экенин түшүнүп, акыретте кутулууга жетүү үчүн Аллахты ыраазы кылуу керек экенин билет жана ушул максат үчүн жашап баштайт. Адамга дүйнө жана акыретте чексиз немат-жакшылыктарды алып келе турган чындыктардын бири мына ушул. Аяттарда кыямат күнү ойготулган адамдар мындайча кабар берилет:

**Сур да үйлөндү. Мына ушул эскертүү (ишке ашкан) күн. (Эми) Ар бир напси жанында бир айдоочу жана бир күбө менен бирге келди. «Ант болсун, сен мындан капылетте элең; мына Биз сенин үстүңдөгү тосукту ачып-алып салдык. Эми бүгүн көрүү-күчүң так, даана.» (Каф Сүрөсү, 20-22)**

## Мээде кабылдоо кемтиктери жана башкача бир тышкы дүйнө

Дүйнөнүн чыныгы көрүнүшүн көрүп жатканыбызга бизди ынандырган беш сезимибиз бул кабылдоолорду пайда кылган электрдик сигналдарсыз калганда, тышкы дүйнө да жоголот. Бул илимий бир чындык. Беш сезим электрдик сигналдар аркылуу гана бизге маалымат берет. Тышкы дүйнөдө кандайдыр бир маалымат болсо, бирок тиешелүү электрдик сигналдар бизге жетпесе, андан кабарыбыз болбойт.

Мээде кабылдоо жаңылуулары бул чындыкты бизге апачык көрсөткөн эң маанилүү далилдерден. Мисалы, маңдайыбыздагы бөлмөнү карап, бөлмөнүн баарын толук көрүп жатам деп ойлойбуз. Бирок чынында андай эмес. Маңдайыбыздагы бөлмөнүн кичинекей бир чекитин эч качан көрө албайбыз. Бул ушул бөлмө менен эле чектелбейт. Ар бир караган жерибизде ал «жок аймак» сөзсүз бар. Өмүр бою көргөн кадрларыбыздын баарында негизи ошол кичинекей чекитти эч качан көрө алган эмеспиз. Бул ар адамда бар болгон «сокур так (чекит)».

Мындай сокурдуктун себеби – көздү мээге туташтырган нервдердин көздүн бир чекитинде жок болушу. Бирок ошого карабастан, алдыбыздагы көрүнүштү дайыма кемчиликсиз көрөбүз. Мунун себеби – мээнин толуктоочу касиети. Сокур так себебинен көрүнбөгөн аймак мээнин «бойоо» жана арткы пландагы башка көрүнүштөр менен «толуктоо» жөндөмү себебинен көрүнө турган болуп калат. Бул негизи кереметтүү бир жагдай. Ал чекитте биз үчүн чыныгы мааниде эч нерсе жок. Мээ ал жерде пайда кылган нерсе бүтүндөй элес. Жана биз ал чекитти «көрө албашыбызды» эч билбейбиз. Мээ «сокур такты» ал жерде болушу керек деп чечкен эң жакшы божомолу менен, б.а. арттагы фон менен толтурат. Бул божомолдун кантип пайда болоору илимпоздор үчүн дагы эле табышмак. Калифорния университети психология бөлүмү жана неврология программасы профессору жана Мээ жана кабылдоо борборунун башчысы Вилайанур С. Рамачандран бул сырды мындайча баяндайт:

Мисалы, сокур тагыңызды бир квадраттын бурчуна «багыттоого» аракет кылсаңыз болот. Берки үч чекитти байкаган көрүү системаңыз кем бурчту толуктайбы? Бул экспериментти өзүңүзгө

жасаганда чынында бурчтун көздөн кайып болгонун, «тиштелгенин» же бозоргонун көрөсүз. Көрүнүшүн караганда сокур такта толуктоо жасаган нерв механизми бурчтарды эптей албай жаткандыр, толуктоого мүмкүн болгон же толуктоого мүмкүн болбогондун бир чеги бар.[78]

Мээдеги бул толуктоо процессинде биздин бир тандообуз болушу мүмкүнбү? Рамачандран бул суроого мындай жооп берет:

Көрүү менен байланыштуу кемчиликтерди толуктоо такыр башкача. Сокур тагыңызды бир килем кештеси менен толтурганыңызда, бул чекиттин эмне менен толукталганын сиз чечпейсиз, мээңиздин өзгөртө албайсыз. Көрүү боштуктарын толтуруу кызматын көрүү менен байланыштуу нейрондор аткарат. Алар бир жолу чечим алган соң алардын бул чечимин өзгөртүүгө болбойт: башка мээ борборлоруна бир жолу «ооба, бул өзүн кайталоочу бир кеште» же «ооба, бул түз бир сызык» буйруктары кеткенде, кабылдаган нерсеңизди артка кайтара албайсыз.[79]

Биз бир столду караганда көрүү системабыз столдун алгач бурчтары жөнүндө маалымат алат жана столдун сүрөтүнө окшош бир өкүл сүрөтүн мээбизде пайда кылат. Көрүү системасы андан соң столдун түсүн жана материалын тандайт. Булар «толуктоо» процесси үчүн маанилүү элементтер. Алынган бул маалыматтардан соң мээ маңдайындагы көрүнүш жөнүндө жалпы божомол жасайт. Мээбиз маңдайыбыздагы көрүнүштүн бүт детальдарын анализ кылууга мажбур болбойт жана детальдуу эсептөөлөргө киришпейт.[80] Мээбиз алдыбызда «ыктымал» көрүнүштү пайда кылган болот.

Ошондуктан мээ бизде бар деп ишенген бир иллюзияны пайда кылат. Сөз болуп жаткан сокур тактагы көрүнүш маңдайыбыздагы чыныгы көрүнүш эмес. Бирок биз муну байкабайбыз. Бирок кызыгы – көрүнүштүн толугу менен чыныгы экени жөнүндө бир дагы далилибиздин жок болушу. Чынында сокур тактагы бар болбогон көрүнүш да, башка көрүнүштөр сыяктуу чыныгы. Күнүмдүк жашообузда сокур тактын кайсы жерде экенин байкабайбыз дагы. Демек күн бою көргөн көрүнүштөрүбүздүн да элес же элес эмес экенин биле албайбыз. Бизге «реалдуу» көрүнүшү чыныгы экенине ишенүү үчүн жетиштүү эмес.

Мээдеги башка кабылдоо жаңылуулары же кабылдоо кемтиктери да бул чындыкты далилдейт. Булардын бири үстүңкү бет дальтонизми. Эгер мээнин эки жарым шарында да түстөр менен байланыштуу бөлүм болгон V4 жабыркаса, ушул оору келип чыгат. Мындай ооруга чалдыккан адамдар дүйнөнү боздун көлөкөлөрү абалында көрүшөт. Бүт баары ак-кара бир кино сыяктуу. Бирок гезит окуу, адамдардын жүзүн таануу же кыймылдарды жана багыттарды тандоодо эч кандай маселе жок.[81] Ал эми эгер ортоңку чыкый аймагы (МТ) жабыркаса, оорулуу дагы эле китеп окуй алат, түстөрдү көрө алат, бирок бир нерсенин кайсы багытта баратканын жана кандай ылдамдыкта баратканын биле албайт. Проф. Рамачандран бул жөнүндө төмөнкүлөрдү жазган:

(Мээде) бир же андан көп аймак жабыркаганда, бир канча неврологиялык оорулууда байкалчу парадокстуу мээ абалдарына кабыласыз. Алардын арасында неврологиялык мааниде эң белгилүү мисалдардын бири «кыймыл сокурдугу» аныкталган Швейцариялык бир аял (аны Ингрид деймин) менен байланыштуу. Ингриддин мээсинде ортоңку чыкый (МТ) аймагында кош тараптуу бир жабыркоо болгон эле. Көп жагынан кадимкидей көрчү, нерселердин формаларын айта алчу, адамдарды тааный алчу жана эч кыйынчылыксыз китеп окуй алчу. Бирок чуркап бараткан бир адамды же жолдо бараткан бир машинаны караганда, тартиптүү жана үзгүлтүксүз кыймылдарды көрүүнүн ордуна, кыймылсыз, ылдам жанып өчкөн кесик жана кокус кыймылдарды көрөт эле. Келе жаткан машинанын моделин, түсүн жана ал тургай номерлерин аныктай алганына карабастан,

алардын ылдамдыгын болжой албагандыктан, көчөдөн өтүүдөн коркчу. Бирөө менен сүйлөшүү телефон менен сүйлөшүүгө окшошот, себеби кадимки бир сүйлөшүү учурунда адамдын мимикасынын өзгөргөнүн көрбөйм дечү. Ал тургай, бир кружка кофе сунуу да чоң кыйынчылык жаратаар эле, себеби суюктук ашып, жерге чачылчу. Качан жайлашы жана качан кофейниктин бурчун өзгөртүшү керек экенин биле алчу эмес, себеби суюктуктун кружканын ичинде кандай ылдамдык менен көтөрүлүп жатканын болжой алчу эмес. Бул жөндөмдөр сиз менен мен үчүн абдан оңой болушу мүмкүн жана буларды абдан кадыресе кабыл алабыз. Бирок бир маселе пайда болгондо гана, мисалы бул аймак жабыркаганда гана көрүүнүн канчалык татаал экенин түшүнүп баштайбыз.[82]

Галлюцинациялар да кабылдоо жаңылууларынын дагы бир мисалы. Көбүнчө мээнин бир жабыркашы, ар кандай температуралуу оорулар, колдонулган дарылар же улгайуу жана кемакылдык натыйжасында пайда болгон галлюцинациялар – бул адамдын жок нерселерди бар катары кабылдашы. Галлюцинациялар адамдардын айланасында жок нерселерди көрүшү жана жок үндөрдү угушу абалында пайда болот. Мындай адамдар галлюцинация көргөндө аң-сезими жайында жана ойгоо абалда болот. Көрүнүштөр көргөн адам үчүн абдан реалдуу болот.

Саналган синдромдор мээдеги жабыркоолор же башка себептер натыйжасында келип чыккан оорулардын бир канчасы гана. Бул оорулар натыйжасында кээ бир адамдар жок нерселерди көрүшүүдө, чынында көрбөгөн, бирок ал үчүн абдан даана бир жашоону жашоодо. Кээ бирлер үчүн сырттагы түстөр такыр башка. Биз көргөн түркүн түстүү дүйнө аларга дээрлик бир ак-кара кино сыяктуу көрүнөт. Эгер чындап тышкы дүйнөнүн өзүн көрүп жатсак, эгер жашаган дүйнөбүз мээбизге келген электрдик сигналдар гана эмес болсо, анда бул адамдар эмне үчүн башкача бир кабылдоого ээ? Тышкы дүйнө эгер «жалгыз болсо», эмне үчүн алар да тышкы дүйнөнү биз кабылдагандай кабылдашпайт, эмне үчүн бир эле нерселерди биздей көрүшпөйт?

Булардын баарынын жообу мындай: биз тышкы дүйнөнү кемчиликсиз кабылдаганыбыздан жана кабылдоолорубуздун бир бүтүн экенинен шек санабайбыз. Бирок кээде галлюцинация көргөн бир адам да ушундай абалда болот. Ал дагы көргөн элес көрүнүштөрдү чындап бар деп ойлойт. Демек, мээбизде пайда болгон тышкы дүйнөнүн эмнеге окшошоору же башка адамдардын кабылдоолорунан айырмалуу же эмес экени жөнүндө эчтеке айта албайбыз. Бул 21-кылымдын илими менен эч сыноого, эксперименттер менен аныктоого эч мүмкүн эмес бир чындык. Ар бирөөбүз үчүн жаратылган дүйнөнүн кандай бир дүйнө экенин эч биле албайбыз. Биз бул дүйнөнүн ичинде бизге кабылдатылгандарды гана көрүп, сезебиз. Булардын тышына чыгышыбыз, мындан ашыкча ойлонушубуз мүмкүн эмес.

Сезүү органдарыбыз аркылуу жеткирилген электрдик сигналдар биз үчүн тышкы дүйнөнүн копиясын пайда кылышат. Бирок түпкүрүндө бул тышкы дүйнөнү кабылдаган, кабылдаган нерселеринен бир маани чыгарган, тынчсызданган, сүйүнгөн, кайгырган, толкунданган, ойлонгон, тааныган, анализ кылган бир «эго» бар. «Мен» деген бул жандык мээнин ичинде бир жерлердеби? Нейрондордун бир-бирине таасир бериши бизди ойлонтуп, бактылуу кылабы? Бир музыкадан ырахат алышыбызды камсыз кылабы? Бул өз ара таасирдешүү бир пейзажды кароодон же даамдуу бир тамакты жештен алган ырахатыбыздын булагыбы?

Албетте, акылы жана абийири бар бир адам булардын эч бирине «ооба» жообун бере албайт. Эгобуз (өздүгүбүз) мээнин бүтүндөй сыртында бир нерсе жана мунун аты «рух».

**Сага рух жөнүндө сурашат; айткын: «Рух Раббимдин буйругунан, силерге илимден аз гана берилген.» (Исра Сүрөсү, 85)**

# Өздүгүбүздүн (эгобуздун) булагы мээ эмес

## Кемчиликсиз жабдылган адам мээси

Мурдакы бөлүмдөрдө терең каралган кабылдоолор дүйнөсү – электрдик сигналдар аркылуу пайда болгон жасалма бир дүйнө. Бул сигналдарды жоромолдоп, аларды тааныган бир досубузга, кооз бир гүлгө, учу-кыйырсыз бир табиятка, апабызга, көчөдө ойноп жүргөн балдарга, сүйкүмдүү бир мышык баласына айланткан мээбизби?

Илимий мааниде сигналдардын мээде жоромолдонушу туура. Материалисттер ушуга таянуу менен биз мээнин ичиндеги нейрондор ганабыз, жана жашаган дүйнөбүз бул нейрондордун өз ара байланышынын бир натыйжасы дешет. Ойлонгон, күлгөн, кубанган, алдындагы адамды тааныган, жоромол жасай алган жандыкты, ДНКны ачкан материалист эволюционист физик Фрэнсис Крик айткандай, «бир нейрон жыйындысы» дешет.[83] Бир материалист үчүн адамдын кантип ойлонгону жана кабылдоолордон кантип маани чыгарганы маанилүү эмес. Маанилүү эмес, себеби буларды түшүндүрө албайт. Анын ою боюнча, баары материалдык жактан каралышы керек. Чынында болсо бул – адамдарды Аллах ишениминен алыстатуу үчүн чыгарылган чоң бир жалган.

Муну тереңирээк түшүндүрүү үчүн мээни жалпысынан тааныштыруу туура болот.

Адам мээси дүйнөнүн эң комплекстүү түзүлүштөрүнүн бири. Жаңы төрөлгөн бир наристенин мээси 100 миллиард нерв клеткасына ээ. Бул сан бир мээ ээ боло ала турган эң көп нейрон (нерв клеткасы) санына барабар. Адам мээсинде нейрон саны эч качан көбөйбөйт, убакыт өткөн сайын жалаң азайат. Нейрондор нерв системасынын эң негизги жана кызмат кылуучу элементтери. Ар нейрон башка нейрондор менен миңден он миңге чейин байланыш түзөт. Булар бириккен жерлер болсо синапс деп аталат. Бул чекиттер маалымат алмашылчу жерлер. Профессор Рамачандрандын ою боюнча, «мээ активдүүлүгүнүн ыктымал пермутациялары менен комбинациялары жер жүзүнүн башталышындагы белгилүү болгон бүт бөлүкчөлөрдүн санынан ашат.»[84]

Мээдеги бир нерв клеткасы клетканын метаболизмин (зат алмашуусун) улантышы, протеиндерди сиңириши жана клеткалардагы операциялардын жасалышы үчүн керектүү бүт жардамчыларга ээ.

Бир нейрондон сансыз бутактарга бөлүнгөн тинтүүрлөр (мурутчалар) чыгат. Булар дендрит деп аталат. Дендриттердин жашоодогу эң чоң кызматы – бул башка нейрондордон келген электромагниттик кабарларды алуу жана кабарларды тиешелүү клеткаларга алып баруу. Дендриттер клеткадан бөлүнгөн жерде салыштырмалуу жоон, бирок кийинчерээк ондогон, ал тургай, жүздөгөн бутактарга бөлүнөт. Бир топ ичкеришет жана ар жолкусунда андан да ичкеришет. Дендриттердин саны клетканын функциясына жараша өзгөрөт.

Нейрондон чыккан дагы бир бутак бар. Бул аксон деп аталат. Анын кызматы башка нейрондорго маалымат ташуу. Бул маалымат электрдик заряд абалында болот. Мээде өзгөчө нейрохимикаттар үчүн сактоо кампалары бар. Бул кеселер кабарларды тизмектеги кийинки клеткага ташуу үчүн химикаттарды чыгарышат. Ушундайча нейрондор маалыматты аксондору аркылуу кийинки нейронго өткөрүшөт. Б.а. башка нейрондон келген маалыматты дендриттер алат, аксондор болсо башка нейрондорго өткөрөт. Аксондор бир метрге чейин узарышы же миллиметрдин ондон бириндей кичинекей болушу мүмкүн.

Мээде канча типтеги нейрон бар экени так белгилүү эмес, божомолдор боюнча 50 түр нейрон бар.[85] Формаларындагы, чоңдугундагы, байланыш типтериндеги жана нейрохимиялык курамындагы айырмачылыктарга карабастан, бүт нейрондор дээрлик бирдей формада маалымат ташышат. Бир-бири менен электрохимиялык бир тилде сүйлөшүшөт. Бир нейрондон чыккан жана башкасы тарабынан алынган маалымат оң заряддуу атомдор же иондор тарабынан пайда кылынган электрдик сигналдар катары алынышат. Булар өзгөчө оң заряддуу натрий жана калий иондору жана терс заряддуу хлорид иондору.[86] 100 миллиард нейрондун баары бир канча миңден 100 миңге чейин нейрон менен байланыш түзөт. Жалпы бир эсептөө боюнча жетилген бир адам мээсинин 100 триллион синапс (байланыш чекитин) пайда кылаарын айтууга болот.[87]

Крейг Хемилтон бул жөнүндө мындай дейт:

Бүгүнкү күнгө чейин иштеп чыгылган эң комплекстүү тармак кайсысы? Эгер интернет деп ойлосоңуз, дагы болжоп көрүңүз. Жүз миллиард нейрондон турган электрохимиялык матрица урматында адам мээси интернеттин кооз бир жөргөмүш торундай эле көрүнүшүн камсыздоодо. Ар бир нейрондун 50000 башка нейрон менен байланышы бар экени эске алынса, бул жалпы жүз триллион байланыш маанисине келет.[88]

Бир нейрондогу маалыматты өткөргөн аксон башка нейрондун дендритине жеткен чекиттеги боштук, б.а. синапс бир сантиметрдин миллиондон бириндей.[89] Ошондуктан, аксон менен дендриттер бир-бирине тийбейт. Байланыш секунданын миңден биринде ишке ашат. Кээ бир нейрондор бир канча дендрит абалында бутактайт. Кээ бирлери болсо дээрлик бир токой пайда кыла турганчалык көп дендритке ээ. Эгер бир адам мээсиндеги байланыштарды санайм десе, ар бирин бир секундада санаса, баарын санап бүтүшү 3 миллион жылга созулат. Бул болжол менен 42000 адам урпагы дегенди билдирет.[90] The New Yorker гезити жазуучуларынан Корнелл университетинен Диана Акерман An Alchemy of Mind (Мээнин (акылдын) алхимиясы) аттуу китебинде бул комплекстүү система жөнүндө төмөнкү детальдарды берген:

Канчалык мүмкүн эместей көрүнсө да, ааламдагы жылдыздардын санындай көп мээ клеткасы байланышына ээбиз. Жок дегенде бизге көрүнгөн ааламды айтып жатам, себеби ченөөгө мүмкүн болгон ааламдын 96%ы бизге көрүнбөйт. Бир саамга эле космостун чексиздигин элестетиңиз... Андан соң мээнин ичиндеги микроскопиялык кыймылдуулукту ойлонуңуз. Кадимки бир мээ 100 миллиард нейронду камтыйт жана дене кычкылтегинин төрттөн бирин күйгүзөт. Болжол менен 1,5 килограммдай эле болгону менен, дене калорияларынын көп бөлүгүн сарптайт. 10 Ваттык бир чырактай электр энергиясын колдонот. Мээнин бир кумдан чоң эмес бир чекитинде 100 000 нейрон болжол менен бир миллиард синапс менен иштеп өз кызматын аткарат. Бир эле мээ кабыгында (мээ кыртышы) 30 миллиард нейрон ар бири 1 дюймдун (1 дюйм = 2,54 см) миллиарддан бириндей чоңдуктагы 30 триллион синапста кезигет.[91]

Берилген бул маалымат боюнча, эгер секунда сайын мээ кабыгында пайда болгон жалгыз синапсты санай турган болсок, муну 32 жылда санап бүтүрө албайбыз. Эгер ыктымал нейрон чынжырларын (мээде ага келген сигналдарды ар кандай жоромолдогон жана баалаган борборлор) да эске ала турган болсок, гипер-астрономиялык бир сан келип чыгат: 10дун артында эң аз бир миллион нөл.[92]

Бул темадагы эң таң калыштуу чындыктардын бири болсо – кереметтүү сандарга ээ бир адам мээсинин эч качан башка бир адамдын мээси менен бирдей болбошу. Бир жумуртка эгиздердики да бирдей болбойт. Б.а. бул таң калыштуу комплекстүүлүктөгү система Аллахтын каалоосу менен ар

адамда башка башка жасалган жана ар кандай формада пайда болгон. Бирок комплекстүүлүгү ошол бойдон.[93]

Компьютерлер мээнин кемчиликсиз системасын тууроо аркылуу өндүрүлүүдө. Компьютер технологиясында эң ири фирмалардын бири IBM'дин тажрыйбалуу технология адиси Керри Бернштейн мээнин көп тараптан компьютер долбоорлоодо тууралганын, бирок мээдеги долбоордун ошондой сапатта копиялоонун колдогу эч бир технология менен мүмкүн эмес даражада комплекстүү экенин айтууда. Бернштейн бул жөнүндө мындай дейт: «Мээде кереметтүү бир параллельдүүлүк бар. Б.а. бир бит маалымат бир убакта толук 100 000 нейронго таркай алат. Натыйжада мээ белгилүү болгон эң ылдам компьютерден жүз миңдеген эсе ылдам болууда. Биз болсо муну электроникада жасай албайбыз.»[94] Ошондуктан мээни компьютерге окшотуу абдан жөнөкөй жана мээнин жогорку кубаттуулугу жөнүндө жетиштүү даражада далил болбогон бир окшотуу болот. Рокфеллер университети нейроилимдер институтунун башчысы, Нобель медицина сыйлыгынын ээси Джеральд М. Эдельман (Gerald M. Edelman) бул жөнүндө мындай дейт:

Эң биринчиден, бир катар мурдатан аныкталган сигналга ээ магниттик компьютер бөлүгү сыяктуу, дүйнө мээге алдын ала сунулган эмес. Бирок ошентсе да ... мээ үйрөнүүгө жана эс тутумга ортомчулук кылат жана ошол эле учурда дене функцияларын жөнгө салат. Нерв системасынын көрүү, үн ж.б. сыяктуу ар түрдүү сигналдарды кабылдоо категорияларын ишке ашыруу жана буларды мурдатан белгиленген бир кодсуз логикалуу класстарга бөлүү жөндөмү абдан өзгөчө жана компьютерге эч салыштырып болбойт. Бул категорияга бөлүү операциясынын кантип ишке ашырылаары алигече толук аныктала алган жок...[95]

Мээдеги система чыныгы мааниде кемчиликсиз. Бирок бул жерде айткандарыбыз нейрондордун өз ара таасирин, аксон менен дендриттердин комплекстүү бир система ичинде маалыматты алып өткөрүшүн камтууда. Мээдеги «тышкы дүйнө» жана адамды адам кылган өзгөчөлүктөрдүн булагы каерде? Сокур жана аң-сезимсиз атомдордун биригишинен пайда болгон нейрондор жана алар түзгөн мээ мынчалык жогорку бир аң-сезимдин булагы боло алабы? Профессор Вилайанур С. Рамачандран бул жөнүндө төмөнкүлөрдү айтууда:

Жалпы ишеним ушундай болсо да, аң-сезимдик жашообуздун бүт байлыгын – бүт сезүүлөрүбүздү, сезимдерибизди, ойлорубузду, амбицияларыбызды, сүйүүбүздү, ишенимдерибизди, ал тургай ар бирибиздин өзгөчө жана жеке эгобузду – башыбыздын ичинде, мээбиздин ичиндеги кичинекей килкилдек бөлүкчөлөрдүн бир иш-аракети катары кароо мени таң калтырган.[96]

Бул абал материалисттер үчүн таң калыштуу, себеби материалисттер адамды адам кылган бүт нерселерди, адамдын сүйүнүчүн, тынчсызданууларын, ишенимдерин, адамдын жеке эгосун мээсинин ичинде бир жерлерде издешет. Бир досун көргөндө адамды кубанткандын, бир күчүктү көргөндө адамдын ичин уйгу-туйгу кылган сезимдин, адамдын чечим алуу, ишенүү, сезүү, толкундануу, сүйүнүү, кайгыруу сыяктуу сезимдеринин булагы нейрондор дешет. Бирок мээнин ичине кирип нейрондорду изилдеген илимпоздор жана неврологдор булардын эч биринин булагын мээнин ичинен таба алышкан эмес. Мына ушул себептен жаңы аныктама беришкен жана адамды адам кылган нерселердин булагы «аң-сезим» дешкен. Андай болсо, аң-сезим деген эмне жана материалисттер аны түшүндүрө алышканбы?

## Материалисттер түшүндүрө албаган «аң-сезим» түшүнүгү

Эгер көргөн көздөрүбүз эмес болсо, капкараңгы бир жерде көзгө, көз торчосуна, карекке, көз нервдерине муктаж болбостон, түркүн түстүү бир гүл бакчасын көргөн жана андан ырахат алган ким?

Кулакка муктаж болбостон, электрдик сигналдарды тааныштарынын үнү катары уккан, бул үндөрдү укканда кубанган, бул үндөрдү тааныган ким?

Эч бир жыт кирбеген мээнин ичинде мештеги кекстин жытын сезген, андан ырахат алган ким?

Бир гүлдү көргөндө андан ырахат алган, бир мышык баласын көргөндө аны сүйгөн, эч бир колго, манжаларга жана булчуңга муктаж болбостон мышыктын жүндөрүн сылап жатканын сезген ким?

Нерв клеткаларынан гана турган, бир канча жүз граммдык бир кесим эт жашообуздун, кайгылардын, кубануулардын, достуктардын, туруктуулуктун, ак пейилдиктин, толкундануунун себеби боло алабы?

Эгер булардын себеби мээ эмес, булардын баарын кабылдаган жандык болсо, анда кабылдаган ким?

Тышкы дүйнөнү кабылдаган, мээбиздеги «кичинекей адамбы»?

Кванттык физиктер айткан «байкоочубу (кароочу)»?

Бул байкоочу мээнин ичинде бир жерлердеби?

Андай эмес болсо, анда каерде?

Фред Алан Вольф бул суроого мындайча жооп берет:

Бир байкоочунун кванттык физика көз-карашы жагынан эмне кылаарын билебиз. Бирок кимдин же эмненин чыныгы байкоочу экенин билбейбиз. Бул жооп табууга аракет кылбадык деген мааниге келбейт. Изилдедик. Башыңыздын ичине кирдик. Бүт жакты карадык, байкоочу делген бир нерсени табуу үчүн. Эч ким жок эле. Мээде эч ким жок эле. Мээнин кабык (үстүңкү бет) аймактарында эч ким жок эле. Астыңкы кабык аймактарында же чет аймактарда да эч ким жок эле. Байкоочу деп айтууга боло турган эч ким жок эле. Бирок анткен менен, тышкы дүйнөнү байкап жатканда биз байкоочу делген нерсенин тажрыйбаларын жашайбыз.[97]

Илимпоздор эми мээнин кабылдоолордун булагы эмес экенин, бир ортомчу кызматын гана аткараарын түшүнүштү. Ошондой эле, илимпоздор көп кылым мурдагы ишеним болгон «мээнин ичиндеги кичинекей адам» түшүнүгүнөн да толугу менен алыстаашты. Илимпоздор «байкоочу» деп атаган эгонун мээден көз-карандысыз экенин апачык көрүштү. Алар эми кабылдоолордун булагынын адам аң-сезими экенин билип калышты.

Роберт Лоуренс Кун (Robert Lawrence Kuhn) Closer to Truth (Чындыкка жакыныраак) аттуу китебинде муну мындайча сүрөттөйт:

Эмне үчүн кээ бир физиктер кокустан адам ойун (мээсин, акылын) мынчалык изилдеп башташты? «Кээ бирлер ойдун чыныгы реалдуулук» экенин жана заттын болсо жалганчы бир элес болушу мүмкүн экенин ойлоп башташты. Мынчалык акылдуу адамдын ушунчалык таң калыштуу спекуляцияларды чыгарышына түрткү боло турган даражадагы ойдун иш-аракеттери менен байланыштуу болгон тема эмне? Мунун себеби белгилүү деңгээлде биздин реалдуулукту кабылдообузду түбөлүк өзгөртө турган эки негизги теориянын кызыктай таасирлери: кванттык механика субатомдук бөлүкчөлөр деңгээлине белгисиздик киргизди, салыштырмалуулук болсо ааламдын чоң масштабында убакыт менен мейкиндикти бириктирди. Бирок физика теориялары

ойдо (мээде) болуп жаткандарды түшүндүрө алабы? Атомдордун кыймылдары адамдардын кыймыл-аракеттерин аныктай алабы? Ааламдын түзүлүшү биздин кандай ойлоноорубузду, сезээрибизди жана билээрибизди сүрөттөй алабы?[98]

Бир адамдын жашашы, кабылдашы, сүйүүсү, сүйүнүчү, кайгысы, ойлору, кыскасы, адамды адам кылган өзгөчөлүктөр, албетте, атомдордун кыймылдарынын бир натыйжасы эмес. Тышкы дүйнөнү кабылдап байкай алган, адамга адам болуу өзгөчөлүгүн берген нерсе адамдын мээсинен көз-карандысыз бир нерсе. Адамдын бир нерсени байкай алышы, бир нерсени анализ кыла алышы, ойлоно алышы, тандоо жасай алышы жана башка бүт адамдык өзгөчөлүктөрү үчүн заттык ар кандай түшүнүктөн тышкары бир түшүндүрмө талап кылынат. Бир эволюционист болгонуна карабастан, ал тургай, «Дарвиндин бульдогу»[99] деп эскерилгенине карабастан, Томас Гекслинин (Thomas Huxley) төмөнкү сөздөрү жалындуу бир материалисттин да чындыктарды байкашы мүмкүн экендигинин маанилүү бир далили:

Аң-сезим сыяктуу таң калыштуу бир нерсенин өз ара таасирдешүү абалындагы нерв кыртышынын бир натыйжасы болушу – Аладдин лампасын сүрткөндө ичинен жиндин чыгышы сыяктуу түшүндүрүү мүмкүн эмес бир нерсе.[100]

Май, суу жана протеиндерден турган бир түзүлүштүн адам эгосун түзүшү, адамды кабылдоочу, ойлонуучу, сүйүнүүчү, реакция берүүчү, мактануучу, толкундануучу бир жандыкка айлантышы, албетте, мүмкүн эмес. Материалисттердин пикирлери кабылдоолордун мээден көз-карандысыз экени жөнүндөгү чындык натыйжасында бүтүндөй кыйрады. 20-кылымдын алдыңкы физиктеринен Сэр Рудольф Пелерис (Sir Rudolf Peleris) бул жөнүндө мындай дейт:

Адамдын бүт функциясын – маалымат жана аң-сезим да кошо- физика шарттары менен түшүндүрүүгө аракет кылган сунушуңардын эч жактай турган тарабы жок. Бул жерде бир нерселер кем.[101]

Питер Рассел болсо бизге тиешелүү заттык дүйнө аң-сезимдин гана продукту дейт:

Биз билген бүт нерсенин, «сыртта» деп кабылдаган бүт материалдык дүйнөнүн, бул окуянын бир бөлүгү, аң-сезимде пайда кылынган бир сүрөттөлүш экенин түшүнгөнүбүздө, чындыктын биздин күнүмдүк көрүнүшүбүздүн бүтүндөй тескериси экенин түшүнөбүз. Билишибиз боюнча зат – аң-сезим чыгарган бир нерсе... Ушул себептен реалдуулуктун табияты – аң-сезим. Мейкиндик, убакыт, зат, энергия –биздин сезимдерибиз менен пайда болгон катуу дүйнө- аң-сезимдин ичинде пайда болууда. Бул кереметтүү дүйнөнүн негизи зат эмес, аң-сезим.[102]

Биз реалдуулук деп атоого аракет кылган нерсе негизи аң-сезимге таянат. Түс, үн, жыт, даам, убакыт, зат, кыскасы дүйнөдө биз кабылдаган өзгөчөлүктөрдүн баары аң-сезимдин ичиндеги бир калып жана өзгөчөлүк. Аң-сезимибиз урматында ааламдагы бүт нерсени түшүнө алабыз. Бирок аң-сезимди тышкы дүйнөдөн көрө албайбыз. Питер Рассел мунун себебин мындайча түшүндүрөт:

Аң-сезимди байкоо жүргүзгөн дүйнөбүздө көрө албашыбыздын себеби – бул аң-сезимдин мээбизде пайда болгон сүрөттөлүштүн бир бөлүгү болбошу.[103]

Питер Рассел да айткандай, тышкы дүйнөнү кабылдаган аң-сезимибиз байкоо жүргүзүлгөн тышкы дүйнөнүн ичинде эмес. Ошондуктан, аны көрүп анализ кыла албайбыз. Рассел аң-сезимди бир кино экранга чагылтылган нурга окшотот. Кинодо көрсөтүлгөн окуя ичинде экранга жарык нурларынын гана чагылып жатканына эч бир далил жок. Адам экрандагы сүрөттөлүштөрдү гана көрөт. Бирок ансыз эч бир сүрөттөлүш болбогон нурдун өзү байкалбайт дагы. Аң-сезим да ушул

сыяктуу, биз көргөн заттык дүйнөнүн ичинде болбогондуктан, кол менен кармап, көз менен көрө турган бир мүнөзгө ээ эмес.

Диана Акерман (Diane Ackerman) аң-сезимге мындайча аныктама берген:

... Мээ жымжырт, караңгы жана дудук. Ал эч нерсе сезбейт. Ал эч нерсени көрбөйт... Мээ өзүн тоолордун арасына же космоско ыргыта алат. Мээ бир алманы кыялданат жана муну чыныгыдай сезет. Чындап эле, мээ кыялданган бир алмасын көргөнүнөн абдан кыйынчылык менен айырмалайт...

Мээ аң-сезим эмес... Бир мааниде, машинанын ичиндеги элес.[104]

## Аң-сезимдин булагы: адам руху

Бул жерге чейин биз кабылдаган тышкы дүйнөнүн аң-сезимдин ичинде пайда болгон бир көлөкө (элес) дүйнө гана экенин жана заттык нерселердин өзүн көрүп, кармай албашыбызды далилдеп көрсөттүк. Ушул чындыктардын негизинде материалисттик философия жактаган «абсолюттук зат» түшүнүгү бүтүндөй жараксыз болуп калды. Бирок ошого карабастан, түшүндүрүү керек болгон маанилүү бир суроо турат. Питер Рассел бул суроону мындайча койгон:

Илимпоздор комплекстүү нейрон тармагынын кандайча аң-сезимдүү бир тажрыйбаны камсыз кыла алганын сурашууда. Аң-сезим сыяктуу заттык эмес бир нерсе кантип заттык дүйнө сыяктуу аң-сезимсиз бир нерседен пайда боло алат? Бул маалыматтардын нерв тармагын бойлой комплекстүү калыптандырылышынын бир натыйжасыбы? Нейрондордун ичиндеги микропробиркалардын кванттык дал келүүчүлүк (когеренттүүлүк) таасирлеринин натыйжасыбы? Же башка бир нерсеби?...[105]

Бул эки реалдуулукту бир-биринен бөлгөнүбүздө, бул суроо тескерисинче болуп калат: зат, мейкиндик, убакыт, түс, үн, калып жана башка биз сезген бүт өзгөчөлүктөр кантип аң-сезимде пайда болууда? Мээнин ичинде муну пайда кылган ыкма кайсы?

Бул чындап түшүндүрмө талап кылган маанилүү бир суроо. Аң-сезим эмнеден жасалган? Аң-сезимде бүт бул кыймылдуу дүйнөнү пайда кылган эмне? Бул суроо азыркы 21-кылымда илимпоздор дагы эле жообун издеп жаткан, ал жөнүндө китептер жазылган, конференциялар уюштурулган, чечүүгө аракет кылган, бирок эмнегедир чечүү жолун айтуудан тартынган бир суроо. Аң-сезимдин булагы эмне деген суроо жөнүндө жазылган жүздөгөн китеп, макала жана сансыз илимпоздун жоромолу бул жөнүндө күтүлгөн жоопту берген жок. Аң-сезим темасы 21-кылымдын эң чоң табышмактарынын бири катары кабыл алынган жана бул темадагы дээрлик бүт изилдөөчү, жазуучу, профессор бул теманы түшүндүрүү мүмкүн эмес экенин айтуу менен сөзүн баштап, кайра ошону менен сөздөрүн бүтүрүшкөн. Джеффри М. Шварцтын төмөнкү сөздөрү буга бир мисал:

... Физикалык мээ иш-аракеттерин мээ кубулуштары менен байланыштыруу чоң бир илимий жеңиш болгону менен, мээ жөнүндө изилдөө жасаган кишилердин көпчүлүгүн канааттандырган жок. Себеби неврологдор да, философтор да нейрондордун кыймыл-аракеттеринин кандайча болуп субъективдүү сезилген акыл-эстик абалдарды пайда кылганын канааттандырарлык түшүндүрө алган жок. Тескерисинче, нейробиолог Роберт Доти (Robert Doty) 1998-жылы «нейрондордун кыймыл-аракет формасынын кантип субъективдүү аң-сезимге айланаары табышмагынын адамзаттын негизги сыры бойдон кала бергенин» айткан.[106]

Муну чындап эле түшүндүрүү мүмкүн эмеспи? Же илимпоздор түшүнгүсү келбеген, күтпөгөн бир чындыкка ишарат кылып жатабы? Кванттык физиканы жактоочу илимпоздор көп жылдар бою кабыл алып келген материализмдин таасири астындабы? Же алардын чындыкты көрүшүнө тоскоол болгон бир себеп барбы?

Аң-сезим темасы, албетте, түшүндүрүлгүс эмес. Мээнин ичиндеги сүрөттөлүштү «көрүп жатам» деген, мээнин ичиндеги үндөрдү «угуп жатам» деген, өзүнүн бар экенин билген аң-сезимдүү нерсе – бул Аллах адамга берген рух. Материалисттик көз-караш мына ушул чындыктын ачыкка чыгышынан, бул чындыкты адамдардын түшүнүшүнөн тартынууда. Материалист илимпоздордун «дагы эле чечилбеген аң-сезим» сөздөрүнүн түпкү себеби ушул. Рухтун абсолюттук бар экени, рухту адамга Аллахтын бергени алардын бүт материалисттик ишенимин жана пикирлерин астын-үстүн кылып, кыйратууда. Канчалык «түшүндүрүлгүс» мөөрүн басууга аракет кылышпасын, аң-сезимдин булагынын рух экени, адамга тиешелүү реалдуулуктун, «мен менмин» деген жандыктын рухуна тиешелүү экени анык жана талашсыз бир чындык. Аллах Куранда адамдын алгач денесин жаратканын, андан соң ага «рухунан үйлөгөнүн» билдирген:

**Раббиң периштелерге айткан эле: «Мен кургак бир ылайдан, калыпка салынган бир балчыктан бир адам жаратамын. Ага бир калып бергенимде жана ага рухумдан үйлөгөнүмдө ылдам ага сажда кылып (жерге) жыгылгыла.» (Хижр Сүрөсү, 28-29)**

Аң-сезим темасын изилдеген илимпоздор кабыл алып, моюнга алышы керек болгон эң негизги чындык ушул. Стэнфорд университетинин зат таануу жана инженериясы профессору Уильям Тиллер (William Tiller) бул чындыкты кабыл алган илимпоздордон:

Менин моделим боюнча, байкоочу – бул төрт катмардуу биологиялык дененин ичиндеги рух. Ушул себептен ал машинадагы элес сыяктуу.

Көзгө муктаж болбостон көрө алган, кулакка муктаж болбостон уга алган, мээге муктаж болбостон ойлоно алган – адамдын «руху».[107]

## Адам руху жана жок болгон материализм

**Өмүр сүрүшүңүздүн эки гана жолу бар: биринчиси бүт баарын керемет эместей кабыл алып жашоо. Экинчиси болсо бүт баарын кереметтей көрүп жашоо. Мен экинчисине ишенем.[108]**

*Альберт Эйнштейн*

Рухтун бар болушу материалисттер кылымдардан бери күрөшүп келген динсиздик (атеизм) принцибин илимий жактан жок кылууда. Рухтун бар болушу материализмди өлтүрүүдө, Аллахтын абсолюттук бар экенин көрсөтүүдө. Кабылдагандын, көргөндүн, уккандын, кубангандын, бир гүлдүн жытынан ырахат алгандын, музыка угуудан ырахаттангандын бул денеден көз-карандысыз бир рух экенин билүү бүт адамдардын Аллахтын алдындагы жоопкерчилигин билип жашашын талап кылат. Бүт жандыктар кокустан бир-биринен эволюциялашып келип чыккан жана натыйжада адам менен шимпанзенин атасы бир деген эволюция теориясы рух чындыгын кабыл алуу

натыйжасында жер менен жексен болот. Натыйжада материалисттер кылымдар бою ар кандай пропаганда, маалымат каражаттары жана «мээ чайкоо» ыкмалары менен түзгөн материалисттик дүйнө тартиби жана көз-карашы рухтун илим тарабынан кабыл алынышы менен астын-үстүн болот.

Материалист илимпоздор адамды адам кылган өзгөчөлүктүн адамдын руху экенин билишет. Бирок жогорудагы себептерден улам билбейбиз дешет.

Фред Алан Вольф муну мындайча баяндайт:

Учурда Аллах, илим жана рухтун бир-бирине туура келишин түшүндүрүүнө аракеттенген, эң акыркы жарык көргөн китептердин көпчүлүгүн изилдегенде төмөнкү чындыкты ылдам байкайсыз: Рух, ал ээ болгон эң негизги өзгөчөлүктөрүнө (булар ыйыктык жана өлүмсүздүк) жана негизги максатына (аң-сезим бар болушу үчүн керек экени) маани берилбестен, заттык бир процесс катары түшүндүрүлүүгө аракет кылынууда же алдыңкы планга чыккан китеп аттарына карабастан, эч качан талкууланбоодо.[109]

Илимпоздордун сөздөрүнөн да көрүнүп тургандай, илим материализмди гана негиз алган бир түшүнүккө айланган. Илимди жамынып жасалган иш-аракет болсо ачыкка чыккан чындыкты кабыл алуунун ордуна, анын материализмге ылайыкташтырылган формасын кабыл алуу болуп калган. Натыйжада учурдагы абал абдан парадоксалдуу. Себеби илим адам аң-сезими менен байланышта адам көрүп, сезген бүт материалдык дүйнөнү жокко чыгарууда, бирок «илимге» жамынуу менен бул илимий чындык артка таштaлууда.

Калифорния университетинен элементардык бөлүкчөлөр физиги Фред Алан Вольф, бир илимпоз катары, илимдин кандай болушу керек экенин мындайча сүрөттөйт:

**Илимдин ар кайсы баскычтарынан чыккан жана мени чындап тынчсыздандырган нерсе өз текебердигим болгон. Менин илимий көз-карашыма туура келбеген башкалардын пикирлерине маани бербей абдан текебердик кылыптырмын. Дүйнөнү кыдырып жергиликтүү элдер жана адамдар менен таанышып убакыт өткөргөндө, текебердигимин туура эмес экенин түшүндүм. Х.Г. Уэллс аңгемесинде айтып берген адам сыяктуу илимий жактан сокур бир өлкөдө бир көздүү адам хан боло алат. Негизи чыныгы сокур мен элем. Илимий маалыматтар жагынан жетишсиз элем. Илимий көз-караштарымдан көз-каранды болгон сайын көрө албай жаттым. Мен бүт нерсени көрөм деп ойлочумун, бирок чынында эч нерсени көрө албай жаттым. Ушул себептен мурда чындык деп ойлогон нерселерди таштоого мажбур болдум жана ошентип ал адамдар көрө алгандарды мен да көрдүм. Аягында бул жаңы көз-карашка ээ болгонумда илимге көз-карашым бүтүндөй өзгөрдү. Ошентип илимди бир инструмент катары гана көрүп баштадым; ааламдагы жалгыз маанилүү же бар нерсе катары эмес. Илим адам болуунун эмне мааниге келээрин тереңирээк изилдөөбүзгө жардамчы боло турган бир инструмент. Бирок биз буга али жете албадык деп ойлойм. Али ойгоно элекпиз деп ойлойм. Азыр дагы эле баарыбыз уктап жатабыз жана тынымсыз бизди ичинде турган саздан куткарышы үчүн ойубузга механикалык түрдө ишенип түш көрүп, үмүт кылып, каалоодобуз. Жүрөгүбүз менен рухубузду мээбиз менен бирге колдонгондо гана илим жаңы бир дүйнө тартибине ыңгайлашып баштайт.[110]**

Фред Алан Вольф бул жерде басым жасаган чындык – бул илим ааламдагы жаратылууну түшүнүү үчүн бир инструмент гана экени жөнүндөгү чындык. Бул улуу жаратуу болсо Аллахка гана тиешелүү. Бүт нерсенин ээси, жалгыз чыныгы Зат – бул Аллах. Адам мээси менен илимди колдонуу аркылуу Аллахтын жараткандарын көрө алат, аларды ача алат, алардагы чеберчилик менен

жогорулукту түшүнө алат. Илим Аллахтын чыгармаларына жетүү жана алардагы детальдарды көрө алуу үчүн бир инструмент гана.

Бул чындыкты түшүнгөн башка бир жазуучу болсо What is Enlightenment? журналынын редакторлорунан Крейг Хэмилтон:

*Жылдар өткөн сайын динден алыс бир түшүнүк менен тарбияланып чоңойгонума карабастан, өзүмдү руханий бир изденүүгө арнадым жана кыска убакыт ичинде илим менен байланыштуу окуу китептеринде сүрөттөлгөндөн бир топ терең бир реалдуулукту сезип баштадым. Маани, максат жана сырларга толо бул дүйнө байкалып баштаган сайын, илим бүт реалдуулукту түшүндүрө алат деген пикирди кабыл алуум кыйындап баратты.*

*Эволюционист биологдордун балдарыбызды максатсыз бир ааламда жашап жатканына ишендирүү үчүн нео-дарвинизмдин али далилденбеген догмаларын колдонгонун билемин жана дагы бир жолу илимге болгон симпатиямды жоготуудамын.*[111]

Материалист илимпоздордун да бул чындыкты байкашы маанилүү. Себеби «кабылдаган ким?» суроосунун бир гана жообу бар жана бул жооп эми физикалык бир мааниге ээ: кабылдаган – бул Аллах адамга берген рух. Адамдар муну билмейинче же билмексен боло берген сайын, аң-сезим менен байланыштуу жасалган изилдөө жана түшүндүрмөлөрдүн эч бир мааниси болбойт. Кванттык физика берген далилдер көрсөткөн чындык апачык көрмөксөндүккө алынган болот. Адамды адам кылган нерсенин материалисттер айткан ар кандай материалдык түшүнүктөн жогору экени анык. Буга материалдык бир түшүндүрмө издөө чындыкты бүтүндөй көрмөксөн болуу дегенди билдирет жана убакытты текке кетирет.

Мээбиздеги сүрөттөлүштү рухубуз көрөт. Мээбиздеги жыттарды, даамдарды алган, бирөөгө тийгенде аны сезген, маңдайыбыздагы адамдын сөздөрүн уккан – бул рухубуз. Кабылдагандын мээ эмес экенин сансыз далилдер менен түшүндүрдүк, жана бул учурда илимий далилденген бир чындык. Атактуу философ Бергсон айткандай, «дүйнө сүрөттөрдөн жасалган, бул сүрөттөр биздин аң-сезимибизде гана бар; мээнин өзү болсо бул сүрөттөрдүн бирөөсү».[112] Демек көргөн, сүйүнгөн, ойлонгон, боор ооруган, тамактын даамын сезген, ырахат алган, жумшакты сезген – рухубуз гана. Адамды адам кылган касиет адамдын өз денесинен көз-карандысыз бир нерсе. Бир пейзажды кароодон ырахат алган, кичинекей бир чыйырчыкка боор ооруган, бир тамактын даамын байкаган, сонун бир музыка угуудан ырахаттанган, кыйын чечимдерди ала алган, ойлонуп тууранын таба алган, өз эгосун изилдеген жана жыйынтыктар чыгарган – бул адам ээ болгон рух.

Кванттык физиканын ачуучуларынан атактуу физик Эрвин Шредингер бир эле материалдык дененин кабылдоо (элес) дүйнөсүн түшүндүрө албашын мындайча сөз кылат:

...Балаңыздын ага жаңы бир оюнчук алганыңызда сизге туура күлүмсүрөгөнүндөгү жаркыраган, кубанган көздөрүн эстеңиз жана анан доктор сизге бул көздөрдөн эч нерсе таркабаганын түшүндүрсүн. Чынында алардын (көздөрдүн) объективдүү түрдөгү жалгыз сезүү мүмкүн болгон функциясы – бул тынымсыз сүзгөн жарык кванттарын кабыл алуу. Чынында! Ажайып бир чындык! Анда (бул чындыкта) бир нерселер кемдей көрүнүп жатат...[113]

Адамдын ойлорун, сын-пикир жөндөмдөрүн, чечим алуу механизмдерин, сүйүнүч, толкундануу, капалануу сыяктуу сезимдерин мээдеги нейрондордун кыймылдарынын бир натыйжасы деп ойлоо акылга туура келеби? Аң-сезимсиз атомдор чогулуп сүйүнүүнү, кайгырууну, даамды, достукту, маектен ырахат алууну биле алабы? Аң-сезимсиз атомдор чогулуп мээни изилдеген, ал жөнүндө жоромолдор жасаган, аң-сезим жөнүндө ой жүгүрткөн жана бир жыйынтык

чыгарууга аракет кылган илимпоздорду пайда кыла алышабы? Адамды адам кылган, ага тышкы дүйнөнү кабылдаткан – денесинин ичинде айланып жүргөн электрдик сигналдар ганабы?

Бир нерсенин чечимин алган, бир нерсени сагынган, бир нерсени жактырган, бир нерсенин коөздугуна суктанган мээдеги кайсы нейрон? Эгер булардын баарын аң-сезим ишке ашырып жатса, анда аң-сезим мээдеги кайсы нейрондо? Орду каерде? Кайсы химиялык реакция аң-сезимди пайда кылууда? Кайсы химиялык реакция бир адамдын алманы жактырышын, шпинатты жактырышын чечүүдө? Эгер бүт баары мээнин ичинде болуп жатса, анда кайсы нейрон ойлонуп жатат? Чечим алган кайсысы? Чечимдеринен улам толкунданган нейрон каерде? Материалисттер булардын баарына жооп бериши керек. Эгер «бүт нерсенин булагы аң-сезим» деген жыйынтыкка жетишкен болсо, анда мээнин ичинде аң-сезимдин ордун көрсөтүшү керек. Эгер бүт баары заттан гана турган болсо, анда аны көрсөтүшү зарыл. Эгер аны көрсөтө алышпаса, демек адам бир нейрон же атом жыйындысы эмес. Аң-сезим турган жер мээнин жашыруун бир бөлмөсү эмес. Аң-сезим дененин кандайдыр бир жеринде жашырылган дагы эмес. Адам бүт матералисттик түшүнүктөрдөн жогору, тышкары бир нерсе. Адам метафизикалык нерсе, өзүндөгү рух менен адам касиетине ээ болот. Бул рух Аллахка гана тиешелүү.

Фрейддин кесиптештеринен таанымал Швейцариялык психиатрист Карл Юнг бул жөнүндө мындай деген:

... Илимдин баары бүт маалымат ичинде тамырланган рухтун бир функциясы. Рух бүт ааламдык кереметтердин эң чоңу, бир нерсе катары ал дүйнөнүн conditio sine qua non'у (болбосо болбос шарт – зарыл талап). Батыш дүйнөсүнүн (абдан азынан башкалар) бул нерсеге мынчалык аз маани бергендей көрүнүшү абдан таң калыштуу.[114]

Адам өзүндөгү рух менен намыс, сүйүү, урмат, достук, туруктуулук, чынчылдык сыяктуу түшүнүктөргө ээ болгон, ой жүгүртө алган, пикирлерге каршы чыга алган бир жандык. Манжабыздын учундагы бир клетка ойлонуп чечим алуу, кайгырып кубануу сыяктуу жөндөмдөргө ээ боло албаган сыяктуу, мээдеги ушуга окшош түзүлүшкө ээ нейрондордун да мындай метафизикалык касиеттерге ээ болуу мүмкүнчүлүгү жок. Бул бүт адамдар оңой гана көрө алчу, илимий далилдерсиз эле оңой гана түшүнө алчу бир чындык. Материалисттер да бул чындыкты билишет. Бирок материалисттик стереотиптери, илим материалдык нерселерден гана турат деп ойлоо жаңылыштыгы аларды чындыктарды бурмалоо жолуна түртүүдө. Бирок материализмди жактоо үчүн кабыл алган нерселери олуттуу бир логикасыздыкка алып келүүдө. «Ойлорубуз атомдорубуздун натыйжасы» деген бир адамдын түштөрүн чындык деп ойлогон же акылга сыйгыс жомокторду чыгарып, анан аларга ишенген бир адамдан эч айырмасы жок. Бирок материалисттер эмнегедир Аллахтын бар экенин кабыл алуунун ордуна, ошентип уят болууну туура көрүшүүдө.

Чындык мындай: адам Аллах ага берген рух менен кабылдаган, ошол рух менен ойлонгон, ошол рух менен сүйлөгөн, сүйүнгөн, бактылуу болгон, чечимдер чыгарган, өлкөлөрдү башкарган, элдерге өкүмдар болгон бир жандык. Адам Аллахтын рухуна ээ бир жандык жана бул рух түбөлүктүү. Дене бул дүйнө үчүн бир инструмент гана. Адам өлгөндө денесин бул дүйнөдө калтырат, бирок руху жашай берет. Андан соң жашоосун улантчу жери же түбөлүк бейиш, же болбосо түбөлүк тозок болот.

**Даражаларды көтөрүүчү Арштын ээси (Аллах) «чогулуу жана жолугушуу» күнүн эскертип-коркутушу үчүн Өз буйругунан болгон рухту кулдарынан каалаганына түшүрөт. Ал**

**күнү орто жерге чыгышат. Алардан эч нерсе Аллахтан жашыруун калбайт. (Аллах сурайт:) «Бүгүн мүлк кимдики? Жалгыз, Каххар Аллахтыкы.» Бүгүн ар бир напси өз чогултканынын натыйжасын алат. Бүгүн зулумдук жок. Шексиз, Аллах эсепти бекем кылуучу. (Момун Сүрөсү, 15-17)**

## Жалгыз абсолюттук Зат – Раббибиз болгон Улуу Аллах

Тарых бою материалисттер Улуу Раббибиздин бүт нерсенин Жаратуучусу жана Ээси экенин жокко чыгара алуу үчүн «зат абсолюттук нерсе» деген калпка болушунча жабышышкан. Заттын маңызы менен байланыштуу түшүндүрмөлөр мына ушул себептен абдан маанилүү. Себеби бул маалыматтар кылымдар бою улантууга аракет кылынган бул калптын жараксыз экенин далилдөөдө. Заттын копиясын гана көрүп, сезе алаарыбызды түшүнүү адамдын эттен-сөөктөн гана турган бир зат жыйындысы эмес, руху жана аң-сезими бар бир жандык экенин түшүнүүгө себеп болот. Адамдагы бул рух менен аң-сезимди болсо Улуу Раббибиз жараткан жана адам Аллахка тиешелүү бир кул. Ошондуктан жерлердин жана асмандардын өкүмдары болгон жалгыз Зат – бул Улуу Раббибиз гана.

Бул болсо Аллахтын кудурети, өкүмдарлыгы жана чеберчилигиндеги кемчиликсиздикке карата чоң таң калууну ойгото турган бир чындык. Аллах кемчиликсиз жана сансыз детальга ээ ири ааламды сыртта да зат катары жаратууда жана ар адамдын мээсинде да өз-өзүнчө жана бир элес абалында гана жаратууда. Ар адамдын мээсиндеги бул элес ичинде ааламдагы бүт детальдар үзгүлтүксүз жана кемчиликсиз тынымсыз жаратылууда. Аллахтын бул жаратуусу ушунчалык кемчиликсиз болгондуктан, элес гана экени анык болуп турса да, эң майда бөлүктөрүнө чейин бүт баары ушунчалык чыныгы жана ынандырарлык көрүнүүдө. Раббибиздин бул жаратуусунда эч кандай кемчилик жок. Акылын колдонбогон адамдар бул кемчиликсиздикке алданып, заттын өзүн көрүп жатам деп ойлошууда жана көргөн сүрөттөлүшүнүн элес болушу мүмкүн экенине бир саамга да күмөн санашпоодо.

Булардын баарын көргөн болсо рухубуз. Жер бетиндеги миллиондогон адам ар саам ага көрсөтүлүп жаткан сүрөттөлүштү көрүүдө. Ушул сүрөттөлүштөр менен кубанып, ойлонуп, чечим алууда. Адам булардын баарын руху менен гана жасай алат. Бул рух болсо Раббибиз Өз рухунан үйлөгөн бир бөлүк. Бул болсо жалгыз абсолюттук Заттын бул рухтун чыныгы ээси болгон Улуу Раббибиз экенин апачык көрсөтүүдө. Аллахтын Заты, кудурети жана күчү бүт нерсени жана бүт тарапты орогон. Биз кабылдаган, зат деп кабыл алынган бүт нерселер чынында Раббибиз жараткан бир сүрөттөлүш. Бул сүрөттөлүштү көргөн болсо – Аллах Өз рухунан жараткан жандыктар.

Аллах бир аятында мындайча билдирет:

**Аллах... Андан башка илах (сыйынууга татыктуу зат) жок. Ал – тирүү, Кайуум. Аны уйкусуроо жана уйку тартпайт. Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аныкы. Анын уруксаты болбостон, Анын кабатында шапаат кылуучу ким? Ал алдыңардагыны жана артыңардагыны билет. (Алар болсо) Ал каалагандан сырткары, Анын илиминен эч нерсени түшүнүп-аңдай алышпайт. Анын күрсүсү бардык асмандарды жана жерди курчап турат. Аларды коргоо Ага оор эмес. Ал – абдан улук, абдан бийик. (Бакара Сүрөсү, 255)**

Адам Раббибиздин жаратуусундагы бул кереметти жана кабылдаган дүйнөнүн өзүн көрүп түшүнө алуу үчүн Аллахка дуба кылышы зарыл. Себеби булардын баарын Аллах жараткан жана

каалаганда буларды адамга түшүндүрө турган дагы бир гана Ал. Бул чындыкты түшүнгөн илимпоздордон Питер Рассел бул чындык жөнүндө мындай дейт:

Менин реалдуулугум жалгыз реалдуулук деп ойлойм. Бирок кээде айланамдагыларды көрүүнүн башка жолдору да бар экенин түшүнөм. Бирок мунун эмне экенин билбейм. Өз алдымча муну түшүнө албайм; жардамга муктажмын. Бирок жардам үчүн каякка кайрыла алам? Башка адамдар да мендей ойго кабылышкан. Мен жардам үчүн кайрыла турган жер булардан бир топ терең, материалисттик түшүнүктөн ары бир аң-сезим деңгээли – Аллахтын Өзү. Жардамды Аллахтан сурашым керек. Бул үчүн дуба кылуум зарыл.»[115]

Заттын маңызын түшүнгөн адам Аллахтан башка күчү бар бир жандык жок экенин да анык түшүнгөн болот. Бул түшүнүк болсо адамдын өзүнө бир гана Аллахты Кудай тутунуп, чын ыклас менен Раббибизге багытталышына себеп болот. Себеби рухтун бар экенин түшүнүү адамдын Аллахка кул болушуна тоскоол болгон бүт материалисттик пикирлерди жараксыз кылат. Адам Аллахтан башка Кудай тутуна турган башка эч нерсе жок экендигинин анык бир чындык экенин көрөт. Натыйжада дүйнө жашоосу жөнүндө ага сунулган материалисттик түшүндүрмөлөргө ишенбейт. Бул түшүнүк менен бирге дүйнөгө болгон ач көздүк, материалдык кызыкчылыктарга таянган амбициялар, текебердик каалоосу жана кызыкчылык күтүүлөрү токтойт. Бүт нерсе элес болгон бир дүйнөдө текеберденүүнүн, ач көздүк кылуунун, мактануунун, материалдык артыкчылыкка жетүүнүн эч мааниси жок экенин түшүнөт. Адамдын жалгыз максаты Аллахты ыраазы кылуу жана чыныгы түбөлүк жашоону жашай турган акыретте бейишке жетүү үчүн аракеттенүү болот.

Аллахтын Улуу заты бүт жерди жана бүт нерсени орогон. Адам дүйнө жашоосунда көргөн, сезген чоң-кичине бүт детальдар Раббибиздин акылынын, чеберчилигинин, кудуретинин, бар экендигинин бир далилдери. Бирок материалисттик философиянын таасиринде калып, затты абсолюттук нерсе деп ойлогон адамдар бүт бул кемчиликсиздикти таңуулай турган материалдык бир нерсени издешет. Бул дагы бир элес ичинде жашап жатканын түшүнбөөчүлүктөн болот. Бүт нерсени ороп курчаган, убакыт жана мейкиндиктен көз-карандысыз жана Улуу жалгыз Зат – Раббибиз гана. Аллах бир аятта бул чындыкты мындайча билдирет:

**Көздөр Аны көрө албайт; Ал болсо бардык көздөрдү көрөт... (Энъам Сүрөсү, 103)**

Аллах биздин ичибизди, тышыбызды, көз-караштарыбызды, ойлорубузду жана бүт денебизди ороп турат. Аллахтын кабарысыз эч нерсе кыла албайбыз, эч бир сөз айта албайбыз, дем дагы ала албайбыз. Заттын биз үчүн бир элес гана экени жана рухтун бар экени бул ачык чындыкты анык көрсөтүүдө. Жалгыз абсолюттук Зат болгон Улуу Раббибиз адам үчүн бир элес катары жараткан дүйнөнү жана рухунан үйлөгөн адамды, албетте, толук билет. Бул Аллах үчүн абдан оңой. «Тышкы дүйнө» деп ойлогон элестерди көрүп жатканыбызда, б.а. жашап жатканыбызда бизге эң жакын болгон – айланадагы элес нерселер жана адамдар эмес, Раббибиз. Аллах бир аятында мындайча буюрат:

**Ант болсун, адамды Биз жараттык жана напсисинин ага кандай азгырыктарды берип жатканын билебиз. Биз ага күрөө тамырынан жакынырaакпыз. (Каф Сүрөсү, 16)**

Бир адам эгер заттын өзүн көрүп жатам деп ишенип, менин денем да заттан турат деп ойлосо, анда чоң жаңылыштыкка түшөт жана бул улуу чындыкты байкай албайт. Аллах асманда же менден алыста деп ойлойт (Аллахты аруулайбыз), Аллахтын ага өз денесинен да жакыныраак экенин түшүнбөйт. Ал эми сырттагы затка эч жете албашын, бүт нерсенин мээдеги (ойдогу) копиялар экенин түшүнгөндө, эми ичи, тышы, машинасы, менден алыста деп ойлогон күн, жылдыздар жалгыз тегиздикте болуп калат. Аллах аны толук орогон жана ага чексиз жакын. Аллах бул чындыкты «Эгер Менин пенделерим сенден Мен жөнүндө сурашса, (айткын) Мен (аларга) абдан жакынмын...» (Бакара Сүрөсү, 186) аяты менен кабар берген.

Адамдын бул чындыкты билип жашашы абдан маанилүү. Муну билбеген адам сыноо үчүн гана жөнөтүлгөн убактылуу дүйнө жашоосун чыныгы жашоо деп ойлоп, бүт амбиция, күтүүлөрүн жана жыргалдарын бул дүйнөдө жашашым керек деп ойлойт. Заттын өзүн көрүп, сезип жатам деген бекем ишеними аны Аллах ишениминен алыстатышы жана өлүп акыретте Аллахтын алдына бараарын унуттурушу мүмкүн. Дүйнөнү абсолюттук деп ойлоп бул элес, алдамчы кооздуктарды топтойм деп жатып акыретте абдан чоң кайгыга туш болушу мүмкүн. Аллах Куранда бул чындык жөнүндө адамдарды мындайча эскерткен:

**Абайлагыла; алар Жаратуучуларына жолугуу жөнүндө терең шектенишүүдө. Абайлагыла, чындыгында Ал бардык нерсени ороп-курчоочу. (Фуссилет Сүрөсү, 54)**

## Аллахтын Рухун алып жүргөнүн билген бир адам кандай жашайт?

Тышкы дүйнө биз үчүн бир элес абалында гана жаратылат жана биз булардын баарын Аллахка тиешелүү рухубуз менен көрөбүз. Бул чындыкты түшүнгөн ар адам жаратылган бүт нерселердин Аллахка тиешелүү экенин түшүнөт жана Раббибиздин бул улуу жаратуусунун сырларын түшүнүүгө аракеттенет. Дүйнө жашоосунун ага көрсөтүлгөн көрүнүштөр аркылуу жашалган бир сыноо гана экенин; чыныгы жашоонун болсо түбөлүк акыретте жашалаарын түшүнөт. Дүйнө жашоосунун убактылуу бир элес гана экенин түшүнгөн соң, материалдык эч заты жок экенин түшүнгөн дүйнөгө жана дүйнөнүн кооздуктарына болгон жакындыктан да баш тартат. Чыныгы сүйүүсүн, жакындыгын бүт нерсенин жалгыз жана чыныгы ээси, Заты бүт нерсени курчаган, чексиз кудуреттүү Раббибизге арнайт. Болгон аракети жана ач көздүк менен элестен гана турган дүнүйөнү жыйноонун логикасыздыгын түшүнөт. Бүт нерсенин жана түбөлүктүүлүктүн чыныгы ээси Раббибиздин ыраазылыгына жетүүгө аракеттенет. Аллахтын сүйүүсүнүн, ыраазылыгынын жана бейишинин элес катары жаратылган дүйнөдөгү эч нерсеге алмаштыргыс баалуу экенин түшүнөт.

Бул чындыкты түшүнүү менен бирге эч баркы жок убактылуу дүйнө жашоосу үчүн жулунуп кайгыруу, кызыкчылык алуу үчүн аракеттенүү, ал үчүн заалымдыкка, таш боордукка баруунун ордуна, чексиз жакшылык-нематтар каалаганда адамга тартууланган бейиш жашоосуна жетүүнү максат кылат. Ага берилген кыска өмүрүн эң сонун кулк-мүнөздө болуп, эң жакшы иштерди кылуу менен өткөрүүгө аракет кылат. Бүт нерсенин өзүнө жана эң сонунуна акыретте жетүүнү үмүт кылат жана ал түбөлүк жашоодо бушайман болбош үчүн мүмкүн болушунча эң көп аракетин жумшайт.

Раббибиздин кудуретин жакшылап түшүнгөн сайын, Аллахтын бейиште чексиз жакшылык, ал эми тозокто чексиз бир азап жаратканын түшүнөт.

Бүт дүйнөсүнүн элес нерселерден тураарын жана Улуу Раббибиздин гана чыныгы экенин түшүнгөн бир адам үчүн дүйнөнүн убактылуу нерселери баркын жоготот. Эң коркунучтуу, эң кайгылуу деп ойлогон окуяларга карата бүт көз-карашы өзгөрөт. Себеби бүт баары Раббибиздин башкаруусунда, Аллахтын каалоосу менен жаратылган элес нерселерден жана элес окуялардан турат. Түштөн ойгонгондо түшүбүздөгү кайгылар, кыйынчылыктар бүт маанисин жоготкон сыяктуу, бул элес дүйнөдөгү окуялар, кайгылар, кыйынчылыктар да маанисиз. Дүйнө жашоосунда башыбыздан өткөргөндөрүбүз Аллах биз үчүн жараткан сыноонун бир бөлүгү гана жана биздин милдетибиз – булардын алдында Аллах эң ыраазы боло турган кулк-мүнөздө болуу. Бул сыноо ичинде жаратылган элес көрүнүштөр акыретте затын жана маанисин бүтүндөй жоготот. Буларга карата көрсөтүлгөн мамилелер, Аллах ыраазылыгы үчүн жасалган ыкластуу амалдар гана калат. Адам бул чындыкты азыр түшүнсө да, түшүнбөсө да, акырет жашоосунун башталышы менен бирге дүйнөдөгү бүт нерсенин элес гана экенин, чыныгы акыйкаттын болсо Раббибиз жана Ал жараткан акырет экенин түшүнөт. Бир аятта бул мындайча билдирилет:

**Бул дүйнө жашоосу –бир ойун жана «өзүнө тартуучу бир алаксуу» гана. Чындыгында, акырет мекени болсо – чыныгы жашоо ошол. Билишсе кана. (Анкебут Сүрөсү, 64)**

Адам телевизор көрүп жатканда, ал жердеги каармандардын баарынын элес экенин билген; алардын кылганына ачууланбаган, башына келгендерге кайгырбаган сыяктуу, дүйнө жашоосунда да мындай жаңылыштыкка түшпөшү керек. Себеби дүйнө жашоосу телевизор экранынан көргөн бир кино сыяктуу тынымсыз бизге көрсөтүлүп жаткан сүрөттөлүштөрдөн турат. Түшүндө бир адамга ачууланып кыйкырган же башына келген окуяларга кайгырган бир адам ойгонгондо керексиз эле кайгырып, ачууланганын түшүнгөн сымал абал бул дүйнө жашоосуна да тиешелүү. Адам заттын өзүн эч качан көрүп, сезбешин дүйнөдө түшүнсө да, акыретте түшүнсө да, акыр аягында тынчсызданып, кыйналганынын эч маанисиз, бош экенин байкайт. Бул сүрөттөлүштөр бир сыноо үчүн гана жаратылууда. Булардын бир элес экенин түшүнүп, Аллахтын ыраазылыгын көздөө жана ушул максатта жашоо зарыл.

Аллах адам үчүн сүрөттөлүштөн гана турган бул дүйнөнү сыноо үчүн гана жаратканын аяттарында мындайча кабар берет:

**Аялдарга, балдарга, сандык сандык жыйылган алтын жана күмүшкө, күлүк көркөм аттарга, айбанаттарга жана түшүмдөргө болгон бекем (күчтүү) арзуу инсандарга «сулуу жана өзүнө тартуучу» кылынды. Булар – дүйнө жашоосунун жалган көркөмдүктөрү. Чыныгы барыла турган сонун жер – Аллахтын кабатындагы (мекен). (Али Имран Сүрөсү, 14)**

**Билип койгула, дүйнө жашоосу жалаң гана бир ойун, «жагымдуу бир алаксуу», бир коoздук, өз араңарда бир мактануу, мал-мүлк жана бала-чаканы «көбөйтүү каалоосу» гана. Бир жамгыр мисалындай. Ал (жамгыр) өстүргөн эгин эккендердин көңүлүнө жагат, кийин куурайт. Бир карасаң, сапсары болгон болот, кийинчерээк болсо ыпыр-сыпырга айланат.**

**Акыретте болсо оор азап; (же) Аллахтан бир кечирим жана бир ыраазычылык бар. Дүйнө жашоосу – алдоочу бир коолдуктан башка нерсе эмес. (Хадид Сүрөсү, 20)**

Дүйнө жашоосун чыныгы жашоо элестеткендердин абалын болсо Аллах Куранда мындайча кабар берет:

**Каапырлар болсо; алардын амалдары түптүз бир талаадагы закымга окшойт; суусаган аны бир суу деп ойлойт. Аягында ага жеткенде эчтеке таба албайт жана жанында Аллахты табат. Анын эсебин толугу менен берет. Аллах эсепти абдан так тутуучу. (Нур Сүрөсү, 39)**

Адамдар дүйнө жашоосундагы колундагылардын чынында бир элес экенин түшүнгөндө, жөн эле кайгырып жулунганын, убакыттарын текке кетирип өздөрүн алаксытканын, материалдык каалоо жана максаттарына керексиз маани бергенин түшүнүшөт. Текебердик кылган адамдардын бир заматта элес жандыктар экенин түшүнөт жана жөн эле текеберденгенин байкайт. Бүт нерсени жараткан Аллахка моюн сунушу керек экенин түшүнүп, бейпил жана сонун өмүр сүрөт. Өздөрүн адамдарга далилдеши, алардын көзүнө кандай көрүнөөрүн сынашы керек эмес болот, адамдарга карата кекенүү, жек көрүү, кызганычтык сыяктуу терс сезимдерди сезбейт. Бүт нерсенин элес гана экенин билген адамдар элес нерселер менен атаандашпайт, бир-бирине ушул себептен кекенип, душман болушпайт. Бүт адамдар өзүн бир гана Аллахка тапшырган бир чөйрөдө кичипейилдик, моюн сунуу, боорукердик, сүйүү жана чын ыкластуулук орун алат.

Адам бүт бул чындыктарды бул дүйнөдө кабыл алгысы келбесе да, өлүмгө туш болгондо жана өлгөн соң акыретте кайра тирилтилгенде, бүт баарын анык көрөт. Ал күнү, аятта айтылгандай, адамдын «көрүү күчү күчтүү болот» (Каф Сүрөсү, 22) жана адам бүт баарын даана түшүнөт. Эгер дүйнөдөгү өмүрүн элес максаттардын артынан чуркоо менен өткөргөн болсо, ал жерде эч жашабаган болгонумда деп калат. Куранда билдирилгендей, «Аттиң ал (өлүм бүт баарын) токтотуп бүтүргөндө кана. Мал-мүлкүм мага эч пайда бере алган жок. Күч-кудуретим жок болуп кетти» (Хакка Сүрөсү, 27-29) деп бушайман болот.

Жалгыз акыйкат заттын Раббибиз экенин дүйнөдө түшүнгөндөр бул чындык менен бирге акыретте чоң бушаймандыкка кабылуудан да кутулган болот. Дүйнө жашоосунда ага берилген өмүрдү Аллахты ыраазы кыла алуу, Раббибиз каалагандай жашап Анын буйруктарын аткаруу үчүн колдонушат. Дүйнөгө маани берүүнүн маанисиз экенин, бейпилдик, бакубаттык жана бакытты дүнүйөлүк максаттарга алдырбастан, Аллах үчүн гана жашоонун алып келээрин түшүнүшөт. Бул улуу бир немат-жакшылык жана чоң бир жеңилдик. Адамды кыйнаган калпычы амбициялар, калпычы күтүүлөр, бар деп ойлоп кудай тутунган идолдор (Аллахты аруулайбыз) бүтүндөй жоголот. Бүт нерсени жана бүт тарапты ороп курчагандын жалгыз Раббибиз экенин түшүнүшөт. Аллахка моюн сунуп, эң чоң бейпилдикке жеткен болушат. Бир аятта дүйнөдө жасалма кудайлар тутунган адамдар менен бир гана Аллахты Кудай тутунган адам арасындагы айырма мындайча кабар берилет:

**Аллах (Ага шерик кошкондор үчүн) бир мисал берди: өз ара ынтымаксыз жана пикир келишпес, аны талашкан көп ээлери бар бир адам менен жалгыз бир адамга баш ийген бир**

**адам. Бул экөөсүнүн абалы бирдей болмок беле? Мактоолор Аллахка тиешелүү. Жок, алардын көпчүлүгү билишпейт. (Зүмер Сүрөсү, 29)**

Аллахка ишенген бир адам үчүн заттын маңызы жөнүндөгү чындыкты билүү жана муну терең ойлонуу абдан маанилүү. Себеби Аллахтын бүт нерсени жана бүт тарапты курчаганын билген бир адам Аллахка карата өмүрүнүн ар бир саамында чынчыл мамиледе болот. Ар саам өлүшү мүмкүн экенин, бул дүйнөнүн бүтөөрүн жана чыныгы акырет жашоосуна бараарын унутпайт. Муну билүү жана ошого жараша мамиле кылуу адамга чексиз сулуулуктарды жана немат-жакшылыктарды алып келе турган улуу утук.

## Заттын маңызы жана жок болгон материализм

Бир материалист үчүн заттык дүйнөнү эч качан көрүп, сезе албашыбызды түшүнүү чоң бир кыйроо. Бир материалист үчүн Аллах берген бир рух менен жаратылгандыгыбыз жана бизге тиешелүү бүт материалдык дүйнөнүн ушул рухка көрсөтүлгөн сүрөттөлүштөр экени, анын туура эмес материалисттик көз-карашы боюнча, коркунучтуу нерсе. Себеби бир материалист үчүн зат бир «кудай» (Аллахты аруулайбыз). Материалисттер өздөрү түзгөн жасалма «материализм» дининде затка сыйынат (Аллахты аруулайбыз), жер бетинде максатсыздык, плансыздык жана кокустуктар бар деп ишенишет. «Жаратылганы» жөнүндөгү чындыкка каршы чыга алуу үчүн бир башталыш жана бир аягы бар экенин жокко чыгарышат. Түшүндүрүүгө мүмкүн эмес абалда ааламдын башы жана аягы жок деген жаңылыштыкты жакташат. Бир адамдын да, бир куштун да, бир сөөлжандын да кыймылдарынын булагы аң-сезимсиз процесстер деген калпты айтышып, булардын баары материалисттик дүйнөнүн натыйжалары дешет. Материализмдин бул туура эмес ишеними боюнча, адамдын ички дүйнөсүндө кабылдаган, ойлонгон, чечим алган бир жандык жок. Бүт нерсе адамды түзгөн «заттардын», б.а. аң-сезимсиз клеткалардын, органеллдердин жана атомдордун натыйжасы. Кыскасы, материализмдин жасалма дүйнөсүндө заттан башка нерсеге орун жок. Материализмдин мындай логикасынын эң негизги себеби болсо – бул Аллах ишенимине каршы чыга алуу, Аллахка жана акыретке ыйман келтирүүдөн качууга аракет кылуу.

Материалисттер Аллахтын бар экенине ыйман келтирбөө үчүн өз ойлорунда айткан эң чоң таяныч жана далили – бул заттын бар экендиги. Бирок бул китеп бою баяндалгандар илимий жактан далилденген бир чындыкты, б.а. сыртта бар болгон заттын биз үчүн бир копия катары гана бар экенин апачык көрсөтүүдө. Бүт бул маалыматтар менен материализмдин колундагы эң чоң далил апачык жоголууда.

Заттын маңызы жөнүндөгү чындык мына ушул себептен материалисттерди абдан тынчсыздандырууда.

Заттын маңызы темасы илгери белгилүү бир канча ойчул жана илимпоз көрүп байкаган жана айткан бир түшүнүк болсо, учурда дүйнө тарыхында биринчи жолу ушунчалык так жана анык бир чындык катары түшүндүрүлүүдө. Чоң жана далилденген илимий ачылыштар менен актуалдуу абалга келген бул теманы илим көрмөксөн боло албайт, материалист илимпоздор болсо жокко чыгара алышпайт. Кванттык физика ортого койгон чындыктардын негизинде материалисттердин жалгыз таянычы болгон зат Аллах адам үчүн жараткан кабылдоо дүйнөсүндө бир элеске айланды. Бүт дүйнөнү жана бүт денебизди курчаган эң конкреттүү деп саналган нерсе бир заматта абстракттуу түшүнүккө айланды. Материалисттер Аллах ишенимине каршы колдоно алабыз деп

ойлогон эң чоң далил бүт бул илимий маалыматтар негизинде бир заматта жок болду. Бир эле атомдор, молекулалар жок болгон жок. Үйлөр, машиналар, ири кемелер, асмандар, тоолор, планеталар, космос жана адамдын өз денеси бүтүндөй элеске айланды. Материалисттер өздөрүнө идол жана кудай тутунган (Аллахты арууулайбыз) зат пикири эми бүттү.

Эми материализм кармана турган эч бир далил жок. Материалисттер өз ойлорунда Аллахка каршы күрөшүп жатканда, күч алып, таянган заттын өзү эми түшүндүрүлгүс болуп калды.

Бул Аллах каапырларга курган кереметтүү бир тузак. Аллахка каршы күрөшө алам деп ойлогондор бул чындыктын натыйжасында абдан ишенген жана кебелбес деп ойлогон жасалма идолдорунун адам үчүн бир элеске айланганын түшүнүштү. Абдан күчтүү деп ойлогон материализм көз-карашынын эң негизги, түпкү таянычын жоготушту. Аллахтын чексиз күч-кудурети апачык көрүнүп турат. Албетте, алар курган бүт тузактар жок болот жана кыйрайт.

**Алар (ишенбегендер) бир план курушту. Аллах да (буга каршы) бир план курду. Аллах план куруучулардын эң жакшысы. (Али Имран Сүрөсү, 54)**

Аллахтын кереметтүү тартиби аркылуу бүт колундагыларынан айрылган материалисттер дүйнө жашоосунда жокко чыгарган акыретке эртеби-кечпи барышат жана бүт башка адамдар сыяктуу Раббибиздин алдында сурак беришет. Дүйнөдө затты кудай тутунгандар (Аллахты аруулайбыз) акыретте бир түштөн ойгонгонун түшүнүшүп, дүйнөдө бир элес үчүн күрөшүшкөнүн аңдашат. Бирок акыреттеги бушаймандык артка кайтарылгыс бир бушаймандык болот.

Аллах Куранда мындайча буюрат:

**Ал жерде бири-бири менен урушуп, талашып, айтышат: «Ант болсун Аллахка, биз чындыгында апачык адашуу ичинде болчу экенбиз. Себеби силерди (калпычыларды) ааламдардын Раббисине тең тутчубуз. Бизди кылмышкер-күнөөкөрлөр гана адаштырды. Эми биз үчүн шапаатчы да жок, жакын бир дос да жок. Биздин дагы бир жолу (дүйнөгө кайтышыбыз мүмкүн) болуп, ыйман келтиргендерден боло алганыбызда кана.» Чынында мында бир аят-далил бар, бирок алардын көпчүлүгү ыйман келтиришкен эмес. (Шуара Сүрөсү, 96-103)**

Бул дүйнөдө жашап турганда адамдын туура жолду көрүүгө жана Аллахка багытталууга дагы эле мүмкүнчүлүгү бар. Өмүр бою материализмге ишенип келүү өлгөнгө чейин ушул жаңылыштыкта болуу керек дегенди билдирбейт. Өлгөн жана топуракка көмүлгөн бир философия үчүн күрөшүү, адамдын жалгыз мүмкүнчүлүгү болгон дүйнө жашоосун ага коротушу – акылы жана абийири бар адамдын иши эмес. Эң негизгиси чындыктарды көргөн соң ага каршылык көрсөтпөш, өлгөндө ансыз да апачык көрүнө турган бул чындыкты кеч боло электе түшүнүш керек.

# Дарвиндин туюгу: рух

## Адам рухун түшүндүрө албаган эволюция теориясы

Англияда Виктория доорунда эки биолог «жандыктар толугу менен кокус процесстер натыйжасында бир-биринен келип чыккан жана адамга чейин созулган бир процессте өнүгүп өзгөргөн» деген көз-карашты айтып чыгышкан. Бул биологдор Чарльз Дарвин менен Альфред Рассел Уоллес эле. Табигый тандалуу аркылуу эволюция жөнүндөгү алгачкы эмгек Дарвин менен Уоллес тарабынан орток даярдалган эле. Биологдор эволюция теориясы жөнүндө бир-бири менен атаандашуунун ордуна, бул ойлоп чыгарылган теорияга бир-биринин салымын кабыл алышкан. Ал тургай, Уоллес *Darwinizm (Дарвинизм)* аттуу китеби менен Дарвиндин табигый тандалуу теориясын колдогон. Бул китепти укканда Дарвиндин берген жообу болсо «Дарвинизм деген аттан сөз кылбагыла, себеби бул теория ошол эле учурда Уоллесизм да болушу мүмкүн.» болгон.[116]

Бирок бул ойдон чыгарылган теория жөнүндөгү эки биологдун жолдору кыска убакыттан соң бөлүнгөн.

Эволюция теориясы боюнча, жандыктар бүт анатомиялык жана физикалык өзгөчөлүктөрү менен бүтүндөй кокус жана натыйжада аң-сезимсиз бир процесс ичинде, табигый тандалуу аркылуу, бир-биринен келип чыккан эле. Бул көз-караш боюнча, бир бактерия менен башталган жашоо ушул «бир-биринен келип чыгуу жолу» аркылуу учурдагы бүт жандык түрлөрүн пайда кылган эле (терең маалымат үчүн караңыз. *Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы)*, Harun Yahya, Araştırma Yayıncılık). Дарвин табигый тандалуу принциби манжалар же мурун сыяктуу морфологиялык өзгөчөлүктөрдүн келип чыгышын эле түшүндүрбөстөн, ошол эле учурда мээнин түзүлүшүн жана натыйжада акыл-эс жөндөмдүүлүктөрүбүздү да аныктайт деп ишенген. Б.а. Дарвиндин ою боюнча, табигый тандалуу адамдардын музыка, искусство, адабият тармактарындагы кызыгуусуна жана чечимдерине, ойлонуу жөндөмүнө жана акыл-эс күчүнө таасир берген жана аларды өзгөртүп өнүктүргөн бир күч эле. Бирок Уоллес бул пикирге кошулган эмес. Дарвиндин принциптери манжалар жана бут манжалары же андан жөнөкөйүрөөк өзгөчөлүктөрдү түшүндүрүшү мүмкүн деп ойлогон, бирок математика жана музыка жөндөмү сыяктуу жогорку адамдык жөндөмдөрдүн бир гана сокур кокустуктардын натыйжасы болушу мүмкүн эмес экенине ишенген.

Уоллестин «сокур кокустуктар Моцарттын жөндөмдөрүнүн булагы» деген пикирге каршы чыгышынын эң негизги себеби – потенциалдуу мээ деп атоо мүмкүн болгон бир жагдай эле. Уоллестин ою боюнча, мисалы учурда жашаган бир абориген коомунан дээрлик толук сабатсыз жаш бир уруу мүчөсүн алдык дейли. Андан соң бул өспүрүмдү Рио-де-Жанейро, Нью-Йорк же Токиодо заманбап бир мектепте окутайлы. Албетте, бул шаарларда чоңойгон балдардан эч айырмасы болбойт. Уоллес муну мындайча түшүндүргөн: «Абориген же кроманьон өзүнүн табигый шарттарына ыңгайлашуу үчүн муктаж болгондуктан, бир топ көп потенциалдуу мээге ээ. Мындай потенциалдуу мээни негизи расмий билим берүү аркылуу алынган кинетикалык мээге салыштырууга болот. Бул потенциалдуу мээ эмнеден эволюциялашты? Англисче билим берилген мектептерде латынча үйрөнүү үчүн чыккан эмес эле. Математика үйрөнүү үчүн да эволюциялашкан болушу мүмкүн эмес, ким болсо да жетиштүү аракет кылса бул темада адистеше алат. Андай болсо бул көрүнбөгөн жөндөмдөрдүн пайда болушун камсыз кылган түшүндүрүүчү күч каяктан келген

эле?»[117] Уоллес жандыктардын аң-сезимсиз процесстер ичинде бир-биринен келип чыгып эволюциялашканына ишенгени үчүн адамдардын мээсинин өрчүшүнүн бул ойлоп чыгарылган теориянын каерине кошулаарын табууга аракет кылган. Бирок андай процесс болбогондуктан, бул пикирди жактай турган бир логика да чыгара алган эмес.

Уоллес мындай деген:

Кылымыбыздын жазуучуларынын баары адамзат урпагынын абдан илгеркиге таянаарын моюнга алуу менен бирге, алардын көпчүлүгү мээ абдан кыска убакыт мурда келип чыккан деген ишенимде жана биз менен бирдей мээ деңгээлине ээ адамдар тарыхтан мурдакы доорлордо жашаган болушу мүмкүн деп ойлошпоодо.[118]

Учурдагы илимпоздордон Вилайанур С. Рамачандран болсо муну мындайча түшүндүрөт:

Неандертал жана кроманьон адамдарынын мээ жөндөмдүүлүктөрүнүн бизден чоң экенин билебиз, ушул себептен жашыруун калган потенциалдуу мээлери *хомо сапиенс* менен бирдей, ал тургай жогорураак деп ойлоо эч оор эмес.[119]

Негизи Дарвин да теориясынын адам мээси менен байланыштуу бул ойлоп чыгарылган өрчүүнү түшүндүрө албаганын апачык моюнга алган, ал тургай ушул себептен теориясынын жараксыз деп табылышы мүмкүн экенин айткан:

... Адам мээ (акыл-эс) күчү жагынан бүт башка айбандардан ушунчалык айырмалуу болгондуктан, айтылган бул жыйынтыкта (төмөнкү бир формадан келип чыгуу) бир туура эместик болушу мүмкүн экени айтылышы ыктымал.[120]

Андай болсо, эволюция менен ишке ашышы мүмкүн болбогон бул маанилүү өрчүүнүн түшүндүрмөсү кандай? Уоллестин буга жообу мындай: Муну Аллах кылган. Уоллестин оюу боюнча «адамдын көркөмдүгү «Кудайдык берешендиктин» дүйнөдөгү көрүнүшү эле».[121]

Мына ушул жерде Уоллес эволюциянын түртүүчү күчү табигый тандалуу деп өжөрлөнгөн жана эң сырдуу мээ өзгөчөлүктөрү да бир Улуу Зат тарабынан жаратылбастан, келип чыккан деп жактаган Дарвинден бөлүнгөн. Дарвин Уоллестин пикирлерин теориясы үчүн чоң бир коркунуч катары көргөн жана 1869-жылы Уоллеске жазган катында табигый тандалуу жөнүндө «сени менен менин баламды бүтүндөй өлтүрбөйт чыгаарсың» деген.[122] Уоллес келген бул жыйынтык албетте материализмге таянган жана Аллахтын бар экенин жокко чыгара алуу үчүн чыгарылган эволюция теориясына эч туура келбейт эле. Мына ушул себептен Уоллестин пикирлери шашылыш түрдө четке түртүлдү. Материалист чөйрөлөр үчүн алдыңкы планга бүт нерсенин аң-сезимсиз процесстер менен пайда болгонун айткан түшүнүктү чыгаруу керек эле. Мунун башчысы Дарвин болгон.

## Эволюциялык далилсиздик жана теориянын биологиялык кыйрашы

19-кылымдан баштап материалисттердин эң негизги көңүл чордонунда Дарвин менен дарвинизм пропагандасы орун алды. 19-кылымдын, бүгүнкүгө салыштырмалуу артта калган, илим чөйрөсүндө табигый тандалуу аттуу бир механизмди бүт жандыктардын өрчүү себеби деп жактоо оңой эле. Фоссил (жаныбар калдыктары) орундары терең изилдене элек, генетика илими ачыла элек эле. Адамдарды ошол доордун илими, тагыраак айткан сабатсыздыгы ичинде болбогон сценарийлер менен алаксытуу Дарвин менен тараптарлары үчүн көп оор болгон эмес. Бирок ошол доордо да, теориянын куруучуларынын бири болгонуна карабастан, Уоллес көңүл бурган адам аң-сезимин эволюция менен «түшүндүрө албоо» апачык байкалган. Аң-сезимсиз иштеген бир механизм аң-сезимдин бар болушун түшүндүрө алмак эмес. Эволюционисттер эч бир аң-сезимдүү окуяга уруксат

бербеген кокустан болгон окуялар кандайдыр бир жол менен аң-сезим, түшүнүү, жөндөмдү пайда кылган дешкен. Бул эч логикага туура келбейт эле.

20-кылымда эволюция теориясы чоң бир күтүлбөгөн окуяга туш болду. Алгач палеонтология илими Дарвин «келечекте табылат деп ишенген» кайып ортоңку формалардын бирөөсүнүн да жер бетинде жок экенин жарыялады. Жер бети дээрлик толугу менен казылып, изилденген жана Дарвин менен тараптарлары күткөн ортоңку формалар болсо табылган эмес. Эволюция теориясы үчүн экинчи күтүүсүз окуя болсо ачылган генетика илими эле. Генетика жандуу формаларынын, Дарвин айткандай табигый тандалуу аркылуу өзгөрүүгө мүмкүн эмес даражада комплекстүү жана өзгөрүлгүс бир түзүлүшкө ээ экенин бүт дүйнөгө апачык көрсөттү. Илимий жетишкендиктер клетканын Дарвин ойлогондой ичи суу толо бир көбүкчө эмес экенин, сансыз жана бир-биринен татаал органеллден турган жана акылдуу механизмдерге ээ «төмөндөтүүгө мүмкүн эмес даражада комплекстүү» бир түзүлүштө экенин көрсөттү. Ачылган ДНК балким эволюция теориясы үчүн эң чоң соккулардын бирин түзгөн. Жандыктын бүт генетикалык маалыматы сакталган бул ири молекула кокустан пайда болбой турганчалык комплекстүү болуу менен бирге, кандайдыр бир өзгөрүүгө мүмкүндүк бербей турганчалык назик бир түзүлүштө эле. Эволюция боюнча жандыктардын бир-биринен келип чыгып өзгөрүшү, жаңы түрлөрдө башка жандыктарга тиешелүү жаңы өзгөчөлүктөр пайда болушу керек эле. Генетика илими көрсөткөн чындыктар менен мунун Дарвин айткандай болушу мүмкүн эмес экени анык көрүндү. Генетика илими көрсөткөн комплекстүүлүккө эч бир илимпоз эч нерсе дей албады.

Натыйжада дарвинисттер генетикалык түзүлүштө өзгөрүүгө жол ачышы мүмкүн болгон нерселерге көңүл бурууга мажбур болушту. Бул үчүн өз ойлорунда колдонууга боло турган жалгыз механизм – мутациялар эле. Нео-дарвинизм деген ат менен дарвинизмдин жаңы түрүн шашылыш түрдө ойлоп чыгышты жана эволюцияда генетикалык өзгөрүүнү камсыз кылган экинчи бир механизм, б.а. мутациялар бар дешти. Бирок баары илимпоз болгон бул кишилер кызыктай абалда маанилүү бир чындыкты көрмөксөн болушкан: мутациялар – бул 99% организмге зыян берүүчү, 1% таасирсиз генетикалык кийлигишүүлөр эле. Көзөмөлгө алынган лаборатория шарттарында да мутациялар аркылуу жандыкка жаңы бир генетикалык маалымат тартуулап, аны өнүккөн башка бир түргө айлантуу мүмкүн эмес эле. Тескерисинче, ар мутация жандыктын майып болушуна же өлүмүнө себеп болуп жаткан. Көзөмөлсүз табият шарттарында туш келди мутациялардын болсо бир жандыкка кандай таасир берээри белгилүү эле.

Палеонтология чыгарган жыйынтыктар жана генетика илиминин чындыктары алдында эволюционисттер тынымсыз теорияларын оңдоп отурушту. Генетика илими табигый тандалууну четке какканда мутацияларга, палеонтология фоссил калдыктарын чыгарганда болсо үзгүлтүктүү (чачыроочу) эволюция пикирине жабышышты. Илимий ачылыштар койгон эволюцияга каршы четке кагылгыс бүт далилдер эволюция теориясын бүтүндөй түшүндүрмөсүз калтырып, аны кыйраган бир теорияга айлантты. Теорияга жасалган жаңы оңдоолор болсо эволюционисттерге эч качан бир натыйжа берген жок. Себеби эволюцияны колдогон бир даана дагы далил табылган эмес.

Теория эч бир жактаган пикирин түшүндүрө албайт эле. Эволюционисттер тарабынан чыгарылган пикирлер илимий жактан кыйратылган. Бирок ушундай бир тема бар эле; эволюционисттер башынан эле бул темада эч нерсе айта албашын билишчү жана муну апачык моюнга алышчу. Бул Альфред Уоллес теорияны чыгарып жаткан кезде эле айткан «эволюциялык жол менен келип чыгышы мүмкүн эмес» деген «аң-сезим» эле.

## Аң-сезимди эч бир дарвинисттик пикир түшүндүрө албайт

Физикалык мааниде адамдын эволюциясы жөнүндөгү кандайдыр бир теория күчтүү жаактары жана чоң курч тиштери бар жана бизден төрт эсе ылдам чуркаган маймылга окшогон бир атанын кантип акырындап эки буттуу бир айбанга айланганын түшүндүрүшү керек. Бул күчтөргө акылды, сүйлөөнү жана ахлакты кошуңуз, булардын баары эволюция теориясына баш көтөрүүдө.[123]

(Эволюционист илимпоз Роджер Левин)

Эволюция тараптарлары Дарвин убагында түшүндүрүү мүмкүн болбогон аң-сезим темасына Дарвинден кийин ар кандай түшүндүрмө чыгарууга аракет кылышкан. «Алгачкы адамдар» бир-бири менен байланыш куруп, ууга чыгып, курал жасап баштап мээнин эволюциясын камсыз кылган дешкен. Мээнин өрчүшү менен бирге тил эволюциялашкан, сүйлөө жөндөмү менен бирге аң-сезим пайда болгон жана ушундайча адамды башка айбандардан айырмалаган эң негизги айырма пайда болгон дешкен. Бул пикирлердин эч бири илимий бир таяныч таба алган жок. Фоссил калдыктары булардын кандайдыр бирөөсүнө далил боло турган бир дагы табылга берген жок. Тил жана аң-сезимге жасалган илимий изилдөөлөр менен эксперименттер мындай бир өрчүүнүн ишке ашышы жөнүндөгү бүт ыктымалдыктарды жок кылды. Дарвинисттердин колунда сөздөр гана бар эле. Бул сөздөр бүт эволюционист китептерде аздыр-көптүр окшош абалда, укмуштуу бир сценарий менен баяндалып, бирок эч бир эволюционист булак буга илимий бир далил сунбай жаткан эле. Себеби мындай эволюция болгон эмес эле.

Атактуу *Nature* журналынын редактору Генри Джи, бир эволюционист болгонуна карабастан, мындай эволюционист пикирдин логикасыздыгы жөнүндө мындай дейт:

Мисалы адам эволюциясынын дененин турушу, мээ көлөмү менен от, курал колдонуу сыяктуу технологиялык ийгиликтер жана тилдин пайда болушун камсыз кылган кол-көз координациясындагы өнүгүүлөргө жараша өрчүгөн деп айтылат. Бирок мындай сценарийлер субъективдүү. Эксперименттер менен текшерүү мүмкүн эмес, демек илимий эмес. Көбүнчө колдонулушу илимий тесттерге эмес, аны чыгаргандардын пикир жана абройуна таянат.[124]

Бул пикир илимге сыйбагандан тышкары, логикалык жактан да маанисиз. Эволюционисттер «эволюция» менен пайда болгон акыл урматында курал колдонуу келип чыккан; курал колдонуу урматында болсо акыл өнүккөн дешет. Жумуртка-тоок аңгемесинде 1,5 кылымдан бери уланып келген парадокско бул жерде да кабылышууда. Эволюционисттер бул жердеги логикасыздыкты түшүндүрүшү керек. Бул абал эволюция теориясын чыгарып жатканда, Уоллес кабылган парадокстун эволюция теориясы жагынан дагы эле уланып жатканын көрсөтүүдө.

Дарвинизмдин эң таасирдүү сындоочуларынан Филипп Джонсон бул жөнүндө мындай дейт:

Акылдын жемиши болгон бир теория теорияны чыгарган акылды ылайыктуу абалда эч түшүндүрө албайт. Абсолюттук тууранын тапкан жогорку илимий акылдын аңгемеси акылды берилген бир жөндөм катары кабыл алганыңызда гана канааттандырарлык болот. Акылды өз ачылыштарынын бир натыйжасы катары түшүндүрүүгө аракет кылганыбызда, туюк бир күзгүлүү коридорго кирген болобуз.[125]

Джордж Маршалл институтунун башчысы Роберт Джастроудун жоромолдору болсо мындай:

Адам көзүнүн кокустан пайда болгонун кабыл алуу кыйын. Бирок адам мээсин аталарыбыздын мээ клеткаларында пайда болгон туш келди бузулуулардын натыйжасы деп кабыл алуу андан да кыйын.[126]

Дарвинисттер адам аң-сезиминин эволюциясын жоромолдорго гана таянган сөздөр менен түшүндүрүүнүн жетишсиз калганын түшүнүшүп, аны «илимий сүйлөмдөр» менен кооздоо муктаждыгын сезишкен. Ал үчүн «пайда болуу кубулушу» деген бир фактордун таасирдүү экенин жакташты. Дарвинисттердин ою боюнча, бир кокустук эч күтүлбөгөн башка бир нерсенин пайда болушуна жол ачышы мүмкүн эле. Буга эң жакшы илимий мисал «суу» дешти. Бул мисалда, кычкылтек менен суутек өз башынча сууга окшош бир өзгөчөлүккө ээ эмес, бирок белгилүү бир катышта кошулганда пайда болгон суу молекулалары алдын ала божомолдоо мүмкүн болбогон ар кандай өзгөчөлүктөрдү пайда кылууда. Эволюционисттер муну адамдын аң-сезимине колдонушту жана адам аң-сезиминин түбүндө мээ химиясында пайда болгон кокус бир өзгөрүү бар деп чыгышты. Эч качан текшерүү (тест кылуу) мүмкүн болбогон, эч кандай илимий далили жок мындай бир пикирди чече албаган аң-сезимге колдонуу алардын чарасыз калганынын апачык бир көрсөткүчү эле.

Бул албетте абдан логикасыз жана илимий жактан мүмкүн эмес бир калп. Себеби бүт адамдар адам аң-сезиминин суу мисалындагы сыяктуу физика эрежелеринен көз-каранды бир кубулуш эмес экенин абдан жакшы билет. Бир адамдын бир кулпунайды көрүнүшү, жыты жана даамы менен бирге элестете алышы, туугандарынын көрүнүшүн жана үндөрүн жанында тургандай кабылдай алышы – мээсиндеги атомдордун мурда белгисиз болгон бир нерсени пайда кылуу үчүн кыймылдашынын бир натыйжасы эмес, албетте. Булардын баарын чындыктай кабылдашы (элестетиши) – адамдын каалоосу, тилеги жана ошол кезде ойлогон нерселери. Физикалык сыпаты бар атомдордун ар кандай формада кошулуп метафизикалык бир түшүнүк болгон «аң-сезимди» пайда кылышы мүмкүн эмес. Философ жана жазуучу Кристиан де Квинси (Christian de Quincey) айткандай, «илимпоздор али аң-сезимди түшүндүрө албай жатканда, өз аң-сезимдеринин анык бар экенин күн сайын көрүү сыяктуу кызыктай бир абал ичинде жүрүшөт».[127]

Эволюционист илимпоз Дж. Хоукс (J. Hawkes) *New York Times Magazine*'де чыккан бир макаласында мындай дейт:

Куштарды, балыктарды, гүлдөрдү ж.б. көз уялткан сулуулукту табигый тандалууга гана карызбыз дегенге ишенүүдө кыйналам. Андан да, адам аң-сезими ошондой бир механизмдин натыйжасы болушу мүмкүнбү? Кандайча болуп бүт цивилизация жыргалдарынын жаратуучусу болгон адам мээси; Сократ, Леонардо да Винчи, Шекспир, Ньютон жана Эйнштейн сыяктуулардын атын калтырган жаратуучулук «жашоо күрөшү» деген жунгли мыйзамынын бизге бир тартуусу болсун?[128]

Бул дарвинисттердин бир кыялы, туура болушун абдан каалаган бир тилеги гана. Аң-сезимди эволюциянын тантык жана далилсиз пикирлери менен эч түшүндүрүүгө болбойт.

Бир музыканы угуп жатканда анын ритминин ырахат алган, бир тамакты даамдап аны жактырган же жактырбаган, жанындагы бир адамды сүйгөн, ага боорукердик кылган, өз эгосун изилдеген, өз мээсин лабораторияда анализ кылган, ачылыштар жасаган, маселелерди чечкен, ийгиликтерине кубанган, чечим алган, обон чыгарган, китеп жазган жандык аң-сезимсиз кокустуктардын натыйжасында пайда болушу мүмкүнбү? Кайсы туш келди химиялык окуя бир адамга жакшылык кылууну, башкаларды ойлоону, башкалар үчүн өз мал-жанын аябоону үйрөтө

алат? Кайсы туш келди окуя натыйжасында адам бир нерселерди үйрөнүү, эсинде тутуу, башкаларга үйрөтүү, мамлекеттерди башкаруу жөндөмдөрүнө ээ болгон? Кайсы аң-сезимсиз окуя бир адамды аң-сезимдүү, логикалуу, кыйын шарттарда шашылыш чечимдерди ала алган, кубанган, кайгырган, сезимталданган, таң калган, тынчсызданган, пландар жасаган бир жандыкка айланта алат? Мээнин ичиндеги аң-сезимсиз, акылсыз атомдор кантип бир айбанды бийик имараттарды курган, учактарды жасаган, компьютерлерди чыгарган, сансыз математикалык формулаларды чыгарып өнүктүрүп космоско чыккан, өзүнө окшогон роботторду долбоорлогон аң-сезимдүү бир адамга айланта алган? Бир бактерия кантип бүт дүйнөдө кереметтүү бир маданият курган, кереметтүү бир технология өндүргөн бир адамга айланган?

Эволюция теоретиктери бүт бул суроолорго жооп бериши керек. Кокустуктардын, туш келди жана аң-сезимсиз таасирлердин кантип аң-сезимди пайда кылганын түшүндүрүшү керек. Аң-сезимсиз окуялардын кантип аң-сезимден жогору болгонун, кантип аң-сезимдүү бир жандыктан да жогору бир аң-сезимди көрсөткөнүн түшүндүрүшү зарыл. Эгер алар айткан эволюция туура болгон болсо, алгач илимий далилдерди алып келип, анан бүт мындай логикасыздыктарды түшүндүрүшү керек. Эволюционисттер муну илимий түшүндүрө алышканбы? Аң-сезимсиз окуялар аң-сезимди пайда кылган деген парадокско бир жообу барбы? Бул темада жазылган сансыз эволюционист китепте, сансыз эволюционист макалада, сансыз конференцияда буга жооп берилгенби?

Жок!

Эволюционисттердин кылганы – ойлорун айтуу, ал ойлорун сөздөр менен коздоо, далилдер берүүдөн качынуу, бош жана узун сөздөр менен «адам негизи айбан» деген пикирди мүмкүн болушунча адамдардын ойуна сиңирүү гана. Илимий далили болбогон сыяктуу, мындай логикасыздыкка да бир түшүндүрмө айта алышпоодо. Аң-сезим эволюция теориясын олуттуу мааниде жок кылган, дарвинисттердин башын оорутуп, чарасыздыкка салган эң так жана эң жашырылгыс чындыктардан. Дарвинисттердин затка таяндырган калптарын аң-сезимге эч колдонууга болбойт. Затка гана таянып чыгарылган бул теория заттан тышкары болгон бул керемет алдында укмуштуу бир шокко кабылды. Аллахтын бар экенин жокко чыгаруу үчүн чыгарылган бул калп Аллахтын кереметтүү чыгармасы болгон «аң-сезим» тарабынан жер менен жексен болду. Аллах бир аятында мындайча буюрат:

**Чынында алар тузак курушту. Бирок алардын тузагы тоолорду ордунан кыймылдата турган болсо да, Аллах Кабатында аларга даярдалган тузак (жаза) бар. (Ибрахим Сүрөсү, 46)**

## Дарвинисттер өздөрүнүн руху бар экенин билишеби?

Заманбап илим адам акылынын материалисттер айткандай мээ клеткалары арасындагы алмашуудан келип чыкпашын тастыктады. Б.а. адам денесинде дененин өз функцияларына тиешесиз жана физикалык бир сыпаты жок бир нерсе бар. Материалисттик философиянын бир натыйжасы болгон жана заттан башка эч бир түшүндүрмөнү кабыл албаган эволюция теориясы заттык негизи жок адам рухун эч түшүндүрө албайт.

Бул жерде бир чындыкты кайра эске салуу пайдалуу: эволюция теориясынын жандыктардын өнүгүшү менен байланыштуу далилденген бир дагы пикири, далилденген бир дагы мисалы жок. Эволюция теориясы жандыктардын тарыхы жөнүндө спекуляцияларды гана колдонуп, жасалма

далилдерди чыгарган жана жандыктардын эволюциялашканын далилдеген илимий жана палеонтологиялык чындыктарды жаап-жашырууга аракет кылган. Ушундайча жараксыз фоссил мисалдарын пропаганда катары колдонуп, аларды ортоңку форма мисалдары катары көрсөтүп, адамдарды алдоого аракет кылган жана ал тургай бул үчүн жасалма, жалгандарды токушкан (тереңирээк маалымат үчүн караңыз: *Ara Geçiş Açmazı (Ортоңку форма туюгу)*, Harun Yahya. Araştırma Yayıncılık). Эволюционисттердин жандыктардын «эволюциясы» жөнүндө сансыз сценарийи, сансыз жомогу бар. Бирок булардын бир даанасы да илимий далилдене алган эмес. Ал тургай, илим менен технология мындай бир эволюциянын мүмкүн эместигин апачык жарыялады.

Эволюциянын бул туюктары арасында аң-сезим темасынын өзгөчө болушунун себеби физикалык эч бир далил менен пайда болушун түшүндүрүү мүмкүн болбогон бул тема жөнүндө эволюционисттер бир сценарий да чыгара алышкан эмес. Заманбап технология продукту, өнүккөн сканер аппараттары материалисттердин мээде акылды түзгөн бир аймак же процессти табабыз деген күтүүсүн жоопсуз калтырды. Адам акылын материалдык түшүндүрүү мүмкүн болбоодо.

Материалисттик көз-карашка ээ адамдардын мындай изденүүлөрүнүн себеби – аң-сезимди чындап түшүнө албашы. Өздөрүнүн руху бар экенин, аң-сезими бар экенин түшүнө алышпоодо. Дарвинизмди жакташынын жалгыз себеби ушул. Эгер аң-сезим сыяктуу кереметтүү бир нерсени байкашса, өздөрүнүн руху бар экенин түшүнүшсө, эч качан дарвинист боло алышпайт. Бул бүтүндөй метафизикалык бир чындык.

Дарвинисттер татаал комплекстүүлүктөгү бир адам көзү кокустан эволюциялашкан жана жарыкты кабылдоо, б.а. «көрүү» жөндөмүнө кокустан ээ болгон дешет. Түстөрдү көргөн, айланасындагыларды кабылдай алган, алар жөнүндө жоромол жасай алган адамды ушул кокустуктардын, клеткалардын өз ара таасирлеринин натыйжасы катары көрүшүүдө. Көздөгү клеткалар сырттагы жарыкты кармайт жана бизге түстүү дүйнө сунулушу үчүн ушул механизмдин жана мээнин болушу жетиштүү дешүүдө. Бирок бул клетка бир көрүнүштү байкап аны кабылдоо үчүн ачылып жабылышы, бир аң-сезим менен чечим алышы, кыскасы рухтун буйругуна моюн сунуп кыймыл-аракет жасашы сыяктуу бир кереметти түшүнө алышпайт. Эч бир дарвинист өзүндөгү аң-сезимди сезбейт. Муну сезип туруп дарвинизмди жакташы мүмкүн эмес. Өзүндөгү аң-сезимди сезип туруп «бир клетка жыйындысынан гана турам, бактериядан чыгып ушул абалга чейин келдим, колумдагы жана көргөн нерселеримдин баары аң-сезимсиз кокустуктардын натыйжасы» деп жакташы мүмкүн эмес. Кадимки аң-сезим жана абийир менен муну айтышы мүмкүн эмес. Дарвинисттер ичтеринде көргөн, ойлонгон, акыл жүгүрткөн, жоромол жасаган, сүйгөн, сүйүнгөн, кайгырган бир жандык экенин байкай алышпоодо. Байкаар замат затты кудайлаштыруу пикиринен баш тартышат.

Бир адамдын жашыл түстү көрүшү, келе жаткан досун таанышы, аны көргөнү үчүн кубанышы эми илимдин курамына кирүүчү бир тема эмес. Физикадан ары, тышкаркы бир чындык. Муну физикалык же заттык эч бир себеп жана түшүнүк менен түшүндүрүүгө болбойт. Өзүндөгү аң-сезимди байкаган бир адам үчүн болсо бүт нерсе абсолюттук заттан гана турат деп айтып, аны жакташы мүмкүн эмес. Мына ушул себептен дарвинисттер ээ болгон нерсе такыр башка бир көз-караш, такыр башка бир кабылдоо формасы. Албетте эң туурасын Аллах билет.

Аллах Куранда мындай адамдардын керемет көрсө да ишенбешин мындайча кабар берген:

**Чынында, Биз аларга периштелер түшүрсөк, алар менен өлүктөр сүйлөшсө жана бүт нерсени алдыларына чогултсак, -Аллах кааламайынча- баары бир алар ишенмек эмес. Бирок алардын көпчүлүгү караңгылык (аңкоолук) кылышууда. (Энъам Сүрөсү, 111)**

Кадимки бир адам үчүн өз ичиндеги аң-сезимди кабылдап байкаган «менди» көрө алуу, мээсинен тышкары бир аң-сезимге ээ экенин түшүнүү абдан оңой. Бирок дарвинисттер башкача бир көз-караш түзүлүшүндө болгондуктан, заттан тышкары бир аң-сезимдин бар экенин да, өздөрүнө тиешелүү аң-сезимди да көрө алышпоодо. Кайсы бир дарвинистте муну оңой гана көрүп, байкоого болот.

Башкача бир өзгөчө көз-караш системасы дарвинисттерди мына ушул себептен затка ушунчалык көз-каранды кылып, андан тышкаркы түшүндүрмөлөрдү жокко чыгаруусуна себеп болууда. Бирок кадимки бир аң-сезимге ээ, акылы жайында бир адам дүйнөнүн бир кабылдоолор (элестер) жыйындысы экенин жана муну кабылдаган «мендин» сырттагы жарыктан, мээден, кулактан, көздөн, электрдик сигналдардан башка бир нерсе экенин оңой гана көрө алат. Сырттагы жарык биз көргөн кызыл түстүн себеби болушу мүмкүн, бирок анын кызыл экенин байкаган, аны тааныган, кызылдын эмне экенин билген «мендин» бир түшүндүрмөсү болуш керек. Кадыресе ойлоно алган бир адам бүт бул кабылдоолор рухка тиешелүү деген жыйынтыкты ылдам чыгара алат. Себеби мындай адам өзү ээ болгон аң-сезимди, «мен» деген аң-сезимди билет. Мындай адам бүт материалисттик түшүндүрмөлөрдүн логикасыздыгын жана жараксыздыгын оңой гана көрө алат. Дарвинизмдин канчалык чоң жаңылыштык экенин бат эле байкай алат.

Дарвинисттик пропагандага алданбоо, алардын сөздөрүнө эч качан көңүл бурбоо керек. Себеби бул сөздөрдү айткан кишилер башкача бир түшүнүк, башка бир чен-өлчөмдө жашашууда. Мунун эң чоң далилдеринин бири – бул заттын маңызы темасы кванттык физиканын табылышынан, б.а. 20-кылымдын баштарынан бери илимий жактан белгилүү болгонуна карабастан, ошол эле материалисттик пропаганданын үзгүлтүксүз уланып келе жатышы. Теорияларын жана философияларын таяган зат жок болду. Бирок бул дарвинист жана материалист чөйрөлөр үчүн көп деле эч нерсе өзгөртпөгөн сыяктуу.

Бул Аллахты жокко чыгарганы үчүн Раббибиз аларга берген бир жаза болушу мүмкүн. Алар өздүгүн, өз рухтарын жокко чыгарган сайын, Аллах аларды руху бар бир жандык өзгөчөлүгүнөн алыстаткан болушу мүмкүн. Албетте, эң туурасын Аллах билет. Аллах бир аятында мындайча буюрат:

**Алар Аллахты унутуп, натыйжада Ал (Аллах) да аларга өз напсилерин унуттурган адамдар сыяктуу болбогула. Мына ошолор бузукунун (фасыктын) дал өзү. (Хашр Сүрөсү, 19)**

Мына ушул себептен, дарвинисттик калптарга алдануу, материалисттердин бош сөздөрүнө ишенүү акылдуу, логикалуу жана заттын өзүн түшүнө алган, бир «менди» байкай алган адам үчүн чоң бир жаңылыштык болот. Эгер бир адам өзүндөгү рухтун алааматтарын көрө алып жатса, бүт нерсенин Жаратуучусу Улуу жана күчтүү бир Жаратуучунун, б.а. Аллахтын бар экенин байкай алып жатса, анда жогорку жөндөмдөргө жана акылга ээ бир жандык абалына келет. Бул жогорку акыл дарвинизм калпына алданбай тургандай асыл жана баалуу. Аллахтын улуу кудуретин сезе ала турганчалык күчтүү. Бул жогорку акыл менен адам жоктон жаратылганын жана түбөлүктүү бир

рухка ээ экенин билет. Бул түбөлүктүү рухка кабылдатылган түркүн түстүү, теңдешсиз дүйнөгө суктанат, булардын баарын элес абалында жараткан Аллахтын чеберчилигин суктануу менен карайт. Бул түбөлүктүү рухтун чыныгы мекенинин дүйнө эмес экенин жана ага убада кылынган чыныгы мекенге жетүү үчүн аракет кылышы керек экенин да билет. Рух тиешелүү болгон чыныгы мекен – бул акырет. Акырет бүт рухтар, б.а. жашап өткөн бүт адамдар үчүн жаратылган. Чексиз жыргалчылык же азап акыретте адамдарды тосуп алат. Сүрөттөлүштөн гана турган дүйнө жашоосу ал түбөлүктүү жашоо үчүн сыноо мекени. Адамдын түбөлүк жыргал ичинде жашап жашабашы, азап тартып тартпашы жөнүндөгү чечим бул дүйнөдө көрсөткөн кулк-мүнөзү жана кылган иштерине жараша аныкталат. Жакшы мүнөз жана чын ыкластуу иштер болсо Аллахка чын көңүлдөн ыйман келтирип Куранга моюн сунуу менен гана мүмкүн болот.

**Силердин баарыңар Ага кайтасыңар. Аллахтын убадасы бир чындык. Ыйман келтирип чын ыкластуу иштерди кылгандарга адилеттүүлүк менен сыйлык берүү үчүн жаратууну баштаган, анан аны кайтара турган Ал. Каапырлар болсо, каапырчылыгы үчүн аларга кайнак суудан бир ичимдик жана кыйноочу бир азап бар. (Йунус Сүрөсү, 4)**

# УБАКЫТ ЭЛЕСИ ЖАНА ТАГДЫР

## Өткөн өмүрүбүз – бир элес (сезим) гана

Дүйнөдө өткөргөн убактыбыз жөнүндө бир критерийибиз бар. Кечээ кылгандарыбызды ойлоп, бүгүнгө жараша план курабыз. Он жыл мурдакыны ойлоп, убакыт өттү жана картайдык дейбиз. Убакыт өтүп жатат деген ишенимди пайда кылган нерсе – мурдакы көз ирмем менен азыркы көз ирмем арасында жасаган салыштыруубуз гана.

Бул салыштыруу мындайча болот: азыр бул китепти окуп жатасыз. Китепти окуудан мурда болсо телевизор көрүп жаткансыз. Телевизор көргөн учуруңуз менен китеп окуп жаткан учурду салыштырып, булардын арасында бир убакыт өттү деп ойлойсуз жана телевизор көргөн учуруңузду «өтмүш (өткөн учур)» деп атайсыз. Бул эки кыймыл-аракет арасында бир убакыт өттү деп ишенесиз. Чынында болсо телевизор көргөн учуруңуз сиздин эс-тутумуңуздагы маалымат. Сиз китеп окуп жаткан «ушул учур» менен эсиңиздеги маалымат арасында салыштыруу жасайсыз жана муну «убакыт» катары кабылдайсыз. Чындыгында болсо азыр сиз жашап жаткан «ушул учур» гана бар. Эсиңиздеги маалыматтарга (эскерүүлөргө) салыштырбаганыңызда, убакыт түшүнүгү да жоголот.

Атактуу физик Джулиан Барбур (Julian Barbour) убакытка мындай аныктама берет:

Убакыт нерселердин позицияларын өзгөртүү критерийи гана. Бир маятник термелет, сааттын жебелери алга жылат.[129]

Ошондуктан убакыт мээде эскерүү катары бар болгон бир катар маалыматтар, б.а. элестер арасында салыштыруу жасоо аркылуу пайда болууда. Антерограддык амнезия деп аталган эс тутум жоготуусу синдрому бар кишилерди эске алганда, убакыттын адам кабылдоосу гана экени анык көрүнөт. Мындай адамдар кыска мөөнөттүү эс тутумга тиешелүү бүт маалыматтарын жоготкондуктан, мурдакы окуяны эстей албайт, ошондуктан эки окуя арасында бир убакыт өтүп өтпөгөнүн байкай алышпайт. Бул – убакыттын бир элес (кабылдоо) катары гана бар экенин көрсөткөн далилдерден.

Күнүмдүк жашоодо башыбыздан өткөн окуялар бизге белгилүү бир катар менен көрсөтүлгөндүктөн, биз убакытка өтмүш, учур чак жана келечек деп чектөөлөрдү койобуз. Чынында болсо убакыт өтмүштөн келечекти көздөй агат деген көз-караш бир шарттуу ишеним гана. Эгер эс тутумубуздагы маалыматтар бир кинонун аягынан башын көздөй көрүлүшү сыяктуу акканда биз үчүн өтмүш келечек, келечек болсо өтмүш убакыт болуп калмак. Бул бизге убакыттын абсолюттук нерсе эмес экенин, биздин кабылдообузга жараша гана болоорун көрсөтүүдө.

Атактуу физик Роджер Пенроуз (Roger Penrose) бул жөнүндө мындай дейт:

Мен ойлойм, өтө турган убакытты кабылдообузда жана физика сүрөттөгөн убакыт түшүнүгү арасында дайыма бир парадокс бар. Жана бул белгилүү деңгээлде, окуялардын убакытка тиешелүү так бир дүнүйөлүк катары барбы же биз көп нерселерди чогултуп башыбызда бир сүрөт пайда кылып жатабызбы деген суроо...[130]

Эсибиздеги окуяларды өз оюбузда катарга тизүүбүз бул окуялар үчүн өтмүш, ушул учур жана келечек деген бир абалды пайда кылууда. Бирок бул толугу менен мээбизде, биздин эркибиз менен алынган бир чечим. Ошондуктан толугу менен салыштырмалуу. Нобель сыйлыгын алган генетика профессору жана ойчул Франсуа Якоб (François Jacob) бул жөнүндө мындай бир салыштыруу жасайт:

Тескерисинен көрсөтүлгөн фильмдер убакыт тескери аккан бир дүйнөнүн эмнеге окшой тургандыгын элестетүү мүмкүнчүлүгүн берет. Сүт чыныдагы кофеден бөлүнүп, сүт идишине жетүү үчүн абага уча турган бир дүйнө; жарык бөлүкчөлөрү бир булактан чыгуунун ордуна бир тузактын (тартылуу борборунун) ичинде топтолуу үчүн дубалдардан чыга турган бир дүйнө; сансыз суу тамчыларынын таң калыштуу чогуу аракети менен суунун сыртын көздөй ыргытылган бир таш бир адамдын колуна келүү үчүн бир ийри сызык бойунча уча турган бир дүйнө. Бирок убакыт тескери аккан мындай дүйнөдө мээбиздин процесстери жана эс тутуунун пайда болушу да ушул сыяктуу тескериге айландырылган болот.[131]

Булардын баары өтмүш жана келечек түшүнүктөрүнүн биздин эскерүүлөрүбүздү кабылдоо формабыз менен байланыштуу экенин көрсөтүүдө. Чынында болсо убакыттын кантип өтөөрүн же өтүп өтпөшүн биле албайбыз. Көз алдыбыздагы сүрөттөлүштүн өзүн эч качан көрө албашыбыз, жана натыйжада ал жөнүндө терең маалыматка ээ боло албашыбыз сыяктуу, негизи бир убакыт бар же жок экенин жана бар болсо анын өтүшүнүн кандай экенин так биле албайбыз. Себеби убакыт бир кабылдоо (элес) гана.

Убакыттын бир элес экени 20-кылымдын эң улуу физиги деп саналган Эйнштейн чыгарган Жалпы салыштырмалуулук теориясы менен да тастыкталган. Линкольн Барнетт (Lincoln Barnett) «Аалам жана Эйнштейн» аттуу китебинде бул жөнүндө мындай дейт:

Абсолюттук космос менен бирге Эйнштейн чексиз өтмүштөн чексиз келечекти көздөй аккан адашпаган жана өзгөрбөгөн бир универсалдуу убакыт теориясын да четке какты. Салыштырмалуулук теориясын түшүнбөстүктүн негизги себеби адамдардын убакыт сезиминин да түс сезими сыяктуу бир элес экендигин кабыл алгылары келбегендигинен пайда болууда... Космос заттык нерселердин ыктымалдуу катары болгон сыяктуу, убакыт да – окуялардын ыктымалдуу катары. Эйнштейндин төмөнкү сөздөрү убакыттын өзгөчөлүгүн эң жакшы түшүндүрөт: «Бир адамдын жашоосу бизге бир тизмектелген окуялардын ичинде курулган сыяктуу көрүнөт. Бул тизмектен эсибизге келген окуялар «мурдараак» жана «кийинчерээк» өлчөөсүнө жараша тизмектелген сыяктуу. Ушул себептен бир адам үчүн мен-убактысы, б.а., субъективдүү (жекече) убакыт бар. Бул убакыт өзүнчө өлчөнө албайт.[132]

Эйнштейн Барнетт айткандай «космос жана убакыттын да бир сезим (элес) экендигин, түс, форма жана чоңдук түшүнүктөрү сыяктуу бул түшүнүктөрдү да аң-сезимден бөлүүнүн мүмкүн эместигин көрсөткөн». Жалпы салыштырмалуулук теориясы бойунча «убакыт да – аны өлчөгөн окуялардан сырткары өзүнчө, көз-карандысыз бар болгон бир нерсе эмес».[133]

Убакыт бир элес (сезим) гана болгон болсо, анда ал – толугу менен кабыл алган (сезген) адамдан көз-каранды, б.а. салыштырмалуу түшүнүк. Убакыттын өтүү ылдамдыгы аны өлчөгөнүбүздө колдонгон инструментке жараша өзгөрөт. Себеби адамдын денесинде убакыттын агуу ылдамдыгын абсолюттук тактыкта өлчөй алчу табигый бир саат жок. Линкольн Барнетт айткан сыяктуу «түстү айырмалай турган бир көз жок болсо, түс деген бир нерсе болбогон сыяктуу, убакытты көрсөтүүчү бир окуя жок болсо, бир көз ирмем, бир саат же бир күн сыяктуу түшүнүктөрдүн эч кандай мааниси жок болот.»[134]

Саатты эч биле албаган, күндүн кандай аралыктар менен чыгып батканын көрө албаган жабык бир бөлмөдө калганыбызда, ал жерде өткөн убакыттын ылдамдыгын жана канча убакыт ал жерде болгонубузду эч качан аныктай албайбыз. Бизге тышкы дүйнөдө белгилүү бир убакыт өтүп жатат деген ойду берген нерсе – бул күндүн чыгып батуу процесси жана колубуздагы сааттын бизге

көрсөткөн мөөнөтү гана. Булар жок болгондо, канча убакыт өткөнү жөнүндө божомол гана жасайбыз жана ал бүтүндөй бизден көз-каранды болот. Мисалы, сынакка кирген бир адам чектелүү убакыт ичинде жоопторду толук жазууга аракет кылып жатканда, ал үчүн убакыт бат өтөт. Бирок сыртта анын сынактан чыгышын күткөн бирөө үчүн ошол эле убакыт абдан көпкө созулат. Эгер убакыт абсолюттук бир чындык болгондо, анда биз сезимдерибизге жараша аныктаган өзгөрмө бир түшүнүк болмок эмес, албетте.

Эйнштейндин жалпы салыштырмалуулук теориясы илимий ортого койгон чындык боюнча, убакыттын ылдамдыгы бир нерсенин ылдамдыгына жана тартылуу борборуна болгон аралыгына жараша өзгөрүүдө. Ылдамдык өскөн сайын убакыт кыскарууда, кысылууда; жайыраак өтүү менен дээрлик токтоо чекитине жакындоодо. Муну Эйнштейндин бир мисалы менен түшүндүрөлү. Бул мисалда, бирдей жаштагы эгиздердин бирөөсү Дүйнөдө калып, экинчиси жарык ылдамдыгына жакын бир ылдамдык менен космоско саякатка чыгат. Космоско чыккан адам кайтып келгенде, эгиз бир тууганы андан бир топ улгайган болот. Мунун себеби – космосто саякатта жүргөн бир тууганы үчүн убакыттын жай агышы. Дагы бир мисал: ылдамдыгы жарык ылдамдыгынын 99%ына жакын болгон бир ракета менен космоско саякатка чыккан «бир атанын жашы 27, дүйнөдө калган уулунун жашы 3тө болсо, 30 дүйнө жылынан кийин ата дүйнөгө кайтканда, уулу 33 жашта, атасы болсо 30 жашта болот».[135]

Убакыттын салыштырмалуулугу сааттардын жайлашы же ылдамдашынан эмес, бүт заттык системанын субатомдук деңгээлиндеги бөлүкчөлөргө чейин ар кандай ылдамдыктарда иштешинен келип чыгат. Убакыт кыскарган космос сыяктуу бир чөйрөдө адам денесиндеги жүрөк согуулары, клетканын бөлүнүшү, мээ иш-аракеттери сыяктуу процесстер жай иштейт. Ошентип адам убакыттын жайлаганын эч сезбестен күнүмдүк жашоосун улантат.

Элементардык бөлүкчөлөр физиги Др. Джим аль-Халилинин бир радио программасында айткандары мындай:

Эйнштейндин салыштырмалуулук теорияларынын экөө тең келечекке сапарга мүмкүндүк берүүдө. Негизи муну эксперимент аркылуу да далилдедик. Мунун бир жолу абдан ылдам саякат кылуу; бир рокетага түшүп, жарык ылдамдыгына жакын бир ылдамдыкта жүрүп, кийин кайра келесиз. Абдан бат жүргөнүңүз үчүн саатыңыз жай иштейт. Рокетадагы саатыңыз боюнча эгер бир жыл жүрсөңүз, бул дүйнө сааты боюнча балкис 10 жыл болот. Ошентип негизи 9 жыл алдыга кеткен болосуз. Келечекке саякат кылуунун экинчи жолу – абдан чоң бир жылдыздын орбитасында жүрүү. Эгер бир жыл бою ушундай кылсаңыз, дүйнөгө кайра кайтып, дүйнөдө 10 жыл өткөнүн көрө аласыз. Ошентип эки формада да келечекти көздөй жасалган убакыт саякаты мүмкүн.[136]

Аль-Халили убакыт түшүнүгүн болсо мындайча түшүндүрөт:

Бул өтмүш, ушул учур жана келечектин баары бир учурда бар деген мааниге келет. Өтмүштү келечектен бөлүүчү бир учур чак жок. Бүт убакыттар бир убакта бар, бир убакыт гана бар. Ошондуктан келечек да болуп бүткөн. Муну түшүнүүнүн жалгыз жолу – бул үч өлчөмдүү космосту бир өлчөмдүү убакыт менен бириктирүү жана төрт өлчөмдүү космос-убакыт түшүнүгүнүн пайда болушу.[137]

Убакыттын өтүшү биз үчүн жаратылган бир сезим гана. Аны ушундайча кабылдаганыбыз үчүн кылгандарыбызды бир убакыт периоду ичинде ишке ашып жатат деп ойлойбуз. Чынында болсо дайыма ушул «көз ирмемде» жашап жатабыз. Өткөн убакыт түшүнүгү бир элес (кыял).

Сөз болгон радио программасында алып баруучунун жоромолуна карата кабылдоо жөнүндөгү эмгектери менен сансыз сыйлыктарды алган Оксфорд университетинин математик физиги Роджер Пенроуздун жообу мындай болгон:

Алып баруучу: Убакыт өтүп жатат деген субъективдүү бир сезимде болобуз. Бирок физиктер муну бир иллюзия гана дешүүдө.

Роджер Пенроуз: Ооба, менимче, физиктер убакыт өтүп жатат деген сезимдин бир иллюзия гана экенине, б.а. чыныгы эмес бир нерсе экенине баары кошулат. Бул биздин кабылдоолорубуз менен байланыштуу бир нерсе.[138]

Мынчалык маанилүү бир чындыктын кантип биздин ойубузда бир элес (кабылдоо) катары ишке ашаарын жана кантип бүт убакыттардын жалгыз бир убакыт түшүнүгү ичинде экенин, албетте, биз түшүнө албайбыз. Себеби биз Аллах бизге билдиргенчелигин түшүнүп, Ал таанытканчалыгын гана биле алабыз. Андан тышкары баары биздин кабылдообуздун жана түшүнүгүбүздүн тышында. Албетте, убакытты бир элес катары жаратуу, чынында бар болбогон бир түшүнүк ичинде өтмүш, ушул учур жана келечекти пайда кылуу Аллах үчүн абдан оңой. Себеби Аллах убакыттын сыртында. Аллах убакытты жараткан, бирок Өзү убакыттан көз-каранды эмес. Биз өтмүш же келечек катары кабылдаган бүт окуялар Аллахтын Улуу Эстутумунда ансыз да бар. Булардын баары жалгыз көз ирмемде жаратылууда. Ошондуктан келечектеги бүт окуялар негизи бир көз ирмемде жаратылган жана азыр да бар. Бирок биз убакыттан көз-каранды болгондуктан, аларды азыр көрө албайбыз.

Биз өтмүш деп кабылдаган бүт окуялар, бир адамдын мектепте аттестат алышы, алгачкы машина айдашы Аллахтын чексиз эстутумунда сакталуу турган сыяктуу, келечекте жолдо баратып бутубуз чатыша турган кичинекей таш да Аллахтын эстутумунда белгилүү. Себеби Аллах бүт бул окуяларды жалгыз көз ирмемде жараткан.

Канон Дэвид Браун (Canon David Brown) бул жөнүндө мындай дейт:

Аллах чынында эле убакыттын тышында. Демек Аллах үчүн «мурда» деген бир түшүнүк жок. Ал биздин дүйнө жашообуздун ар бир көз ирмеминде бир убакта бар.[139]

Аллах бир жандыктын ар бир абалын көрүп, билип турат. Ал алардын баарын жараткан. Бир адамдын басып өткөн бир метр квадраттык жерин, көргөн сүрөттөлүштөрүн, ал көз-каранды болгон убакытты дайыма Аллах билип, башкарып турат. Аллах бир аятында мындайча буюрат:

**Сен ичинде болгон ар кандай абал, Ал жөнүндө Курандан окуган бир нерсе жана силер жасаган ар кандай иш болсун, силер ал ишке (абдан) берилип жасап жатканыңарда, Биз силердин үстүңөрдө күбө болуп турабыз. Жерде жана асманда тырмактай болгон эч бир нерсе Раббиңден алыста (жашыруун) калбайт. Мындан кичинекейирээги да, чоңураагы да баары китепте (жазылуу). (Йунус Сүрөсү, 61)**

## Убакыт сыяктуу мейкиндик да бир элес

Эйнштейн, теориясын чыгарып жатканда, жарык ылдамдыгынын ааламдык бир туруктуу экенин бир чындык катары кабыл алды. Канчалык ылдам жүрбөңүз, жарык ылдамдыгы дайыма туруктуу эле жана 99% жарык ылдамдыгына жакын бир ылдамдык менен жүрсөңүз да жарык сизден секундасына 186282 миль (299791 км) ылдам бараткан болмок. Бул ылдамдыкка жетүү мүмкүн эмес эле. Эйнштейндин эсептөөлөрү боюнча, байкоочунун ылдамдыгы чоңойгондо убакыт

жайлайт жана мейкиндик (кыймылдын багытына жараша) кысылат. Жарык ылдамдыгына жараша өзгөргөн бул түшүнүктөр адамга жараша өзгөрүү менен абсолюттук эмес экенин далилдешкен.

Питер Рассел болсо муну мындайча түшүндүрөт:

... Сиз канчалык бат кыймылдабаңыз, дайыма жарык ылдамдыгын секундасына 186282 миль деп табасыз – Майкельсон жана Морли тапкан сыяктуу. Ал тургай секундасына 186281 миль ылдамдыкта баратсаңыз да, жарык сизден болгону секундасына 1 миль батыраак бараткан болбойт, дагы эле 186282 миль ылдамдыкта бараткан болот. Жарык ылдамдыгына бир аз да жакындай алган эмес болосуз.

Бул толугу менен акылга сыйгыс. Бирок бул мисалда бул жерде «акыл» туура эмес. Биздин оюбуздагы реалдуулук модельдерибиз ылдамдыктары жарык ылдамдыгынан бир топ төмөн күнүмдүк тажрыйбаларыбыздан турат. Жарык ылдамдыгына жакын бир ылдамдыкта реалдуулук такыр башкача.[140]

Эйнштейн космос жана убакыт деп кабыл алган нерселерибиздин убакыт-мейкиндик бүтүнүнүн бир бөлүгү экенин көрсөткөн. Ошондуктан убакыт жана мейкиндик түздөн-түз кабылдоого жараша жаратылууда. Ушундайча салыштырмалуу жашалган бир дүйнөнүн бөлүгү абалына келишет. Дүйнөнүн ойдогу сүрөттөлүшүн пайда кыла алуу үчүн убакыт жана мейкиндик кабылдоосу керек. Бирок булар чыныгы реалдуулукту көрсөтөт дегенибизде жаңылабыз. Себеби сырттагы чыныгы мейкиндик түшүнүгүн эч качан көрүп, биле албайбыз.

Фред Алан Вольф бул жөнүндө мындай дейт:

Эйнштейндин жалпы салыштырмалуулук теориясы боюнча, зат убакыт менен мейкиндиктен көз-карандысыз боло албайт. Эгер булардын кайсы бири –зат, мейкиндик же убакыт – кем болсо, баары кем. Зат болушу үчүн мейкиндик болушу керек, убакыт болушу үчүн зат болушу керек жана мейкиндик болушу үчүн болсо убакыт болушу керек. Булардын баары бир-биринен көз-каранды.

Демек, эгер убакыт көп философтор айткандай бир элес, бир иллюзия эле болсо, анда зат менен мейкиндик да ошондой эле элес. Кванттык физиканын Копенгаген жоромолу боюнча, затты көргөн бирөө болмоюнча, зат да бар боло албайт.[141] (басым оригиналына тиешелүү)

Заттын сезүү органдарыбыз аркылуу гана кабылданышы, б.а. элес болушу заттык бир түзүлүшкө ээ мейкиндик түшүнүгүн да жок кылууда. Мейкиндикти биз сыртта катары кабылдайбыз, чынында болсо өтмүштө бар болгон бир жерди элестеткенибизде мейкиндик бүтүндөй мээбиздин ичинде. Негизи сыртта бар деп ойлогон бир жерди караганда да, аны элестетип жатканда да мейкиндик түшүнүгү мээнин ичинде гана пайда болот. Алдыбызда турат деп ойлогон бөлмө мээбизде пайда болгон бир иллюзия, бир элес.

Питер Рассел бул элес жөнүндө мындай дейт:

Эйнштейндин эмгектери ошол эле учурда убакыт жана мейкиндиктин абсолюттук эмес экенин көрсөттү. Булар байкоочунун кыймылына жараша өзгөрөт. Эгер сиз мага караганда батыраак бассаңыз жана экөөбүз тең эки окуя арасындагы аралык менен убакытты өлчөсөк, -мисалы көчөнүн бир башынан экинчи башын көздөй бараткан машинаны – сиз машинаны мен байкагандан жакыныраак жерде жана азыраак убакытта жылып баратканын байкайсыз. Тескерисинче, сиздин көз-карашыңыз боюнча эгер мен сизден батыраак бассам, сиздин таянган аралыгыңызга салыштырмалуу мен сизден азыраак мейкиндик жана убакытты байкайм. Кызыктай ээ? Ооба. Биздин түшүнө алышыбыз дээрлик мүмкүн эмес. Бирок сансыз эксперимент мунун чындык экенин

көрсөттү. Биздин жалпы убакыт жана мейкиндик түшүнүктөрүбүз туура эмес. Булар да мээбизде (оюбузда) пайда болот жана сырттагылардын кемчиликсиз бир моделин пайда кылышпайт.[142]

Эйнштейн бул сөздөрүнөн соң андан да алга жылып заттын бир энергия формасы катары гана бар экенин көрсөттү. Мунун математикалык формуласы болсо атактуу $E=mc^2$ теңдиги болду.[143] Массасы бар нерсе бир энергия формасы катары гана бар эле. Питер Рассел бул жөнүндө мындай дейт:

Масса деген сөз да анык эмес. Жалпы салыштырмалуулук теориясы боюнча, Эйнштейн масса менен ылдамдыкты айырмалоо мүмкүн эмес экенин көрсөттү. Лифттин ичиндеги бир адам лифттин ылдамдыгы төмөн көздөй өскөн сайын өзүн жеңилирээк сезет. Токтоо үчүн ылдамдыгын азайтканда болсо оор сезет. Бул бир иллюзия эмес, таразалар да салмагыңыздын өзгөргөнүн көрсөтөт. Биз масса катары сезген нерсе бутубуздун астындагы жер пайда кылган басым... Эйнштейн боюнча, биз тынымсыз жайлайбыз жана муну масса катары сезебиз. Орбитадагы бир астронавт космос унаасынын терезесин сүзүп убактылуу бир жайлоо сезмейинче, массаны сезбейт.[144]

## Куранда кабар берилген убакыттын салыштырмалуулугу

Илим 20-кылымда тапкан убакыттын салыштырмалуулугу Куранда 1400 жыл мурда билдирилген.

Мисалы, Аллах көп аятында дүйнө жашоосунун абдан кыска экенине басым жасайт. Бир адамдын орточо өмүрүнүн «күндүн бир саатындай» кыска экенин Раббибиз аяттарда мындайча билдирет:

**Силерди чакыра турган күн Ага мактоо айтуу менен жооп бересиңер жана (дүйнөдө) абдан аз убакыт турдук деп ойлойсуңар. (Исра Сүрөсү, 52)**

**Күндүздүн бир саатынан башка эч өмүр сүрбөгөн сыяктуу аларды бир жерде топтой турган күндө алар бир-бирлерин таанышат... (Йунус Сүрөсү, 45)**

Кээ бир аяттарда болсо убакыттын адамдар ойлогондон бир топ кыска экенин Аллах мындайча билдирет:

**Айтты: «Жыл санагы менен жер бетинде канча болдуңар?» Айтышты: «Бир күн же бир күндүн бираз бөлүгүчөлүк болдук, эсептегендерден сура.» Айтты: «Аз (убакыт) гана болдуңар, чындыгында билген болгонуңарда.» (Мүмин Сүрөсү, 112-114)**

Куранда башка аяттарда болсо ар кайсы чен-өлчөмдө убакыттын ар башка ылдамдыкта өтөөрү кабар берилет. Мисалы, Аллах Кабатындагы бир күндүн адамдардын миң жылына барабар экени айтылат (Хаж Сүрөсү, 47). Бул жөнүндө башка аяттар мындай:

**Периштелер жана Рух (Жабраил) Ага узундугу элүү миң жыл болгон бир күндө чыгышат. (Мераж Сүрөсү, 4)**

**Асмандан жерге (чейинки) ар бир ишти Ал курчап жөнгө салат. Кийин (иштер) силер санап жаткан миң жылга тете бир күндө кайрадан Ага көтөрүлөт. (Сежде Сүрөсү, 5)**

Аллах Куранда баяндалган момундардын (мүмин) тобу болгон Кехф эхлин (үңкүр кишилерин) үч жүздөн ашык жыл бойу терең уйку абалында калтырган. Андан кийин ойготкондо, бул кишилер абдан аз убакыт уктадык деп ойлошкон, канча уктаганын биле алышкан эмес:

**Ушундайча үңкүрдө жылдар бойу алардын кулактарына урдук (терең бир уйку бердик). Кийин эки топтон кайсынысынын канча тургандыктарын жакшыраак эсептээрин көрсөтүү үчүн аларды ойготтук. (Кехф Сүрөсү, 11-12)**

**«Ушундайча, бири-биринен сурашсын деп аларды тирилттик (ойготтук). Араларынан бир сүйлөөчүсү айтты: «Канча турдуңар?» Айтышты: «Бир күн же күндүн бир (канча сааттык) бөлүгүнчөлүк турдук.» Айтышты: «Канча турганыңарды (болгонуңарды) Раббиңер жакшыраак билет...» (Кехф Сүрөсү, 19)**

Төмөнкү аятта баяндалган бир окуя да убакыттын чындыгында психологиялык бир кабылдоо экендигинин маанилүү бир далили:

**Же асты үстүнө айланган, эч ким жашабаган бир шаарга жолуккан сыяктууну (көргөн жоксуңбу?) Айтты эле: «Аллах бул жерди өлүмүнөн кийин кантип тирилтет болду экен?» Буга жооп катары Аллах аны жүз жыл өлүү абалда койду, кийин аны тирилтти. (Жана ага) Айтты: «Канча болдуң?» Ал: «Бир күн же бир күндөн аз болдум» деди. (Аллах ага:) «Жок, жүз жыл болдуң (уктадың), бирок тамагыңды жана суусунуңду кара, али бузула элек; эшегиңди бир кара; сени инсандарга өрнөк-далил кылуубуз үчүн (муну мындай кылдык). (Эшектин) Сөөктөрдү кара кандайча аларды бириктиргенибизди, кийин аларга эт кийгизгенибизди? деди. Ага (кишиге) баары белгилүү болгондон кийин ал айтты: «(Эми) Чындыгында Аллахтын бардык нерсеге күчү жете турган экендигин билем.» (Бакара Сүрөсү, 259)**

Бул аяттар убакыттын салыштырмалуу экенин, абсолюттук эмес экенин апачык кабар берүүдө. Б.а. убакыт кабылдоого жана кабылдаганга жараша өзгөрөт жана бул чындык 14 кылым мурда Куранда кабар берилген.

## Тагдырдын бар экени жана илимий далилдери

**Эч шексиз, Биз бүт нерсени бир тагдырга ылайык жараттык. (Камер Сүрөсү, 49)**

Эгер бүт окуялар бир көз ирмемде жаратылып жатса жана биз булардын баарын бир убакыт элеси ичинде көрүп гана жаткан болсок, анда бүт бул окуялардын башын, аягын билген, убакыттан көз-карандысыз, биз жашап жатканда аларды көргөн жана ошондуктан булардын баарын жараткан бир Жаратуучу бар деген жыйынтыкка барабыз. Биз үчүн сүрөттөлүштү, үндү, даамды, кыскасы тышкы дүйнөнү жана убакыт элесин жараткан бул Жаратуучу бүт жаратkандарын, булардын бүт

абалдарын жана ар көз ирмемин билип, аларды дайыма көрүп жаткан болушу керек. Булардын баарын жараткан, кабылдаткан, оюубузга көрсөткөн Улуу Жаратуучу булардын баарын дайыма башкарып турушу керек. Бүт нерсенин жаратуучусу болгон Улуу, Кудуреттүү Улук Зат – бул ааламдардын Рабби Аллах. Аллахтын бүт нерсе, жандыктардын ар абалын жаратышы жана билиши болсо бизге тагдыр чындыгын көрсөтөт.

Биз үчүн миллиарддаган жылга созулган бир убакыт аралыгы Аллах Кабатында «бир көз ирмем». Биз үчүн келечекте боло турган нерсе Аллах Кабатында болуп бүткөн. Биз келечекти кабылдаган убакыт түшүнүгүбүзгө жараша көрөбүз. Бирок биз көрүү үчүн күтүшүбүз керек болгон бир окуя Аллах Кабатында ансыз да бар. Биз келечекте болот деген окуялардын баары убакытсыздык чен-өлчөмүндө ансыз да болуп бүткөн.

Аллах Кабатында ааламдын жаратылганынан аалам бүтө турган кыяматка чейин болгон бүт окуялар жашалып, бүткөн. Кээ бир адамдардын тагдыр чындыгын жакшылап түшүнө албашынын эң негизги себеби – мына ушуну билбешинде. Чынында болсо, «боло элек окуялар» биздин кабылдоо дүйнөбүздө гана боло элек. Аллах болсо убакыт менен мейкиндиктен көз-каранды эмес. Убакыт менен мейкиндикти жоктон Ал жараткан. Аллах бир окуянын натыйжасын көрүү үчүн күтүүгө муктаж эмес. Окуянын башы да, аягы да Анын Кабатында бир көз ирмемде болот. Өтмүш менен келечек даяр абалда Аллахтын дайыма алдында жана Ал каалагандай болот.

BBC радиодогу бир программада Др. Джим Аль-Халили бул чындыкты мындайча түшүндүрөт:

Эгер бул төрт өлчөмдүү космос/убакытты чыныгы маанисинде алсаңыз, анда эркин эркиңизди таштаышыңыз керек. Бул бир эле келечектин алдын ала аныкталганын эмес, ошол эле учурда келечектин даяр абалда ал жерде экенин, болуп бүткөнүн айтууда. Чечим алуунун бир мааниси жок, эмне гана кылбаңыз, ал ансыз да мурда эле болуп бүткөн. Эгер көлгө бир таш ыргыткым келсе, муну өзүмдүн эркин эрким менен кылдым деп ойлойм. Бирок албетте төрт өлчөмдүү космос убакытта ал ташты көлгө ыргытуудан башка бир тандоом жок; суунун келечектеги үнү ансыз да ал жерде жана биз эркин эркибизди жоготкон абалдабыз.[145]

Ушул эле программанын коногу Роджер Пенроуз болсо берилген бул маалыматтарды мындайча жыйынтыктайт:

Демек бир жагынан караганда, келечек менен өтмүш ал жактарда бир жерлерде. Бул ошол эле учурда бизге детерминистикалык бир дүйнө көз-карашын берет. Келечекте боло тургандарды биз эч өзгөртө албайбыз, себеби баары бир планга жараша мурда эле аныкталган.[146]

Адам өмүр бою ал үчүн аныкталган тагдырга күбө болот. Бүгүнкүгө чейин жашаган жана бүгүндөн кийин жашай турган бүт адамдардын жашоолору бүт көз ирмемдери менен бирге Аллах Кабатында даяр жана жашалган абалда турат. Аллахтын чексиз «эсинде» миллиарддаган адам менен бирге бүт жандыктардын, планеталардын, өсүмдүктөрдүн, буюмдардын тагдырында жазылуу окуялар да эч кемибестен же жоголбостон турат. Тагдыр чындыгы Аллахтын Хафыз (Сактоочу, Коргоочу) сыпатынын, чексиз күчүнүн, кудуретинин жана улуулугунун чагылууларынын бири.

Фред Алан Вольф адамдын өтмүш жана келечегинин мурда эле аныкталганын төмөнкүчө айтат:

Бир тарых бир башталыш, бир бүтүү окуясынан көз-каранды болгону менен, тарыхты ал ишке ашып жатканда билгендей эстейбиз.

Башкача айтканда, тарых болуп жатканда, муну жашап жаткандай көрүнөбүз. Муну «жандуу» бир аңгемеге айлантабыз. Булагы (өтмүшүбүз) жана биздин алдыбыздагы акыркы аялдамасы (келечегибиз) мурда эле бар болгон бир дарыянын ичинде жашап жатабыз.[147]

Адам дайыма аны жараткан Аллахтын башкаруусунда жана Анын ал үчүн аныктагандарын кылууда. Аллах бул чындыкты аятында мындайча билдирет:

**Жер жүзүндө болгон жана силердин напсиңерде пайда болгон ар кандай нерселердин (окуялардын) баарын Биз жаратуудан мурда бир китепте (жазып) койгонбуз. Шек жок, бул – Аллах үчүн абдан жеңил. (Хадид Сүрөсү, 22)**

## Тагдырга моюн сунуу

Бүт адамдар билиши керек болгон маанилүү бир чындык бар. Ар бир адам өз тагдырына сөзсүз моюн сунган абалда. Муну өзгөртө ала турган Аллахтан башка эч бир күч жок. Ар адамдын башынан өткөргөн жана келечекте өткөрө тургандарынын баары Аллах Кабатында белгилүү жана ал адам өз келечегин эч өзгөртө албайт. Бир мүнөттөн соң колунан түшө турган калемди да, жыйырма жылдан соң терисинде пайда боло турган тырыштарды да, 15 жылдан соң көрө турган киносун да бүт детальдары менен бирге Аллах билип турат. Кандай адамдар менен таанышаары, канча акча табаары, кандай ооруларга чалдыгаары, эмнелерге кубанаары жана каерде жана кантип өлөөрү өз тагдырында жашалган абалда турат. Буларды адамдын өзүнүн билбешинин себеби – булардын азырынча эсинде жок болушу.

Ошондуктан бир окуяга кайгыруу, «эмне үчүн мындай болбоду» деп ойлоо, «аттиңдер» менен башталган бушаймандык жана кайгыга толо сөздөрдү айтуу, ачуулануу, ач көздөнүү, сабырсыздануу мындай адам үчүн керексиз жана маанисиз. Себеби кайгырышына же ачууланышына себеп болгон окуялардын баары Аллахтын башкаруусунда. Буларды адамдын тагдырында ушундай кылып жараткан Аллах жана адамдын тагдырынан тышкары, башка бир жол, башка бир ыктымалдык жок.

Туура эмес бир көчөгө киргени үчүн жол кырсыгына кабылган бир адамдын кетирген катасынан улам кайгырышынын эч мааниси жок. Убакыт артка кайтарылса, кайра эле ошол көчөгө түшөт жана ошол эле кырсыкка туш болот. Ошондуктан «аттиң ошол көчөгө кирбегенде» дегендей сөздөр бул чындыкты билбестиктен келип чыккан натыйжасыз сөздөр болот. Бир дүкөндө акчасын уурдаткан бир адамдын «аттиң ошол дүкөнгө кирбегенимде» же «аттиң акчамды чөнтөккө салганымда» сыяктуу ойлорго келиши да ошол сыяктуу бир чара болбойт. Себеби ал адамдын ал дүкөнгө кирүү, ал акчаны чөнтөгүндө алып жүрүү жана уурдатуудан башка бир ыктымалы жок. Тагдырында адамдын өзү белгилүү убакта белгилүү жерге баруу жана акча болсо уурдалуу үчүн жаратылган. Миң жолу өтмүшкө кайтса, миң жолу тең ал акча сөзсүз уурдалат. Же адамдын башына келген кубанычтуу бир окуя, жеткен бир ийгилиги да тагдырында. Бул ийгиликти, бул кубанычтуу учурду тагдырында болгону үчүн сөзсүз жашайт.

Кээ бир адамдар бул чындыкты кабыл алгысы келбейт. Профессор Роджер Пенроуз андай адамдар жөнүндө мындай дейт:

Менимче адамдардын бул пикирге каршы чыгышынын себеби келечек белгилүү бир даражага чейин биздин колубузда деп ойлошунда. Бирок бул боюнча, эгер келечек белгиленген болсо, анда сиздин колуңузда (башкарууңузда) эмес дегенди билдирет.[148]

Адамдар жашоосунун өз башкаруусунда болушун каалагандыктан, тагдыр чындыгын жокко чыгарышат. Бирок мындай кылуу менен чоң жаңылыштык кылышат. Себеби адам, кааласа да каалабаса да, кабыл алса да кабыл албаса да, өз тагдырын жашайт. Адамдын жокко чыгаруусу да анын тагдырында.

Бул жерде бир нерсени эске салуу туура болот: тагдырга моюн сунуу менен жашоо абдан чоң бир жыргалчылык жана чоң бир бейпилдик. Адам окуялар менин колумда деп ойлогондо чоң паникага жана азапка туш болот. Себеби келечектеги ар бир көйгөй, ар бир маселе өз жоопкерчилигимде деп ойлоп, ар бир окуянын жоопкерчилигин өз мойнунда сезет. Кыйынчылыктарды өз башымча чечишим керек дейт. Окуялардын жүрүшүндөгү жакшылык сырларды көрө албайт, кыйынчылыктардан абдан коркот. Жеткен жеңиштерин өз ийгилигим деп ойлоп көбөт жана бул текебердик сезими ага дүйнөдө жана акыретте абдан чоң бир зыян алып келиши мүмкүн. Башына келген кыйынчылыктар болсо аны барган сайын бир үмүтсүздүккө, боштукка жана азапка түртөт.

Ал эми ар бир окуянын Аллах белгилеген бир тагдырга жараша болуп жатканын билүү жана кандай болсо да бүт окуялардын жакшылык менен жаратылганына ишенүү адам жете алчу эң чоң жыргалдардын бири. Аллах белгилеген тагдырга моюн сунуп жашоо Аллахтын ыраазы болуу жана Ал белгилеген ар бир окуяга чын көңүлдөн моюн сунуу маанисине келет. Адам эми окуяларды өзү башкарып жаткандай болгон сезимден кутулуп, кыйынчылыктардан алыстайт, жашап бүткөн окуяларды жашап жатканын билет жана мунун бейпилдигин, бакытын жашайт. Аллахтын бүт нерсени бир жакшылык менен жаратканын билген бир адам үчүн тагдырга моюн сунуу абдан чоң бир жыргал. Себеби азап, кыйынчылык сыяктуу көрүнгөн окуялар да аягында чоң жакшылыктарга себеп боло турган сонун окуялар.

Тагдыр түшүнүгүн түшүндүрүп жатканда маанилүү бир жагдайга сөзсүз токтолуу керек. Кээ бир адамдар бүт баары тагдырда аныкталган деген чындыкка жашынып, эч нерсе кылуунун кереги жок деп ойлошот. Бирок бул абдан туура эмес бир тагдыр түшүнүгү болот. Бүт окуялардын тагдырыбызда белгилүү экени бир чындык. Биз али ал окуяны жашай электе ал окуя Аллах Кабатында болгон жана бүт маалымат бүт детальдары менен Аллах Кабатындагы Левхи Махфуз аттуу китепте жазылуу. Бирок Аллах ар бир адамга окуяларды өзгөртүү, өз чечим жана тандоосуна жараша кыймыл-аракет кылуу мүмкүнчүлүгү бардай бир сезим берет. Мисалы, бир адамдын суу ичкиси келгенде бул үчүн «тагдырымда болсо ичем» деп күтүп отурбайт. Ал үчүн ордунан туруп, чынынны алат жана сууну ичет. Чындап эле тагдырында аныкталган чыныда жана аныкталган көлөмдөгү сууну ичет. Бирок муну кылып жатканда өз каалоом менен кылып жатам деген сезимде болот. Өмүр бою кылган ар бир ишинде ушундай сезимде болот. Аллахка жана Аллах жараткан тагдырына моюн сунган бир адам менен бул чындыкты түшүнө албаган бир адам арасындагы айырма мындай: моюн сунган адам өзүм кылып жатам деген сезимде болсо да, алардын баарын Аллахтын каалоосу менен кылганын билет. Берки адам болсо ар бир кылганын өз акылым, өз күчүм менен жасадым деп ойлоп жаңылат.

Мисалы, бир оорусу бар экени аныкталган моюн сунган бир адам мунун тагдырында экенин билгендиктен, абдан тобокелдүү  мамиледе болот. «Аллах муну тагдырымда жаратты, демек сөзсүз чоң бир жакшылык бар» деп ойлойт. Бирок «кандай болсо да тагдырымда айыгуу болсо айыгам» деп чара көрбөстөн күтүп отурбайт. Тескерисинче мүмкүн болгон бүт чараларды көрөт. Докторго барат, тамагына көңүл бурат, дарыларын ичет. Бирок барган докторунун, доктору жасаган

дарылоонун, ичкен дарыларынын, алардын ага канчалык таасир берээринин, айыгып айыкпашынын, кыскасы бүт баарынын тагдырында экенин унутпайт. Булардын баарынын Аллахтын эсинде, ал төрөлө электе эле даяр турганын билет.

Аллах бул чындыкты аяттарында кабар берген:

**Силерди ылайдан жараткан, анан бир ажал белгилеген Ал (Аллах). Белгиленген ажал Анын Кабатында. Анан силер (дагы эле) күмөн кылып жатасыңар. (Энъам Сүрөсү, 2)**

**«... Аллахтын буйругу белгиленген (тагдыр кылынган) бир тагдыр». (Ахзаб Сүрөсү, 38)**

Аллах башка бир аятында болсо **«Эч шексиз, Биз бүт баарын тагдыр менен жараттык.»** (Камер Сүрөсү, 49) деп буюрууда. Адамдардын эле эмес, бүт жандыктардын, буюмдардын, күндүн, айдын, тоолордун, дарактардын, бүт нерсенин Аллах Кабатында аныкталган бир тагдыры бар. Мисалы, сынган бир антикалык ваза тагдырында белгиленген учурда сынган болот. Бир канча кылымдык бул ваза башында жасалып жатканда эле кимдердин колдоноору, кайсы үйдүн кайсы бурчунда, кайсы буюмдар менен бирге тураары белгилүү абалда жасалат. Вазанын ар бир кештеси, бетиндеги ар бир түс тагдырда мурдатан белгиленген. Вазанын кайсы күнү, кайсы саат, кайсы мүнөттө, ким тарабынан кантип сынаары да Аллахтын эсинде жашалган бойдон турат. Ал тургай, ваза алгач жасалган учур, алгачкы жолу сатылуу үчүн витринага коюлган учур, бир үйдүн бурчунда турган учур жана сынып талкаланган учур, кыскасы, антикалык вазанын кылымдар бою ар бир учуру Аллах Кабатында бир көз ирмем катары турат. Вазаны сындырган киши бир канча секунда мурда да муну билбесе, Аллах Кабатында ал көз ирмем болгон жана белгилүү. Ушул себептен Аллах адамдарга колунан чыккандарга кайгырбашын билдирет. Себеби колунан чыккандар тагдырында чыккан жана ал адамдардын муну өзгөртүүгө күчү жок. Бирок адамдар тагдырындагы окуялардан бир сабак алышы, алар менен тарбияланып, ал окуялардагы терең сыр жана жакшылыктарды көрүп, дайыма тагдырын жараткан чексиз мээримдүү, боорукер, адилеттүү, кулдарын коргоочу Раббибизге багытталышы керек.

Бир адамдын эмбрион абалы да, алгач тамга тааныган кези да, 35 жаш туулган күнүн куттуктаган жана кызматынан пенсияга чыккан кези да Аллах Кабатындагы китепте белгилүү. Адам ал үчүн белгиленген тагдырдан тышкары эч нерсени башынан өткөрбөйт, эч нерсе кыла албайт. Бул маанилүү чындыктан капылет жашаган адамдар өмүр бою дайыма тынчсызданып, коркуп жашашат. Мисалы, балдарынын келечеги жөнүндө абдан көп ойлонушат. Кайсы мектепте окушу, кандай кесипке ээ болоору, ден-соолугунун кандай болоору, кандай өмүр сүрөөрү сыяктуу көп нерселерди ойлоп, тобокелсиздикте болушат. Чынында болсо ар бир адамдын жалгыз клетка абалынан алгачкы тамга тааныган кезине, университет сынагында берген жоопторунан өмүр бою кайсы фирмада эмне иш кылаарына, кайсы кагаздарга канча жолу кол койооруна, каерде жана кантип өлөөрүнө чейин ар бир көз ирмеми Аллах Кабатында белгилүү. Бул окуялардын баары Аллахтын эсинде сакталуу турат. Мисалы ушул учурда ал адамдын эмбрион абалы, башталгыч класстагы учуру, университетте жүргөн кези, 35 жашка чыкканын куттуктап жаткан кези, жумушка кирген алгачкы күнү, өлгөндө периштелерди көргөн кези, жакындары тарабынан көмүлгөн жана акыретте Аллахка сурак берген учурларынын баары бир көз ирмем катары Аллах Кабатында турат.

Аллахка чын көңүлдөн өзүн тапшырып, моюн сунгандар Аллахтын ыраазылыгына, мээримине жана бейишине жетүүнү үмүт кыла алышат, ошондой эле, дүйнөдө жана акыретте ишеним жана бактылуулук ичинде бейпил өмүр сүрүшөт. Себеби Аллахка моюн сунган, Аллах жараткан тагдырдын өзү үчүн эң жакшысы экенин билген бир адамды кайгырта турган, коркута турган, тынчсыздандыра турган эч нерсе жок. Мындай адам колунан келген бүт аракетин жасайт, бирок бул аракеттин да тагдырында экенин, эмне гана кылбасын тагдырында жазылгандарды өзгөртүүгө күчү жетпешин билет.

Ыймандуу адам Аллах жараткан тагдырга өзүн тапшырат, ошону менен бирге ар окуяда колунан келишинче себептерди жасайт, чара көрөт, окуяларды жакшы жакка бурууга аракет кылат, бирок булардын баарынын тагдыр ичинде ишке ашып жатканын жана Аллахтын эң жакшысын алдын ала аныктап койгонун билип, бейпил болот. Куранда мындай мамилеге мисал катары Аз. Йакуптун балдарынын коопсуздугу үчүн көргөн бир чарасынан сөз кылынат. Аз. Йакуп жаман ниеттүү адамдардын көңүлүн бурбашы үчүн балдарына шаарга башка башка эшиктердин киргиле дейт, бирок мунун Аллах белгилеген тагдырга эч таасир бербешин да аларга эскерткен:

**Жана (Аз. Йакуп) айтты: «Эй балдарым, жалгыз бир эшиктен кирбегиле, башка башка эшиктерден киргиле. Мен силерге Аллахтан эч нерсе бере албайм (кетире албайм). Өкүм бир гана Аллахтыкы. Мен Ага тобокел кылдым. Тобокел кылгандар бир гана Ага тобокел кылышсын.» (Йусуф Сүрөсү, 67)**

Аллах адамдар эмне кылса да тагдырын өзгөртө албашын бир аятында мындайча билдирет:

**Кийин кайгынын артынан Аллах силерге (көз ирмемдик) уйку берди. (Ал уйку) силердин араңардан бир тайпаны ороп алды. Дагы бир тайпаны өз жандары кайгыга салып, Аллахка адилетсиздик менен, нааданчасынан күмөн кылып: «Эми бизге иш жок» (жеңилдик) дешти. Айт: «Иш Аллахтын колунда». Алар сага айтпаган нерселерин жүрөктөрүнө катып: «Эгер бул (согуштук) иште биздин пикирибиз эске алынганда, бул жерде өлүп кетпейт элек» дешет. Айт: «Эгер үйүңөрдүн ичинде болсоңор дагы (тагдырында) өлтүрүлүү жазып коюлган киши өлтүрүлө турган жайына келет.» (Муну) Аллах силердин көңүлүңөрдөгүнү сынаш жана жүрөгүңөрдү тазалаш үчүн кылды. Аллах жүрөктөрдөгү сырларды да билүүчү. (Али Имран Сүрөсү, 154)**

Аяттан да көрүнүп тургандай, бир адам өлүмдөн качып жакшылык жана ибадат болгон бир иштен качса дагы, эгер ага өлүм жазылган болсо ансыз да өлөт. Ал тургай, өлүмдөн качуу үчүн колдонгон жол жана ыкмалары да тагдырында белгилүү жана ар бир адам тагдырындагы окуяны жашайт. Аллах бул аятта да адамдарга тагдырларында жараткан окуялардын максатынын аларды сыноо жана алардын жүрөктөрүн тазалоо экенин билдирүүдө. Фатыр Сүрөсүндө болсо ар бир адамдын өмүрүнүн Аллах Кабатында белгилүү экени, жатындарга түшкөн наристелердин да Аллахтын буйругу менен экени билдирилет:

**Аллах силерди топурактан жаратты, кийин бир тамчы суудан. Кийин силерди жуп жуп кылды. Анын маалыматы болбостон, эч бир аялдын боюнда болбойт жана төрөбөйт да. Өмүр**

**сүргөнгө өмүр берилиши жана анын өмүрүнөн кыскартылышы да сөзсүз бир китепте (жазылуу). Чынында бул Аллах үчүн оңой. (Фатыр Сүрөсү, 11)**

Камер Сүрөсүнүн төмөндөгү аяттарында болсо адамдын ар кылганынын сап сап жазылуу экени билдирилүү менен, бейиш элинин жашоосу болуп бүткөн окуялардай баяндалат. Мурда да айтылгандай, бейиштеги чыныгы жашоо биз үчүн келет. Бирок бейиштегилердин жашоосу, маектери, кийимдери ушул учурда Аллахтын эсинде турат. Биз төрөлө электе эле бүт адамзаттын дүйнөдөгү жана акыреттеги келечеги Аллах Кабатында бир көз ирмемде болуп бүткөн жана Аллахтын эсинде сакталуу:

**Алар жасаган бүт нерсе китептерде (жазылуу). Кичинекей, чоң бүт нерсе сап сап (жазылуу). Эч шексиз, муттакилер (Аллахтан коркскондор) бейиштерде жана дарыя (айланасын)да. Абдан кудуреттүү, мүлкүнүн аягы жок (Аллах)тын жанында чынчыл макамында. (Камер Сүрөсү, 52-55)**

Курандын кээ бир аяттарында окуялардын биз үчүн келечекте болоору, бирок Аллах Кабатында болуп бүткөнү кабар берилет. Мисалы, акыретте адамдардын Аллахка сурак берээри билдирилген кээ бир аяттар мурда эле болуп бүткөн окуялардай баяндалат:

**Суръа (сур) чалынды, ушундайча Аллах каалагандан башка асмандарда жана жерде болгондор сүзүшүп-кулашты. Кийин ал дагы бир жолу чалынды, эми алар буттарында туруп карап турушат. Жер Раббиңдин нуру менен жаркырады; китеп койулду; пайгамбарлар жана күбөлөр алып келинди жана араларында чындык (адилеттик) менен өкүм чыгарылды... (Зүмер Сүрөсү, 68-69)**

**(Чындыктан) Баш тартуучулар (каапырлар) тозокко бөлүк бөлүк айдалышты... (Зүмер Сүрөсү, 71)**

**... Коркуп- корунгандар болсо бейишке бөлүк бөлүк киргизилди... (Зүмер Сүрөсү, 73)**

Буга башка мисалдар болсо мындай:

**(Эми) Ар бир напси жанында бир айдоочу жана бир күбө менен бирге келди. (Каф Сүрөсү, 21)**

**Асман жарылып-талкаланды; эми ал күнү «үлпүлдөп-алсыз болуп калды.» (Хакка Сүрөсү, 16)**

**Жана сабыр кылганы үчүн бейиш жана жибек менен сыйлады. Ал жерде тактар үстүндө жазданып-сүйөнүшкөн. Ал жерде (ысык) бир күн да, үшүтүүчү бир суук да көрүшпөйт. (Инсан Сүрөсү, 12-13)**

**Көрө алгандар үчүн тозок да көрсөтүлүп коюлду. (Назиат Сүрөсү, 36)**

**Эми бүгүн ыйман келтиргендер каапыр болгондорго күлүп жатышат. (Мутаффифин Сүрөсү, 34)**

**Кылмышкер-күнөөкөрлөр отту көрүштү, эми ичине өздөрүнүн киришээрин да түшүнүштү; бирок андан качуунун эч бир жолун таба алышпады. (Кехф Сүрөсү, 53)**

## Заттын чыныгы жүзү жана тагдыр чындыгы ыймандуулар үчүн чоң бир жыргалчылык

Аллахка ишенген, Ага ыйман келтирген жана бүт нерсенин жаратылганын көрө алган адамдар үчүн заттын чыныгы жүзүн билүү чоң бир жыргалчылык. Бул сырды түшүнгөн бир адам үчүн өлүм, акырет, бейиш, тозок сыяктуу темалар түшүнүктүү болуп, «Аллах каерде?», «бейиш тозок каерде?», «бейиш менен тозок азыр барбы?» жана ушул сыяктуу суроолор оңой гана жооптолгон болот. Аллахтын бүт ааламды кандай бир система менен жоктон жаратканы, тынымсыз жоктон жаратып жатканы түшүнүктүү болот. Ал тургай, бул сырдын урматында «качан» жана «каерде» сыяктуу суроолор маанисин жоготот. Себеби чынында убакыт да, мейкиндик да жок. Боло турган окуялар ансыз да болуп бүткөн. Алар үчүн кайгыруу, тынчсыздануу, кыйналуу логикасыз жана маанисиз.

Бул сырларды түшүнүү адамдын жашап жаткан жашоосун бир заматта бир бейиш жашоосу сыяктууга айлантат. Адамдын дүйнөдөгү эң чоң кыйынчылык себеби болгон бүт материалдык тынчсыздануу, куру санаа, шек-күмөн жана коркуулары жоголот. Жалгыз абсолюттук Заттын ааламдардын Рабби Улуу Аллах экени жана Андан башка «эч бир жандыктын чынында бар эмес экени» түшүнүктүү болот. Адам бүт ааламдын жалгыз бир Ээси бар экенин, Анын заттык дүйнөнү каалагандай өзгөртөөрүн жана Ага багытталып, Аны дос кылуу гана керек экенин түшүнөт. Эми ал **«ар кандай көз-карандылыктан эркиндикке жеткен абалда»** (Али Имран Сүрөсү, 35) Аллахка моюн сунган болот.

Бул улуу сырды түшүнүү дүйнөдө бир адам жете алган эң чоң жыргалдардан.

Аллах адамга эң жакын. Аллах адамды жараткан, Ага Өзүнөн бир рух берген. Б.а. адам «мен» деген жандык – Аллахтын бир чагылышы. Аллах адамдын ар бир кылганын, ар бир ойун билет; булардын баарын Аллах жаратат. Кабылдаткан, жашаткан, көрсөткөн, сездирген, ойлондурган, сүйүндүргөн, бактылуу кылган – Аллах. Адамдын ар бир жашаган көз ирмеми Аллах каалаган үчүн гана. Башына келген ар бир окуя Аллах белгилегендей. Мына чындык ушундай. Адамдын Аллахтан башка эч бир досу, эч бир нерсеси, эч бир жардамчысы жок. Жалгыз абсолюттук Зат – бул Аллах. Ал бүт ааламдарга ээ, бүт тарапты курчаган. Андан башка эч нерсе жок. Корголоно турган, жардам сурала турган, бир нерсе күтүлө турган Жалгыз Зат – Улуу, Улук Аллах. Аллах Куранда мындайча буюрат:

**Мына Раббиңер болгон Аллах ушул. Андан башка кудай жок. Бүт нерсенин Жаратуучусу, демек Ага кулчулук кылгыла. Ал бүт нерсенин үстүндө бир өкүл. Көздөр Аны көрө албайт; Ал болсо бардык көздөрдү көрүп турат. Ал Латиф, (баарынан) Кабардар. (Энъам Сүрөсү, 102-103)**

# ЖЫЙЫНТЫК

Материалисттер башы жана аягы жок экенине ишенгиси келген бир ааламдын ичинде кокустуктардан турган бир дүйнө бар деп кабыл алышат. Бирок акылын колдонгон, маданияттар курган, роботторду жасаган, интернетти чыгарган, булардын баарын көрүп алардан пайдаланган, түшүнгөн, ойлонгон, алар жөнүндө жоромол жасаган, тынчсызданган, башкалар үчүн өз мал-жанын короткон, табияттан ырахат алган, эмгек короткон, эң тууранЫ табууга аракет кылган кереметтүү сыпаттарга ээ адамдын кокустан пайда болгонун кабыл алуу, албетте, логикага туура келбейт. Жер бетиндеги эч бир жандык кокустан пайда болбогон сыяктуу, миллиарддаган клеткасы менен, ар клетканын ичиндеги сансыз органелли менен, кереметтүү мээси жана кереметтүү келбети менен адам да кокустук эмес.

Материалисттер күткөндүн тескерисинче, жер бетиндеги эч нерсе кокустук эмес.

Эгер адамдын өзүндө, жасагандарында жана ийгиликтеринде кокустук жок болсо, булардын баарында аң-сезим бар дегенди билдирет. Эгер адам аң-сезими менен кыймыл-аракет кылып жатса, бул аң-сезимди анда жараткан андан да жогору бир аң-сезим болушу керек. Бул аң-сезим адамдын кылган, көргөн, билгендеринин баарынан жогору болушу керек.

Бул аң-сезим аны жоктон жараткан, аны Өзүнөн бир рух менен жараткан Аллахка тиешелүү.

Адам эгер Аллах кааласа сулуулуктан ырахат алат. Аллах кааласа ачылыштар жасайт, технология табат. Эгер Аллах кааласа обон чыгарат, скрипка ойнойт, китеп жазат. Адам эгер Аллах кааласа сүйүнөт, кайгырат, ырахат алат, толкунданат, тынчсызданат. Бир музыканы жактырышы Аллахтын каалоосу менен. Бир кооздукка суктанышы Аллахтын каалоосу менен. Кооз табиятты, кооз кийимди, жакшы мамилени, гүлдү, койонду, бир сүрөттү, тортту жактырышы Аллахтын каалоосу менен. Эгер Аллах каалабаса, бул сезимдердин жана бул жөндөмдөрдүн эч бирине ээ боло албайт.

Буларды кылган зат эмес. Адамдын мээсиндеги клеткалар эмес. Адам жеген тамактар айланган протеиндер эмес. Буларды жасаган адамдын мээси эмес. Мээ сүйбөйт. Мээ музыкадан ырахат алуу жөндөмүнө ээ эмес. Мээ кичинекей бир койондун корккон көрүнүшүн көрүп, ага боор оорубайт. Мээ сагынбайт. Мээ туруктуулук көрсөтпөйт. Мээ биринчи класска барган күнүн эстеп андан толкунданбайт. Мээде май, суу, протеин жана башка химикаттар гана бар. Сагынган, сүйгөн, сүйүнгөн, уялган, эстеген мээ эмес. Адам руху менен сүйөт, сүйүнөт, сагынат, боор ооруйт. Адам Аллахка тиешелүү руху менен адам.

Адам рухтун бар экенин кабыл алса да, албаса да, дүйнөдө денесин таштайт жана бир рух катары акыретте Аллахтын алдында сурак берет. Ыйман келтиргендер, Аллахтын бир рух экенине ишенгендер, каапырлар, материалисттер, дарвинисттер, өмүр бою рухтун бар экенине каршы күрөшкөндөр, «бир нейрон жыйындысы ганабыз» дегендер, «акырет жок» дегендер, «зат жалгыз жана абсолюттук» дегендер, кыскасы жер бетинде жашаган ар бир адам, ар бир рух Аллахтын алдында сурак берет. Ар бири кылгандарын толугу менен алдынан табат. Ар бирине адилеттик менен өкүм чыгарылат. Бир адам эгер бул чындыкка 1% эле, ал тургай 0,1% эле ыктымалдык берсе, акырет чындыгы жөнүндө «болушу мүмкүнбү» деген бир күмөнү бар болсо, эми ал өзүнүн туура эмес ишенимдерин бир тарапка ташташы жана Раббибиз болгон Аллахка багытталып өз акырети

үчүн колунан келгенин кылышы зарыл. Бул дүйнөдө турган кезде түшкөн катасынан дайыма артка кайтуу мүмкүнчүлүгү бар. Аллах аяттарында мындайча буюрат:

**Биздин аяттарыбызга ыйман келтиргендер сага келгенде, аларга айткын: «Салам болсун силерге. Раббиңер мээримди Өзүнө жазды, араңардан ким билбестик менен бир жамандык кылып, анан тообо кылса жана (өзүн) оңдосо, шексиз Ал кечиримдүү, коргоочу.» (Энъам Сүрөсү, 54)**

**Жамандык кылып анан тообо кылгандар жана ыйман келтиргендер; эч шексиз Раббиң мындан (тоободон) соң, албетте, кечиримдүү, коргоочу. (Аьраф Сүрөсү, 153)**

Бул дүйнө жашоосу убактылуу бир орун. Дүйнөгө тиешелүү нерселердин баары убактылуу. Дүйнөдө адамга тиешелүүлөрдүн эч бири чындык эмес. Бул дүйнөнү чыныгы деп ойлоо – адамдын көргөн бир түшүн чыныгы деп ойлоп бүт энергиясын ошого багытташы жана башкалардын баарына көздөрүн жана рухун жабышы сыяктуу көрүнүш. Жалгыз Зат Аллах. Жалгыз акыйкат Аллах. Дарвинизм кыйрады жана материализм өлдү. Аллахтын Улуу Затын кабыл алуу – бул бүт жалган диндердин бүтүшү. Колуңуздагы китептин максаты бүт адамдарды ушул чындыкты көрүүгө чакыруу. Албетте, **«... Таза акыл ээлери гана сабак алып ойлоно алат»** (Рад Сүрөсү, 19).

# Эволюция калпы

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

**Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар**

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

**Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы**

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

**«Жашоо жашоодон келет»**

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңири жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»**[149]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

**20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер**

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур

болгон: *«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»*[150]

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Американын химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан.[151]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[152]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды?[153]

**Жашоонун комплекстүүлүгү**

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. **Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ**. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү (пайда болуу) ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн **$1/10^{950}$ге** барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышынын такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда.*[154]

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

**Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери**

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү натыйжасында ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмоюнча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтууга мажбур болгон.[155]

**Ламарктын таасири**

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан.[156]

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

**Нео-Дарвинизм жана мутациялар**

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири таралган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – бул нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет**.

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

*Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет.*[157]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

**Фоссилдер: ортоңку звено жок**

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – бул фоссилдер (мис. вулкан атылганда жаныбар, канаттуу же өсүмдүк жабышып катып калган таш калдыктар).

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды «ортоңку звенолор (формалар)» деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

*Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн.*[158]

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Мунун теориясы үчүн чоң бир тупик экенин көрүп турган. Ошондуктан, Түрлөрдүн келип чыгышы китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган эле:

*Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл звенолорго учурабай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл звено болушу керек, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлүү таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес? Геология жакшы даражаландырылган бир процесс ортого чыгарбоодо жана балким бул менин теорияма каршы айтыла турган эң чоң каршы пикир болот. (Кошумча булак: Charles Darwin, The Origin of Species, s. 172, 280)*

**Дарвиндин үзүлгөн үмүтү**

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз.*[159]

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн

жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.»[160]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.

**Адамдын эволюциясы жомогу**

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.[161]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш боюнча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат.[162]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана

хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[163] Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[164]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул туюкту (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.»[165]

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

*Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.*[166]

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

**Дарвиндин формуласы!**

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан.

Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

**Көз жана кулактагы технология**

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким

эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык

борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

**Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?**

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

**Материалисттик ишеним (дин)**

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай

далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташуууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

*Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз.*[167]

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

### Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол

болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жаратkандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караашты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

«Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат.»[168]

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

# Булактар:


1- Stanley Sobottka, A Course in Consciousness, http://faculty.virginia.edu/consciousness/

2- Stephen M. Barr, Retelling the Story of Science, Mart 2003 http://www.firstthings.com/ftissues/ft0303/articles/barr.html

3- Amit Goswami, *The Self-Aware Universe "How Consciousness Creates the Material World"*, Tarcher / Penguin Books, 1995, s. 12

4- Taşkın Tuna, *Ol Dedi Oldu "Big Bang'in Nefes Kesen Öyküsü"*, Ekim 2005, Şule Yayınları, s. 59

5- Peter Russell, The Primacy of Consciousness, http://www.peterussell.com/SP/PrimConsc.html

6- Fred Alan Wolf, *The Spiritual Universe "One Physicist's Vision of Spirit, Soul, Matter and Self"*, Moment Point Press, 1999, s. 99

7- Can Science Seek to Soul, http://www.closertotruth.com/topics/mindbrain/113/113transcript.html

8- George Gilder http://www.taemag.com/issues/articleid.17078/article_detail.asp

9- Amit Goswami, *The Self-Aware Universe "How Consciousness Creates the Material World"*, Tarcher / Penguin Books, 1995, s. 31

10- David Pratt http://www.theosophy-nw.org/theosnw/science/prat-mat.htm

11- Richard Feynman, *The Character of Physical Law*, Türkçe baskı: Fizik Yasaları Üzerine, TÜBİTAK Yayınları, s. 149-151 - http://www.zamandayolculuk.com/cetinbal/kopenhag.htm

12- Thomas J. McFarlane, "The Illusion of Materialism" http://www.integralscience.org/materialism/materialism.html

13- Peter Russell, The Primacy of Consciousness, http://www.peterussell.com/SP/PrimConsc.html

14- Jeffrey M. Schwartz, Sharon Begley, *The Mind and The Brain "Neuroplasticity and the Power of Mental Force"*, Regan Books, 2003, s. 272-273

15- Jeffrey M. Schwartz, Sharon Begley, *The Mind and The Brain "Neuroplasticity and the Power of Mental Force"*, Regan Books, 2003, s. 274

16- Roger Penrose, *The Road to Reality*, Alfred A. Knopf, 2006 s. 1031

17- Amit Goswami, *The Self-Aware Universe "How Consciousness Creates the Material World"*, Tarcher / Penguin Books, 1995, s. 59-60

18- Jeffrey M. Schwartz, Sharon Begley, *The Mind and The Brain "Neuroplasticity and the Power of Mental Force"*, Regan Books, 2003, s. 264

19- Jeffrey M. Schwartz, Sharon Begley, *The Mind and The Brain "Neuroplasticity and the Power of Mental Force"*, Regan Books, 2003, s. 274

20- *What the Bleep Do We Know?*, Belgesel film, yönetmen: William Arntz, Betsy Chasse

21- Nick Herbert, *Temel Bilinç*, Ayna Yayınevi, 1999, s. 146

22- Nick Herbert, *Temel Bilinç*, Ayna Yayınevi, 1999, s. 143

23- http://www.integralscience.org/materialism/materialism.html

24- Fred Alan Wolf, *Mind into matter "A New Alchemy of Science and Spirit"*, 2001, Moment Point Press, s. 105

25- http://www.integralscience.org/materialism/materialism.html

26- http://www.integralscience.org/materialism/materialism.html

27- http://www.integralscience.org/materialism/materialism.html

28- Paul Davies and John Gribbin, *The Matter Myth "Dramatic Discoveries That Challenge Our Understanding of Physical Reality"*, Touchstone books, 1992, s. 14
29- Fred Alan Wolf, *Mind into matter "A New Alchemy of Science and Spirit"*, 2001, Moment Point Press, s. 6-7
30- Stephen M. Barr, Retelling the Story of Science, http://www.firstthings.com/ftissues/ft0303/articles/barr.html
31- http://science.howstuffworks.com/light2.htm
32- Richard L. Gregory, *Eye and Brain "the Psychology of Seeing"*, 5. baskı, Princeton Science Library, 5. baskı, 1997, s. 20
33- Fred Alan Wolf, *Mind into matter "A New Alchemy of Science and Spirit"*, 2001, Moment Point Press, s. 136
34- Fred Alan Wolf, *Mind into matter "A New Alchemy of Science and Spirit"*, 2001, Moment Point Press, s. 137
35- M. Ali Yaz, Sait Aksoy, *Fizik 3*, Sürat Yayınları, İstanbul, 1997, s. 3
36- http://hhmi.org/senses/b140.html
37- Peter Russell, The Primacy of Consciousness, http://www.peterussell.com/SP/PrimConsc.html
38- Richard L. Gregory, *Eye and Brain "the Psychology of Seeing"*, 5. baskı, Princeton Science Library, 5. baskı, 1997, s. 84
39- Daniel C Dennett, Brainchildren, Essays on Designing Minds, The MIT Press, Cambridge, 1998, s. 142
40- Daniel C Dennett, Brainchildren, Essays on Designing Minds, s. 142
41- George Politzer, *Felsefenin Başlangıç İlkeleri*, Sosyal Yayınları, Çev: Enver Aytekin, İstanbul: 1976, s.40
42- Natasha Mitchell, *Is the Visual World a Grand Illusion?*, Radyo Programı, 18 Ocak 2004, http://www.abc.net.au/rn/science/mind/s996555.htm
43- Peter Russell, *From Science to God "A physicist's Journey into the Mystery of Consciousness"*, New World Library, 2002, s. 47
44- Rita Carter, *Mapping The Mind*, University of California Press, London, 1999, s. 107
45- Jeffrey M. Schwartz, Sharon Begley, *The Mind and The Brain "Neuroplasticity and the Power of Mental Force"*, Regan Books, 2003, s. 26-27
46- Peter Russell, The Primacy of Consciousness, http://www.peterussell.com/SP/PrimConsc.html
47- Karl Pribram, David Bohm, Marilyn Ferguson, Fritjof Capra, *Holografik Evren I*, Çev: Ali Çakıroğlu, Kuraldışı Yayınları, İstanbul: 1996, s. 37
48- Craig Hamilton, *What is Enlightenment?*, sayı 29, Haziran-Ağustos 2005, s. 70
49- Peter Russell, The Primacy of Consciousness, http://www.peterussell.com/SP/PrimConsc.html
50- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain*, William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 66
51- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain*, William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 66-67
52- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain*, William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 70, 72
53- Richard L. Gregory, *Eye and Brain "the Psychology of Seeing"*, 5. baskı, Princeton Science Library, 5. baskı, 1997, s. 5

54- Antonio Damasio, *The Feelings of What Happens "Body Emotion and the Making of Consciousness"*, Vintage Books, 2000, s. 9
55- Susan Blackmore, *Consciousness "A Very Short Introduction"*, Oxford, 2005, s. 64
56- Peter Russell, *From Science to God "A physicist's Journey into the Mystery of Consciousness"*, New World Library, 2002, s. 42
57- Michael I. Posner, Marcus E .Raichle, *Images of Mind*, Scientific American Library, New York 1999, s. 88
58- Peter Russell, From Science to God "A physicist's Journey into the Mystery of Consciousness", New World Library, 2002, s. 50
59- http://www.peterussell.com/SP/PrimConsc.html - Peter Russell, The Primary of Consciousness
60- George Berkeley, A Treatise Concerning the Principles of Human Knowledge, 1710, Works of George Berkeley, vol. I, ed. A. Fraser, Oxford, 1871
61- Peter Russell, The Primacy of Consciousness, http://www.peterussell.com/SP/PrimConsc.html
62- What The Bleep Do We Know, Belgesel film, yönetmen: William Arntz, Betsy Chasse
63- Bertrand Russell, *Rölativitenin Alfabesi*, Onur Yayınları, 1974, s. 161-162
64- J. R. Minkel, "The Hollow Universe", *New Scientist*, 27 Nisan 2002, sayı 2340, s. 22
65- George Politzer, *Felsefenin Başlangıç İlkeleri*, Sosyal Yayınları, Çev: Enver Aytekin, İstanbul: 1976, s. 38-39-44
66- Natasha Mitchell, Is the Visual World a Grand Illusion?, Radyo Programı, 18 Ocak 2004, http://www.abc.net.au/rn/science/mind/s996555.htm
67- Susan Blackmore, *Consciousness "A Very Short Introduction"*, Oxford, 2005, s. 13-14
68- What the Bleep Do We Know?, Belgesel film, yönetmen: William Arntz, Betsy Chasse
69- What the Bleep Do We Know?, Belgesel film, yönetmen: William Arntz, Betsy Chasse
70- What the Bleep Do We Know?, Belgesel film, yönetmen: William Arntz, Betsy Chasse
71- Geoff Haselhurst, Introduction to Metaphysics / Principles http://www.spaceandmotion.com/metaphysics.htm
72- http://www.peterussell.com/Reality/realityart.html
73- Fred Alan Wolf, *Mind into matter "A New Alchemy of Science and Spirit"*, 2001, Moment Point Press, s. 15-16
74- Peter Russell, *From Science to God "A physicist's Journey into the Mystery of Consciousness"*, New World Library, 2002, s. 42
75-http://www.cevaplar.org/index.php?khide=visible&sec=1&sec1=22&yazi_id=3828
76- Natasha Mitchell, Is the Visual World a Grand Illusion?, Radyo Programı, 18 Ocak 2004, http://www.abc.net.au/rn/science/mind/s996555.htm
77- Reality Versus Imagination and Illusion, Remez Sasson, http://www.successconsciousness.com/index_000014.htm
78- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain*, William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 94
79- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain*, William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 103
80- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain*, William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 103

81- V. S. Ramachandran, *A Brief Tour of Human Consciousness,* 2004, PI Publishing, s. 26
82- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain,* William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 72
83- http://www.bbc.co.uk/radio4/reith2003/lecture1.shtml
84- V. S. Ramachandran, *A Brief Tour of Human Consciousness,* PI Publishing, 2004, s. 2-3
85- Jeffrey M. Schwartz, Sharon Begley, *The Mind and The Brain "Neuroplasticity and the Power of Mental Force",* Regan Books, 2003, s. 103-104
86- Jeffrey M. Schwartz, Sharon Begley, *The Mind and The Brain "Neuroplasticity and the Power of Mental Force",* Regan Books, 2003, s. 103-104
87- Jeffrey M. Schwartz, Sharon Begley, *The Mind and The Brain "Neuroplasticity and the Power of Mental Force",* Regan Books, 2003, s. 110-111
88- Craig Hamilton, *What is Enlightenment?,* sayı 29, Haziran-Ağustos 2005, s. 79
89- Jeffrey M. Schwartz, Sharon Begley, *The Mind and The Brain "Neuroplasticity and the Power of Mental Force",* Regan Books, 2003, s. 105
90- Diane Ackerman, *An Alchemy Of Mind "The Marvel and Mystery of Mind",* Scribner Books, 2005, s. 37-38
91- Diane Ackerman, *An Alchemy Of Mind "The Marvel and Mystery of Mind",* Scribner Books, 2005, s. 41
92- Gerald M. Edelman ve Giulio Tontoni, *A Universe of Consciousness "How Matter Becomes Imagination",* Basic Books, 2000, s. 38
93- Gerald M. Edelman ve Giulio Tontoni, *A Universe of Consciousness "How Matter Becomes Imagination",* Basic Books, 2000, s. 47
94- MSNBC, "Beyin Bilgisayarlara Ders Öğretiyor" başlığıyla verilen 6 Ağustos 2002 tarihli haber
95- Gerald M. Edelman ve Giulio Tontoni, *A Universe of Consciousness "How Matter Becomes Imagination",* Basic Books, 2000, s. 47-48
96- V. S. Ramachandran, *A Brief Tour of Human Consciousness,* 2004, PI Publishing, s. 3
97- What the Bleep Do We Know?, Belgesel film, yönetmen: William Arntz, Betsy Chasse
98- Robert Lawrence Kuhn, *Closer To Truth "Challenging Current Belief",* McGraw-Hill, 2000, s. 35
99-http://www.age-of-the-sage.org/philosophy/huxley_darwins_bulldog.html, http://www.pbs.org/wgbh/evolution/library/02/2/l_022_09.html
100- Steven Pinker, *How The Mind Works,* Norton Publishing, 1999, s. 132
101-http://www.firstthings.com/ftissues/ft0303/articles/barr.html
102- Peter Russell, The Spirit of Now, http://www.peterussell.com/Reality/realityart.html
103- Peter Russell, The Spirit of Now, http://www.peterussell.com/Reality/realityart.html
104- Diane Ackerman, *An Alchemy Of Mind "The Marvel and Mystery of Mind",* Scribner Books, 2005, s. 5
105- Peter Russell, The Primacy of Consciousness, http://www.peterussell.com/SP/PrimConsc.html
106- Jeffrey M. Schwartz, Sharon Begley, *The Mind and The Brain "Neuroplasticity and the Power of Mental Force",* Regan Books, 2003, s. 28
107- What the Bleep Do We Know?, Belgesel film, yönetmen: William Arntz, Betsy Chasse
108- http://www.spiritsite.com/writing/kattar/part6.shtml
109- Fred Alan Wolf, *The Spiritual Universe "One Physicist's Vision of Spirit, Soul, Matter and Self",* Moment Point Press, 1999, s. 9
110- Robert Lawrence Kuhn, *Closer To Truth "Challenging Current Belief",* McGraw-Hill, 2000, s. 58

111- Craig Hamilton, *What is Enlightenment?,* sayı 29, Haziran-Ağustos 2005, s. 64

112- http://www.kurtuluscephesi.com/sozluk/politzer10.html

113- Erwin Schrödinger, *Yaşam Nedir?,* Bilim Dizisi 13, Evrim Yayınları, 1999, s. 154

114- Erwin Schrödinger, *Yaşam Nedir?,* Bilim Dizisi 13, Evrim Yayınları, 1999, s. 150

115- Peter Russell, *From Science to God "A physicist's Journey into the Mystery of Consciousness",* New World Library, 2002, s. 96

116- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain,* William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 189

117- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain,* William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 190

118- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain,* William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 190

119- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain,* William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 191

120- Charles Darwin, İnsanın Türeyişi, Onur Yayınları, Nisan 1995, s. 85

121- V.S. Ramachandran, M.D., Ph.D. ve Sandra Blakeslee, *Phantoms in the Brain,* William Morrow and Company, Inc., New York, 1998, s. 191

122- Gerald M. Edelman ve Giulio Tontoni, *A Universe of Consciousness "How Matter Becomes Imagination",* Basic Books, 2000, s. 81

123- John Peet, The True History of Mankind, www, pages.org/uk/org/bcs

124- Henry Gee, *In Search Of Deep Time: Beyond The Fossil Record To A New Hıstory Of Life,* The Free Press, A Division of Simon & Schuster, Inc., 1999, s. 5

125- Phillip E. Johnson, *Reason in the Balance: The Case Against Naturalism in Science, Law & Education,* Downers Grove, Illinois: InterVarsity Press, 1995, s. 62

126- Robert Jastrow, "Evolution: Selection for Perfection," *Science Digest,* Aralık 1981, s. 87

127- Peter Russell, *From Science to God "A physicist's Journey into the Mystery of Consciousness",* New World Library, 2002, s. 26

128- J. Hawkes, Nine Tantalizing Mysteries of Nature, *New York Times Magazine,* 1957, s. 33

129- Tim Folger, "Buradan Sonsuzluğa", *Discover,* Aralık 2000, s. 54

130- BBC World, Uzay ve Zaman: Zamanın Akışı Belgeseli, 21 Mayıs 2005

131- François Jacob, *Mümkünlerin Oyunu,* Kesit Yayınları, 1996, s. 111

132- Lincoln Barnett, *Evren ve Einstein,* Varlık Yayınları, 1980, s. 52-53

133- Lincoln Barnett, *Evren ve Einstein,* Varlık Yayınları, 1980, s. 17

134- Lincoln Barnett, *Evren ve Einstein,* Varlık Yayınları, 1980, s. 58

135- Paul Strathern, *Einstein ve Görelilik Kuramı,* Gendaş Yayınları, 1997, s. 57

136- http://www.fortunecity.com/emachines/e11/86/flowtime.html#

137- http://www.fortunecity.com/emachines/e11/86/flowtime.html#

138- http://www.fortunecity.com/emachines/e11/86/flowtime.html#

139- http://www.fortunecity.com/emachines/e11/86/flowtime.html#

140- Peter Russell, *From Science to God "A physicist's Journey into the Mystery of Consciousness",* New World Library, 2002, s. 61

141- Fred Alan Wolf, *Mind into matter "A New Alchemy of Science and Spirit"*, Moment Point Press, 2001, s. 104
142- Peter Russell, The Primacy of Consciousness, http://www.peterussell.com/SP/PrimConsc.html
143- Peter Russell, Mathematics and Reality, http://www.peterussell.com/Reality/realityart.html
144- Peter Russell, The Primacy of Consciousness, http://www.peterussell.com/SP/PrimConsc.html
145- http://www.fortunecity.com/emachines/e11/86/flowtime.html#
146- http://www.fortunecity.com/emachines/e11/86/flowtime.html#
147- Fred Alan Wolf, *Mind into matter "A New Alchemy of Science and Spirit"*, Moment Point Press, 2001, s. 112
148- http://www.fortunecity.com/emachines/e11/86/flowtime.html#
149. Sidney Fox, Klaus Dose, *Molecular Evolution and The Origin of Life,* New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2
150. Alexander I. Oparin, *Origin of Life,* (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Yeni basım), s.196
151. "New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", *Bulletin of the American Meteorological Society,* c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330
152. Stanley Miller, *Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules,* 1986, s. 7
153. Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40
154 Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, *Scientific American*, c. 271, Ekim 1994, s. 78
155. Charles Darwin, *The Origin of Species*: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189
156. Charles Darwin, *The Origin of Species*: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184
157. B. G. Ranganathan, *Origins?,* Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988.
158. Charles Darwin, *The Origin of Species*: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179
159. Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133
160. Douglas J. Futuyma, *Science on Trial,* New York: Pantheon Books, 1983. s. 197
161. Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", *Nature,* c. 258, s. 389
162. J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", *Scientific American*, Aralık 1992
163. Alan Walker, *Science*, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272
164. *Time*, Kasım 1996
165. S. J. Gould, *Natural History,* c. 85, 1976, s. 30
166.. Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19
167. Richard Lewontin, *"The Demon-Haunted World*", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28
168. Malcolm Muggeridge, *The End of Christendom*, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s. 43